Альфа жана Омега

# МЫЙЗАМДЫ КАЙТАЛОО

14 сабак



Реджеп жана Лейла Айдын

*Альфа жана Омега*

# МЫЙЗАМДЫ КАЙТАЛОО

## 14 сабак



Реджеп жана Лейла Айдын

KITABI-KNIGI.COM

Үй-бүлөңүз үчүн электрондук китептер!
Тиркемени жүктөп, китептерди өзүңүздүн тилиңизде окуңуз.

KITABI-KNIGI.COM

Copyright © 2025 by Alpha and Omega. All rights reserved.
*alphaomegasilkroad@gmail.com*

Copyright © 2025 for Kyrgyz edition.
Translated by permission. All rights reserved.

Бардык сүрөттөрдү Джим тарткан.
Illustrations copyright © 2025 by Jim. All rights reserved.

Кыргыз тилиндеги БИБЛИЯ. Кайра иштелип, экинчи басылышы 2004.
Электрондук версия: 2.0. Copyright © 2004 Боорукерликтин өкүлдүгү «ҮМҮТ НУРУ».

# Мыйзамды кайталоо китебин эмнеге окуу керек?

Мыйзамды кайталоо китебинде Байыркы Келишимдин негизин түзгөн окутуу камтылган.

Бул китептин Байыркы Келишимдеги бардык пайгамбарларга (айрыкча Жеремия), Ысрайыл падышаларына (мисалы, Экинчи Падышалар 22:8), Забурга жана Насаатчы китебине тийгизген таасирин көрөбүз.

Ыйса Машайак Мыйзамды кайталоо китебиндеги сөздөрдү Байыркы Келишимдеги башка китептерге караганда көбүрөөк колдонгон (мисалы, Матай 4:1–11; 5:33; 19:18–19).

Бул китептен көптөгөн аяттар жана шилтемелер келтирилген.

Мыйзам кайталоо китебиндеги кат Байыркы Келишимдеги ысрайылдыктарга гана эмес, бүгүнкү күндө баарыбыз үчүн арналган. Аны изилдөө менен биз кереметтуу Кудайыбыздын Ким экенин жана Ал биз үчүн эмне кылганын теренирээк түшүнөбүз.

Мына ушул сонун китеп менен таанышууга 14 сабак жардам берет!

Эгер сиз «Альфа жана Омега,» «Ыйык Китепти барактап чыгуу» курсун окуй элекболсоңуз, анда алгач бул курсту үйрөнүүдөн мурун, окуп чыгуу пайдалуу болот.

Ар бир курс силер жооп бере турган, көптөгөн суроолордон турат. Ар бир суроодон кийин, кашаанын ичиндеги номери сабактын ылдый жагындагы жооптун номерин көрсөтөт. Жоопту кароодон мурун суроого жооп берүүгө аракет кылыңыз!

Ар бир сабакта Ыйык Жазуунун башка китептеринен аяттарга шилтемелер бар. Эгерде алар **кара тамгалар** менен белгиленип турса, аларды таап окуу маанилүү. Эгер алар **кара тамга** менен белгиленген эмес болсо, анда убактыңыз болгондо аларды таап окусаныз болот.

«Кошумча» бөлүктө бул китеп жөнүндө көбүрөөк билүүнү каалагандарга арналган. Аны сабактын бир бөлүгү катары үйрөнсө болот, же үй тапшырма катары колдонсо болот.

Бул сонун Китепти изилдеп, башкалар менен бөлүшүүдөн кубаныч алсаңыз экен деп сыйынам!

Мыйзамды кайталоо Сабак 1:

# Пайгамбар жана убада



## Киришуу

### Жалпы маалымат

Мыйзамды кайталоо китебинде, Кудай Өзүнүн кызматчысы, Муса аркылуу Өз элине айткан баалуу сөздөру бар. Муса бул сөздөрдү Кудай убада кылган жерде — Канаан жерине кирердин алдында айткан.




Мыйзамды кайталоо китебинин тарыхын Башталыш, Чыгуу жана Сандар китептеринен таба аласыз.

Бул билдирүүлөрдү окуп чыгыңыз жана алардын бардыгын, карабай туруп кайталай аласызбы?

- Кудай баарын жакшы кылып жараткан: дүйнөнү, алгачкы эки адамды-Адам ата менен Обо энени.
- Алар Кудайга баш ийүүнүн ордуна, шайтанга азгырылып Кудайга баш ийбөөгө азгырылган.

- Ушул себептен, алар Кудайдын жүзүнөн куулушкан. Ошентип, алар Кудайдын баталарынан гана эмес түбөлүк жашоодон ажырашкан.

- Көп жылдардан кийин Кудай Канаандын чыгыш тарабында жашаган, картайып калган жерсиз, баласыз Ыбрайымга буларды убада кылган:
  - ал улуу элдин атасы болот,
  - анын урпактары Канаан жеринде жашашат,
  - ал аркылуу бардык адамдар бата алышат!

- Ыбрайымдын урпактары катуу ачарчылыктан качып, Мисирге көчүп кетишкен. Бирок Кудай аларга Убада кылган жер, бул жер эмес болчу.

- Ошентип Кудай аларды кулчулуктан алып чыгуу үчүн Мусаны чакырды. Бул куткарылуу Байыркы Келишимдеги Кудайдын эли үчүн эң маанилүү окуя. Биз аны **Чыгуу** деп атайбыз.

Бул окуялар жөнүндө Башталыш китебинен жана Чыгуу китебинен 1-бөлүмдөн 19-бөлүмгө чейинки окуй аласыз. Эми, Мыйзамды кайталоо китебинде, акыры Кудай Өз элине Убада кылган жерге алып келмекчи!

## 1. Келишим

Мыйзамды кайталоо китеби, ошол мезгилде падышалар басып алган жердеги элдер менен түзгөн байыркы келишимдерге окшош. Бул келишимдер жалпысынан беш негизги бөлүктөн турган:

1. Тарыхий киришуу (Мыйз. 1:1–4:49).

2. Келишимдин жалпы талабы (Мыйз. 5–11 бөл).

3. Жеңилген эл эмне кылышы керектиги жөнүндө, так көрсөтмөлөр (Мыйз. 12–26 бөл).

4. Бата жана каргыш (Мыйз. 27–28 бөл).

5. Күбөлөр (Мыйз. 30:19; 31:19; 32 бөл).

Ошентип, Мыйзамды кайталоо китеби Кудайдын Өз эли менен түзгөн келишимине окшош. Ал алардын жаңы Падышасы (Мыйз. 33:5). Бул китепте Кудайдын эли, Падышанын алардан эмнени күтөөрүн билишет.

## 2. География

Биринчи үч бөлүмдө Кудайдын элинин саякаты, көп аяттарда айтылган. Бул бизге чындыгында болгон окуялар жөнүндө окуп жатканыбызды көрсөтөт. Бул аяттар кайсы жерде жазылганын билуу маанилуу эмес, бизге бул аяттар эмнени үйрөтүп жатат ошону түшүнүү маанилуу.

Биз курстуу баштоого даярбыз!

# Пайгамбар жана Убада

Биринчи сабакты карайбыз:

- Байыркы Келишимдеги Кудайдын Убадасы жана эн маанилуу пайгамбар.

- Жаңы Келишимдеги эң маанилүү пайгамбар жана Кудайдын убадасы.

Ошентип, Байыркы келишимден баштайбыз.

## Байыркы Келишимдеги Кудайдын эң маанилүү пайгамбары-Муса

**Мыйзамды кайталоо 1:1–5** окунуз.

Бул жерде биз Мусанын мүнөзүнөн үч өзгөчөлүгүн байкайбыз.

### 1. Кудайга таянган

Муса өзү жөнүндө эмне дейт **Чыгуу 4:10**? [1]

Кудай эмне деп айткан **Чыгуу 4:11–12**? [2]

Бул китепте, биз натыйжаларды көрө алабыз! Кудай Мусаны Кудайдын сөзүн үйрөтүп, так түшүндүрө алган ишенимдүү чечен кылды. Мусанын алсыздыгына карабастан, Кудай аны Өз элин кулчулуктан алып чыгып, Убадаланган Жерде жашоого даярдоо үчүн кеңири колдонду Бирок Муса Кудайга канчалык көз каранды экенин эч качан унуткан эмес (Мыйз. 34:10).

### 2. Жакшы мугалим

1-аятта Муса ким менен сүйлөшкөн? [3]

Муса бул сөздөр менен анын жетекчилерине эле эмес, **бардык** Ысрайыл элине кайрылды. Бул сөздөр бардыгы үчүн! Ошо сыяктуу эле, мыйзам китеби жетекчилер үчүн гана эмес, бардык ишенгендер үйрөнүшү керек болгон негизги китеп.

3 аятта Мусанын окутуулары кайдан келгендиги жөнүндө эмнени билебиз? [4]

Ыйык Жазуунун бардык китептери сыяктуу эле, бул адамдын үнү, бирок ошол эле учурда бул сөздөр Кудайдан келген.

5 аятта Муса эмне кылган? [5]

Кудайдын эли Кудайдын сөздөрүн жакшы түшүнүшү үчүн, Муса адамдарга Кудайдын сөздөрүн айтып гана тим болбостон, аларды түшүндүрүп берген жакшы мугалим болгон.

### 3. Кудайдын Падышалыгын жарыялаган ишенимдүү жарчы

Кудайдын пайгамбары катары, Мусанын милдети Кудайдын элин аларды куткарган Падышасына баш ийүүгө чакыруу болгон (Мыйз. 33:5). Тил алчаактык-Мыйзамды кайталоо китебинин маанилүү темасы. Эми алар Кудайга таандык. Ошондуктан, алардын Ага баш ийүүсү абдан маанилүү болчу!




Мыйзамды кайталоо 1:1 учурунда Ысрайыл эли кайсы жерде болгон? [6]

Бул жерди жогоруда көрсөтүлгөн картадан табыныз.

Мисирден чыккандан кийин, Муса бул сөздөрдү канча жылдан кийин айткан (3-аят)? [7]

Синай тоосунан Кадеш Барнейа шаарына чейинки жол, канча убакытты алган (2-аят)? [8]

Ошентип, 11 күндүк жол 40 жылга созулду! Тил албастыктын баасы ушундай. Тил албастыгы үчүн ысрайылдыктар 40 жыл чөлдө тентип жүрүүгө аргасыз болушту.

**Мыйзамды кайталоо 30:16** окунуз. Кудайдын сөзү боюнча, эгерде Анын эли Ага баш ийсе, натыйжасы кандай болмок? [9]

**Мыйзамды кайталоо 30:17–18** окунуз. Кудайдын сөзү боюнча, эгерде Анын эли Ага баш ийбесе, анда кандай натыйжа болмок? [10]

Бүт Байыркы Келишим-бул өзгөчө тарых! Байыркы Келишимде биз муну окуйбуз:
- Кудайдын эли дайыма Ага баш **ийбей келгенин**.
- Кудай Өз элин Өзүнө кайтаруу үчүн тынымсыз иштеп келгенин.

Кудай ушунчалык боорукер, ырайымдуу жана өзгөчө! Бул жөнүндө Мыйзамды кайталоо китебинде Муса Кудай элине көп жолу эскертет.

Кудайдын эли, Өз Падышасына баш ийиши жана Кудайдын Падышалыгында ишенимдүү эли болушу керектигин, Муса чын жүрөктөн жарыялаган.

## Кудайдын эң маанилүү Убадасы-Убада кылынган жер

**Мыйзамды кайталоо 1:6–8** окунуз.




Төмөндөгу жерлерди картадан издеп табыныз:

Синай Тоосу
Аморрей тоолору
Иордан өрөөнү
Батыш тоо этектери
Негев
Ливан
Эфрат дарыясы

Мусадан 500 жыл мурун Кудай Ыбрайымдын урпактарына Канаан жерин берүүнү убада кылган (Башталыш 15:18–21). Кудай эми бул жерди Өз элине берүүгө даяр.

Мыйзамды кайталоо 1:6да Муса Кудай Синай тоосунда Өз эли менен жолуккан учурду эстейт. Муса бул китептеги сөздөрдү айткандан кырк жыл мурун болгон.

Кырк жыл мурун Кудай аларга эмне кылууну айткан (7-аят)? [11]

Кырк жыл мурун Кудай элге Убада кылынган жерге кирүүнү буйруган. Бирок кийинки сабакта окуганыбыздай, алар баруудан баш тартышты! Кудай аларга керемет жерди убада кылган, бирок ага карабастан Анын эли ошол убакта баргысы келген эмес.

# Жаны Келишим

Буга чейинки сабакта төмөнкүлөрдү карадык:

- Байыркы Келишимдеги эң маанилүү **пайгамбар** — Муса. Мусанын тапшырмасы элди Кудайга, Падышасына баш ийүүгө чакыруу болгон.

- Байыркы Келишимдеги эң маанилүү **убада** — Убада Кылынган Жер. Бул убаданы Кудайдын эли Ага баш ийгенде гана ала алмак.

Келгиле, эң маанилүү пайгамбарды жана Жаңы Келишимдеги эң маанилүү убаданы карап көрөлү.

## Жаңы Келишимдеги эң маанилүү пайгамбар

**Эврей 1:1–2** окугула. Жаңы Келишимдеги эң маанилүү пайгамбар ким? [12]

Мусага окшоп, Ал Кудайдын Пайгамбары болгон (Марк 6:4):
- Ал Асмандагы Атасы үйрөткөн сөздөрдү айткан (Жакан 8:28),
- абдан жакшы Мугалим болгон (Матай 7:28),
- Кудайдын Падышачылыгын жарыялаган (Лука 8:1).

Мусанын божомолу боюнча Кудай жибере турган өзгөчө пайгамбар — Ыйса болгон:

«*Кудай-Теңириң сенин элиңден, сенин бир туугандарыңдын ичинен мендей пайгамбар чыгарат. Ошону уккула*» (Мыйз. 18:15).

Элүүнчү күнүндөгү насаатында элчи Петир: «*Кудай-Теңириңер силерге бир туугандарыңардын ичинен мен сыяктуу бир Пайгамбарды чыгарат*», деп айткан (Элчилер 3:20–22).

Жакандын Жакшы Кабарында Ыйса ага ишенбегендерге: «*Эгерде Мусага ишенсеңер, Мага да ишенмексиңер, анткени ал Мен жөнүндө жазып кеткен*», — деп айткан (Жакан 5:46).

Муса аркылуу Кудай Өз элине абдан маанилүү Бирөө келе жатканын билдирген. Бул Байыркы Келишимде бизди эң маанилүү пайгамбар Ыйса Машайактын келишине даярдаганынын бир гана мисалы.

## Жаңы Келишимдеги эң маанилүү убада

**1 Жакан 2:25** окунуз. Жаңы келишимде Кудайдын бизге берген эң маанилүү убадасы кайсы? [13]

Кудай бизге түбөлүк Убада кылган жеринде, Жаңы Иерусалимде үй убада кылат!

**Жакан 1:12** окунуз. Кудайдын Түбөлүк өмүр убадасын алуу үчүн, эмне кылышыбыз керек? [14]

Ыйса аркылуу гана биз Асмандагы Атага келе алабыз (Жакан 14:6).

Бирок биз аны кабыл алмайынча белеке ээ боло албайбыз, Кудайдын кереметтүү сунушун четке каккан Ысрайылдыктардай болбошубуз керек.

Байыркы Келишимде Кудай Өзүнүн элине, Убада кылынган жердин четине алып баруу үчүн Мусаны колдонгон, андан кийин Муса өлгөн. Кудайдын элин, убада кылган жерге башка башкаруучулар алып

барышты жана башкарышты. Бирок, Жаңы Келишимде бизди түбөлүк Убада Кылган жерге Ыйса алып барат, жана бизди түбөлүк башкарат! (Жакан 14:1–6). Мусадан жана убада кылынган жерден айырмаланып, Ыйса Убадалаган түбөлүк өмүр убадасынан ажырагыс!

Ысрайылдыктарга окшоп, Биз убада кылынган жерге бара жатабыз! Бирок, Ысрайылдыктардан айырмаланып, биз бара жаткан жер — бул түбөлүк жашай турган кемчиликсиз жер! (Аян. 21:1–4)

Түбөлүк убада кылынган жерге болгон саякатыбыз, ысрайылдыктардын убада кылынган жерге болгон сапарынан эмнеси менен айырмаланат? [15]

## *Кошумча:* Эмне үчүн Кудайдын эли Убадаланган жерге кирүүнү мынчалык көпкө күтүүлөрү керек болду?

1. Жусуптун убагында Мисирге келгенде, Кудайдын кишилеринин саны канча (Ыбрайымдын урпактары) болгон (**Башт. 46:27**)? [16]

   Бул адамдардын саны бүт өлкөнү толтурууга жетишсиз болчу!

   Мисирден чыкканда Кудайдын канча адамы (Ыбрайымдын урпактары) болгон (**Сан. 1:46**)? [17]

   Эгер аялдар менен балдарды кошкондо, болжол менен 2 миллион адам болушу мүмкүн! Эми алар Убада кылынган жерде жашоого саны жетиштүү.

2. Эмне үчүн аморлуктар Канаан жерин жоготушкан (**Башт. 15:16**)? [18]

   Кудай бул жердин тургундарына таң калыштуу чыдамдуу болгон. Ал аларга тообо кылууга жана жашоосун өзгөртүүгө көп убакыт берди. Алар чындап мыйзамсыздыктын чегине жеткенде гана, Ал аларды жок кылды.

## Чакырык

Муса биз үчүн жакшы үлгү! Ал жакшы сүйлөй албайм деди, бирок мыкты мугалим болду. Албетте, Биздин сөздөр Ыйык Китептин бөлүгү болуп калбайт. Кудайдын сөзү так жана аны толуктоо мүмкүн эмес. Бирок адамдар Кудайдын айтканын угушу керек. Адамдарга Жакшы Кабарды айтуу үчүн биз жакшы сүйлөй алышыбыз керек эмес.

Жаңы Келишимдеги Элчи Пабыл кучтуу эмес болчу! Ал Корунттуктарга: *«Мен силердин араңарда алсыз болуп, калтырап коркуп жүрдүм. Силердин ишенимиңер адамдык акылмандыкка эмес, Кудайдын күчүнө негизделиши үчүн»* (1 Кор. 2:3–4).

Кийинчерек ал мындай деп жазган: *«Ошондуктан Машайак үчүн алсыз болгонума, кордук көргөнүмө, муктаж болгонума, куугунтукталганыма жана кысымчылыкты башымдан өткөргөнүмө ыраазымын. Анткени мен алсыз болгондо күчтүүмүн»* (2 Корунттуктар 12:10).

Муса жана Элчи Пабылдын мисалдары бизди шыктандырсын!

Биздин тапшырма:

- **Кудайга таянуу.** Ыйык Рух туугандарыбызга жана досторубузга чындыкты ачып бериши үчүн сыйынышыбыз керек.
- **Жакшы окутуучу болуу.** Биз аларга Кудай Ыйса Машайакта Өзүн кантип көрсөткөнүн айтышыбыз керек.
- **Кудайдын Падышалыгын Жарыялоо.** Алар да Кудайдын Падышалыгынын жакшы жарандары болушу үчүн, биз аларга Ыйык Китепти окууну, Ага баш ийүүнү жана сүйүүгө жардам беришибиз керек.

Адамдарга биздин керемет Кудайыбыз жөнүндө Жакшы Кабарды бөлүшүүгө, окутууга жөндөмдүүлүк берсин!

Кантип Муса менен элчи Пабыл биз үчүн үлгү боло алат? [19]

Бул сабактарды кимге үйрөтө аласыз?

## Бул сабакта Кудай сизге эмнени сүйлөдү?

## Бүгүн бул сабакты ким менен бөлүшө аласыз?

# Үй тапшырма

Кийинки сабака чейин **Мыйзамды кайталоо 1:6–3:11** окунуз.

# Жооптор

1 – Ал жай сүйлөп, тили кекеч экенин айтты.
2 – Мен сага сүйлөөгө жардам берип, эмне айтууну үйрөтөм.
3 – Муса бүт Ысрайылга айткан.
4 – Мусанын окутуулары Теңирден келген.
5 – Муса Кудайдын мыйзамын айткан.
6 – Иордан дарыясынын чыгыш тарабындагы чөлдө.
7 – Мисирден чыкканына кырк жыл болгондон кийин.
8 – Адатта саякат он бир күнгө созулган.
9 – Кудай аларга убада кылган жерде жашаарын, көбөйөрүн жана аларга батасын берээрин убада кылган.
10 – Кудай аларды жок кылаарын жана Убадаланган жерде көпкө жашабай турганын айтат.
11 – Убада кылынган жерди барып ээлегиле.
12 – Кудайдын Уулу, Ыйса Машайак.
13 – Кудай бизге түбөлүк өмүр берүүнү убада кылган.
14 – Биз Ыйса Машайакты кабыл алып, Анын ысымына ишенишибиз керек.
15 – Ыйса бизди ошол жерге алып барат жана түбөлүккө биз менен болот! Мындан тышкары, биз бара жаткан Убада Кылынган Жер кемчиликсиз жана түбөлүктүү болот.
16 – Жетимиш киши.
17 – 600 000ден ашык эркек болгон.
18 – Алар Канаан жерин жоготушту, анткени алар өтө мыйзамсыз иштерди калышты.
19 – Алар адамдарга Кудай жөнүндө айтуудан коркушкан. Бирок Кудай аларды улуу окутуучулар кылды.

Мыйзамды кайталоо Сабак 2:

# Жетекчилер жана жолдоочулар



Биз сабакта, бул жөнүндө ой жүгүртөбүз

- кантип жакшы жетекчи болуш керек
- кантип жакшы жолдоочу болуш керек
- биз баш ийүүнү үйрөнгөндө кандай болот.

## Жетекчилер

**Мыйзамды кайталоо 1:9–18** окунуз.

Мусанын кандай көйгөйү болгон жана ал эмне кылган (10–15-аят.)? [1]

Биз бул жерде жетекчилердин үч түрү жөнүндө окуйбуз:

> **Аскер башчы** (15-аят): кучтуу жоокерлер, ошондой эле белгилүү бир жумуштарды аткарган адамдардын ар кандай топторун башкарган адамдар болгон.
>
> **Уруу башчылар** (15-аят): сындан өткөн, белгилүү адамдар уруунун коопсуздугун сактаган жана тартибин көзөмөлдөгөн адамдар.
>
> **Башкаруучулар** (16-аят): элдер арасында кылмыш жасагандарды адилет сот жүргүзүүгө даярдалгандар.

5-бөлүмдө, ошондой эле кийинки бөлүмдөрдө Муса Кудайдын мыйзамдарын элге эскертет. Кудай аларга бул мыйзамдарды Синай тоосунда 40 жыл мурун берген. Акылдуулук менен **жетектөө жана адилет сот жүргүзүүгө**, жетекчилер бул мыйзамдарды изилдеп, сакташы керек болчу. Алар жакырларга жана коргоосуз адамдарга кам көрүшү керек (Мыйз. 15:7; 24:14). Алар пара албашы керек, туура эмес өкүм чыгарышын каалаган таасирдүү адамдардан коркпошу керек (Мыйз. 16:19).

Өз ишин туура аткаруу үчүн **жетекчилер, аксакалдар жана соттор** эмне кылышы керек эле? [2]

# Жолдоочулары

**Мыйзамды кайталоо 1:19–28** окунуз.




Эл кайда келди жана алар кайда барышы керек эле (19–21-аяттар)? [3]

22–28-аяттарда эмне болгон? [4]

Кандай көйгөй болгон (28-аят)? [5]

**Мыйзамды кайталоо 1:29–46** окунуз.

Муса ысрайылдыктарга эмне деп айткан (29–30-аяттар)? [6]

Кудай ысрайылдыктарга кам көрөт деп айтканда, Муса Кудайды кимге салыштырат (31-аят)? [7]

Ысрайылдыктар Кудайга ишене аларын билишкен. Ал Мисирден чыккандан бери чөлдөгү бул эки миллион адамга кам көрдү!

Ошентсе да эл буга кандай жооп кайтарган 32 аят? [8]

Бул таңкалыштуу! Кудай Өзүнүн эли үчүн ушунчалык көп нерсе жасады: аларды керемет жолу менен коркунучтуу кулчулуктан куткарды, керемет жолу менен жетектеди. Ал аларды чөлдө керемет жолу менен тамактандырган. Бирок алар Ага ишенүүдөн баш тартышты! Тескерисинче, алар коркунучтан баш ийбөөнү чечишти.

Кудай аларга эмне деди (35–38-аяттар)? [9]

Эгер адамдар бир жолу Кудайга баш ийбесе, экинчи жолу Ага баш ийбөө оңой. Карагылачы, Ысрайылдыктардын бир күнөөсү башка күнөөгө кантип алып келгенин.

Эл эмне кылууну чечти жана кандай натыйжа болду (41–46-аяттар)? [10]

Алар жеңилип гана тим болбостон, аябай кайгырышты жана баарынан жаманы, Кудай менен болгон мамилесин бузушту.

Биз, Байыркы Келишимде Кудайдын элинин башчылары, жолдоочулары кантип ишенимдүү башчылары жана жолдоочулар болушу керек экенин көрдүк. Жаңы келишимде да ошол эле нерсе айтылат!

## Жаңы Келишимдеги жетекчилер

Кудайдын элинин башчылары дагы эле Кудайдын Сөзүн жакшы билип, Ага баш ийип, аны ишенимдүү үйрөтүшү керек (2 Тим. 2:2).

**Мк. 10:42–45** окунуз. Ыйса шакирттерине башкаруучулар жөнүндө дагы эмне дейт? [11]

**1 Петир 5:2–3** окунуз. Петир жыйын башчыларын кандай сүрөттөйт? [12]

### Чакырык 1



Жыйындын башчылары падышалардай башкарбашы керек. Тескерисинче, алар жыйын мүчөлөрүнүн Кудайды таанып-билүүсүн жана сүйүүсүн арттыруу үчүн, бардыгын жасаган камкор койчулар катары жетекчилик кылышы керек.

Муса баарын өзү жасай албасын түшүндү. Ошо сыяктуу эле, жыйын башчылары да бардыгын өздөрү жасоого аракет кылбашы керек. 1 Корунттуктар 12-бөлүмдө Пабыл жыйынды ар кандай бөлүктөрдөн турган дене катары сүрөттөйт. Жакшы башкаруучу Кудай Өзүнүн жыйынынын ар бир мүчөлөрүнө кандай белектерди бергенин көрөт. Берилген белектерин жыйынга жана курчап турган коомго бата берүү үчүн колдонууга үндөйт.

Эгер сиз жетекчи болсоңуз:

- сиз өзүңүздү Кудайдын Сөзүн изилдөөгө, тил алчаактыкка жана окутууга арнайсызбы?
- сиз өз мүчөлөрүңүзгө камкор жана боорукер койчу катары кызмат кылып, момундук менен мамиле кыласызбы?
- сиз жыйын мүчөлөрүнө Кудай берген белектерди өстүрүүгө жардам бересизби? Же сиз баарын өзүңүз жасоого аракет кылып жатасызбы?

- Бардык жыйын мүчөлөрүнө бирдей мамиле кылып, шыктануу бересизби (1 Тим. 5:21)?

Ушул пункттардын кайсынысында өзүңүз менен иштешиниз керек?

# Жаны Келишимдеги жолдоочулар

**Мк. 8:34** окунуз. Ыйса, Анын жолдоочусу болгусу келгендерге эмне дейт? [13]

Жыйын мүчөлөрү өз даңкын эмес, Ыйсанын даңкын издеши керек. Алар Ыйсанын ишенимдүү күбөсү болушу үчүн, жыйында зарыл болгон нерселердин баарын чогу кылышы керек. Баарыбыз кызмат кылууга даяр болушубуз керек!

## Чакырык 2

Эгер сиз жыйындын мүчөсү болсоңуз:

- Сиз коркуп жашайсызбы? Бул сиздин жашооңузда кандай көрүнөт?
- Жыйын жетекчилери жакшы жетекчилик кылышына сыйынып жатасызбы? Же сизге аларга наразы болуп наалыган жагабы?
- Сиз жыйыныныздын өсүшү үчүн руханий белектеринизди кызмат кылууда колдоносузбу?

Булардын кайсынысы менен көбүрөөк иштешиниз керек?

# Баш ийүүнү үйрөнүү

Кудай ысрайылдыктардын Канаан жерин басып алышын каалаган.

## Эмне үчүн Кудайдын элине канаандыктарды багындырууга туура келген

Кудай бул элдерди коркунучтуу күнөөлөрүнөн улам жок кылгысы келген. Башталыш китебинде Кудай өзгөчө элдин атасы болуу үчүн, Ыбрайымды кантип тандаганын окуйбуз. Кудай ага, бир күнү анын урпактары Канаан жеринде жашайт деп убада кылган. Эми 500 жылдан кийин, Кудай бул убадасын аткарып жатат!

Канаан жеринде жашаган адамдар мыйзамсыз болушкан. Атүгүл алар өз балдарын өз кудайларына курмандык чалуу үчүн отко өрттөшкөн (Мыйз. 12:31).

Кудай Өз элине Канаан жерин дүйнөгө үлгү болушу үчүн бергиси келген. Алар башка элдерге Кудайдын кандай боорукер жана акылдуу, Ага кантип жагууну, кандай жашаш керектигин көрсөтүшү керек болчу (Мыйз. 4:6–8).

Бирок Кудай Өз элине бул жерди бергенинин дагы бир себеби бар болчу. Убада кылынган жерде жашаган эли аркылуу Кудай дүйнөнү Уулу Машайактын келишине даярдаган. Дүйнөнү күнөөдөн, өлүмдөн жана шайтандын тузагынан куткара алчуу бир гана Машайак болгон.

Бирок Убада кылынган жерде Кудайдын эли, Кудайдын мыйзамдары менен жашабаса, башка элдердге жол көрсөтүү жана Машайак эмне кылышы керек экенин эч ким түшүнмөк эмес.

Канаандыктарды жок кылуу дүйнөлүк тарыхта кайталангыс окуя болгон. Бүгүн кайсы бир өлкөнү басып алуу менен ошол күнүдү кайталай албайбыз.

Бүгүнкү күндө Убада кылынган физикалык жер жок. Биз согушушубуз керек болгон жер жок. Ишенгендер бир географиялык жерде жашашпайт, алар дүйнөнүн ар бир өлкөсүндө кездешет!

Ыйса кайтып келип, Убада кылынган Түбөлүк жерде — жаңы Иерусалимде, жашоо үчүн баарыбызды Өзү алып кете турган күндү чыдамсыздык менен күтөбүз!

Төмөнкү үзүндүнү окуудан мурун, картаны карап, бул жерлерди табыңыз:

- Эдом (эдомдуктар Жакыптын агасы Эйсаптын тукумдары болгон).
- Маап (маaптыктар Ыбрайымдын жээни Лоттун урпактары болгон).
- Аммон (аммондуктар дагы Ыбрайымдын жээни Лоттун урпактары болгон).
- Серет дарыясы
- Арнон дарыясы




**Мыйзамды кайталоо 2:1–13** окунуз.

40 жыл чөлдө жер кезип жүргөндөн кийин Ысрайылдыктарга эмне болгонун Муса эстетет. 40 жыл чөлдө жүрүп, ысрайылдыктар Кудайга баш ийүүнү үйрөнүштү!

**Мыйзамды кайталоо 2:24–37** окунуз.

Убадаланган жер, бекем чептүү шаарлар жана күчтүү адамдарга толгон. Ысрайылдыктар убада кылынган жерге кантип кире алышкан? Мыйз. 2:25 аятты окуп эмнени билебиз? [14]

Убада кылынган жерге кирүү үчүн, ысрайылдыктар эмне кылышы керек эле (Мыйз. 2:24)? [15]

Убада кылынган жер-бул Кудайдын белеги. Бирок алар бул жерди ээлеп алуу үчүн согушушу керек болчу.

Муса Кешпон падышасы Сихонго кандай кабар менен кайрылган жана кандай жооп болгон (Мыйз. 2:26–30)? [16]

Эмне болду (Мыйз. 2:32–33)? [17]

Бул ысрайылдыктардын Убада кылынган жерди ээлеп алуудагы биринчи согушу болгон! Алар Кудайга ишенип, ага баш ийишсе, анда Кудай аларга убада кылынган жерди берерин көрсөттү!

**Мыйзамды кайталоо 3:1–11** окунуз.

Кудай кийинки жолу ысрайылдыктарга кимдердин үстүнөн жеңиш берген (3-аят)? [18]

Алар канча шаарды басып алышкан (4-аят)? [19]

Бул укмуштуудай жетишкендик болду!

Алар эмнени талкалап жана сактап калышты (6–7-аят.)? [20]

Ошол жерлердин жашоочулары күнөөгө батышкандыктан, алар Кудайдын элин күнөөгө түртүшмөк, ошондуктан Кудай аларды жок кылгысы келген. (Муса бул тууралуу Мыйз. 7:3–4 аятта айткан.)

Олжо, Кудайдын белеги болчу. Ысрайылдыктар жолун улантышканда, аларды камсыз кылуунун жолу болчу.

Бул согуштар, эгерде ысрайылдыктар Кудайга баш ийишсе, анда Ал аларга Убада кылынган жерде жеңишке жетерин көрсөтө берди.

### *Кошумча:* **Ог Падышасы**



Ог падышасы репалык болгон (Мыйз. 3:11). Алар абдан узун жана алп адамдар болушкан (Мыйз. 2:20–21). Ошол күндөрү эң бай адамдарда гана темир болгон. Ал эми Огко абдан чоң керемет керек болчу. Ысрайылдыктар зор жана күчтүү Падышаны жеңишти!

## Жаңы келишимге баш ийүүнү үйрөнүү

Байыркы Келишимде Кудай Өз элин жетектеген. Алар баш ийүүнү үйрөнүшкөндө, аларга Убада кылынган жерде жашашы үчүн жеңишти берди. Ошо сыяктуу эле, Кудай бүгүн бизди жетектейт. Биз баш ийүүнү үйрөнгөндө, Кудай бизге түбөлүк кемчиликсиз Убада Кылынган жерге кирүү үчүн күнөөнүн үстүнөн жеңишти берет! Жакында Ыйса, Аны менен Түбөлүк жашашыбыз үчүн бизди алып кетет!

Түбөлүк жашоо-бул Кудайдын белеги, ошондуктан тынчтанып токтоп калбай, күн сайын ар бир мүнөт сайын Падышабызга баш ийишибиз керек!

### Чакырык 3



**Эф. 6:10–18** окунуз.

Биз кимдерге каршы күрөшүшүбүз керек (Эф 6:12)? [21]

Ысрайылдыктар Убада кылынган жерде, күнөөгө баткан адамдар менен күрөшүүгө аргасыз болушкан. Ошол сыяктуу эле, Кудай бизге күнөө, шайтан жана анын жин-перилери менен күрөшүүнү буйурган.

Шайтан жана анын жин-перилери менен кандай эки жол менен күрөшө алабыз (Эф 6:11,18)? [22]

Курал-жарактын маанилүүлүгүн жана ал эмне кылат ошол жөнүндө ойлонунуз. Ишенүүчү адам, Кудай берген курал-жарактарды унутуп калуусу эмнени билдирет?

- Чындыктын куру бар экендигин унутуп калсак эмне болот (Эф 6:14)? [23]
- Бизде адилдиктин сооту бар экендигин унутуп калсак эмне болот? [24]
- Ыйса Машайак жөнүндө Жакшы Кабар таратууга, даяр бут кийимибиз бар экенин унутуп калсак эмне болот? [25]
- Ишеним калканы бар экенин унутуп калсак эмне болот? [26]
- Кудайдын сөзүн бекем кармашыбыз керектигин унутуп калсак эмне болот? [27]
- Бизде куткаруучу туулга бар экендигин унутуп калсак эмне болот? [28]

Шайтан менен анын жин-перилерине каршы туруу үчүн , чогу эмне кылсак болот? [29]

### Бүгүнку сабак аркылуу Кудай сизге эмне деди?

### Бүгүн ким менен бөлүшө аласыз?

## Үй тапшырма

Кийинки сабака чейин **Мыйзамды кайталоо 3:12—29** окунуз.

# Жооптор

1 – Адамдар ушунчалык көп болгондуктан, Муса алардын бардык талаш-тартыштарын жалгыз чечкенге жетише алмак эмес. Ошондуктан, ал акылдуу жана кадыр-барктуу адамдарды элге башчы кылып дайындаган.
2 – Алар Кудайдын мыйзамын изилдеп, сакташы керек.
3 – Алар Кадеш-Барнейи тоосуна жетип, андан ары Аморлуктардын тоолоруна барышы керек.
4 – Алар кандай жер экенин коруп келуу учун чалгынчыларды жөнөтүштү. Чалгынчылардын көпчүлүгү жакшы жер экенин, бирок ал жердеги адамдар узун жана алп, шаарлар бийик дубалдар менен курчалган экенин айтышты. Ошондуктан, ысрайылдыктар Кудайга баш ийгиси келбей, бул жерге киргиси келген эмес.
5 – Алар коркуп кетишти.
6 – Муса аларга коркуунун кереги жок экенин, анткени Кудай алар үчүн Мисирден чыккандагыдай күрөшөрүн эскертти.
7 – Ал Кудайды, уулун көтөргөн атага салыштырат.
8 – Алар Кудайга ишенишкен жок.
9 – Бул чоңдордун эч кимиси Калеп менен Жашыядан башкасы Убада Кылынган жерди көрбөйт.
10 – Кудай согушка чыкпагыла деп эскертсе да, алар барып согушуп жеңилип калышты.
11 – Ыйса биз үчүн кызмат кылып жанын берген сыяктуу эле, жетекчилер башкаруучу эмес, кызматчы болушу керек.
12 – Аксакалдар Кудайдын үйүрүн кайтарган койчулары болушу керек.
13 – Жолдоочулары өз айкаш жыгачын көтөрүп, өзүнөн баш тартып, Ыйсанын артынан ээрчуусу керек.
14 – Кудай ысрайылдыктардын алдында бардык элдердин үрөйүн учурган.
15 – Алар согушка кириши керек болчу.
16 – Сенин жерин аркылуу тынч өтүп кетели. Алар уруксат беришкен жок.
17 – Кудай ысрайылдыктарга Сихон падышаны жеңип берген.
18 – Падыша Ог.
19 – 60.
20 – Алар бүт элди кырышты, бирок бүт мүлкүн сактап калышты.
21 – Биз адамдарга каршы эмес, шайтанга жана анын бардык karангы үчтөрүнө каршы күрөшөбүз.
22 – Биз рухий куралды алып, Кудай берген рухий курал жарактарыбызды кийишибиз керек. Бардык учурда Рухта сыйынышыбыз керек!
23 – Калпка ишенүү, азгырыгына кабылабыз.
24 – Биз жаман иштерди жасоого азгырылабыз.
25 – Ыйса жөнүндө сүйлөшкүбүз келбейт.
26 – Жаман нерсе болгондо, Кудай бизди сүйбөйт жана кам көрбөйт деп ойлойбуз. Биз коркобуз, тынчсызданабыз.
27 – Кудай бизге өзүнүн сөзү аркылуу үйрөткүсү келген нерселерди өткөрүп жиберебиз.
28 – Куткаруу — бул бекер белек экенин унутуп калабыз. Биз жакшы иштерибиз менен Кудайдын ырайымына ээ болобуз деп ойлойбуз.
29 – Чогулуп бири-бири үчүн сыйынуу, бири-бирин шыктандыруу, руханий курал жарактарды кийүүнү улантуу. Дагы кандай ойлоруңуз бар?

Мыйзамды кайталоо Сабак 3:

# Биримдик жана Жаны жетекчилик



Бул сабакта биз биримдиктин жана жаңы жетекчиликти даярдоонун маанилүүлүгү жөнүндө ойлонобуз.

## Биримдик



**Мыйзамды кайталоо 3:12–13** жана **18–20** окунуз.

Иордан дарыясы Түндүктөгү Галилея көлүнүн түштүгүндөгү Өлүк деңизине чейин агат. Картадан Иордан дарыясын табыңыз. Бул аяттарда айтылган жерлер Иордан дарыясынын чыгыш тарабында. Жашыя китебинин 6-бөлүмүндө Жерихого кол салуудан мурун, алар биринчи кезекте ушул жээкке келишкен.

**Сандар. 32:1–5** окунуз. Рубейин менен Гаттын уулдары Мусадан эмнени сурашкан? [1]

**Сандар. 32:16–22** окунуз. Алар Мусаны Иордандын чыгыш тарабында жашоого кантип ишендиришти? [2]

**Сандар. 32:33** окунуз. Иордан дарыясынын чыгыш тарабынан дагы кимдер жер алган? [3]

Муса бул эки жарым уруунун Иордан дарыясынын чыгыш тарабында жашашына макул болгон. Муса бир гана шарт менен уруксат берген: эгерде ушул уруудагы эркектер Иордан дарыясынын батыш тарабындагы Канаандыктарды жеңүүгө жардам беришсе.

Алардын башка уруулар менен чогу болуусу абдан маанилүү болчу. Эгер Рубейин менен Гаттын уулдары жана Менаше уулдарынын жарымы ысрайылдыктар менен Иордан дарыясынын аркы өйүзүнө баруудан баш тартышса, анда Кудайдын эли экиге бөлүнмөк. Чыныгы душман менен күрөшүүнүн ордуна, алар бири-бири менен согушуп калышмак.

# Жаңы жетекчилик

**Мыйзамды кайталоо 3:23–29** окунуз.

Муса Кудайдан эмне сураган (25-аят)? [4]

Бул анын акыркы 40 жылдагы каалоосу болчу! Байыркы Келишимдеги Кудайдын эн улуу адамдары жана бардык пайгамбарлары көңүл калууларга туш болушкан!

**Сандар. 20:1–13** окунуз. Эмне үчүн Кудай Мусага, өз элин Убада Кылынган жерге киргизүүгө жол берген эмес? [5]

Байыркы Келишимдеги эң улуу адамдар да кээде Теңирди каардантышкан. Бирок биз Кудайдын ырайымын көрөбүз, анткени Ал Мусага кирбесе да жерди алыстан көрүүгө уруксаат берген (Мыйз. 3:27).

Ысрайылдыктардын кийинки башчысы ким болот (Мыйз. 3:28)? [6]

Муса Жашыяга эмне деди (Мыйз. 3:21–22)? [7]

Убадаланган жерди басып алуу үчүн көптөгөн салгылашуулар керек болчу. Бирок адамдар үчүн күрөшө турган Кудай Өзү экенин билишин каалаган. Согуштарда Кудай жеңет, анткени Кудай алардын Тенири жана Падышасы! Бирок Өз элин Убада кылынган жерге алып келүү үчүн, Ал Өзү дайындаган башкаруучу Жашыяны колдонот (28-аят).

Муса өзүнөн кийин элди жетектеп кетүүгө Жашыяны кантип даярдаган (Мыйз. 3:28)? [8]

Муса Жашыяны кантип кайраттуулукка, күчтүүлүккө бекемдей алат? [9]

Муса Байыркы Келишимдин (алгачкы 5 китебин) жазган. Бул Мусанын Жашыяга жана Кудайдын элине калтырган белеги.

Кийинчерээк Кудай Нундун уулу Жашыяга Өзүнүн Сөзүндө эмне деп айткан (**Жашыя 1:8**)? [10]

## Жаңы Келишим

Келгиле, Жаңы Келишимде биримдиктин жана жаңы жетекчиликтин маанилүү темалары жөнүндө эмне деп айтылганын карап көрөлү.

## Биримдик

Кудайдын элинин биримдиги Байыркы Келишимде гана маанилүү болгон эмес. Биримдик Жаңы Келишимдеги Кудайдын эли үчүн да абдан маанилүү болгон.

Ыйса ишенгендер үчүн эмне деп сыйынган (**Жакан 17:20–21**)? [11]

Ыйса Өзүнүн жолдоочуларынын биримдиги үчүн сыйынган.

Бүгүнкү күндө Машайакчылар күнөөгө жана шайтанга каршы күрөшүүдө биримдикте болушу керек. Кудай биздин чогуу кызмат кылышыбызды, Анын жыйынын өсүшүн каалайт. Биздин жыйын жана башка жыйын жамааттары менен биримдикке ээ болуу үчүн колдон келгендин бардыгын жасашыбыз керек.

# Чакырык 1

Биз биримдигибизди кантип бузуп алабыз? [12]

Биз биримдигибизди бекемдөө үчүн эмне кылсак болот? [13]

## Жаны жетекчилик

Кудай ысрайылдыктардын чыныгы Тенири жана Падышасы болгон. Ошол сыяктуу эле, Кудайдын Уулу Ыйса биздин чыныгы Тенирибиз жана Падышабыз (Аян. 17:14).

Кудай Байыркы Келишимде Өз эли үчүн жетекчилерди чакырган. Кудай бүгүнкү күндө да Өз эли үчүн жетекчилике чакырып жатат.

2-сабактан билгенибиздей, жетекчилердин алдында чоң милдет турат! Аларга сунуш:

- Ыйык Китепти изилдеп окууга, тил алчаактыкка өзүн арноо;
- Жыйын жетекчи катары жыйын мүчөлөрүнө камкордук, боорукердик менен кызмат кылуу,
- Жыйын мүчөлөрүнө Кудай берген белектерди өнүктүрүүгө жардам берүү,
- Жыйын мүчөлөрүн шыктандыруу жана бирдей мамиле кылуу.

Бирок жетекчилер өзүнүн артынан жаны жетекчини даярдашы керек. Биз Мусанын Жашыяны жаңы жетекчи болууга даярдап жатканын көрдүк. Эми Пабылдын жаңы жетекчиликти даярдоо жөнүндө Жаңы Келишимде Тиметейге эмне деп айтканын карап көрөлү.

**2 Тим. 2:2** окунуз. Пабыл Тиметейге эмне кылууга кеңеш берет? [14]

## Жаңы жетекчилерди даярдоо

**Бардык окутуучулар окута ала турган окуучуларды даярдашы керек.**

Муса Жашыяны Кудайдын элинин жетекчиси болууга даярдаган. Ошол сыяктуу эле, бардык жыйын башчылары өздөрүнүн ордуна боло турган келечектеги жетекчилерди даярдашы керек.

Акылдуу жетекчилер кийинки жетекчиге **убагы келгенде** жетекчиликти колго алышына жол беришет! Ошондо жаңы жетекчи, мурунку жетекчинин кеңеши керек болгондо кенеш ала алат. Бирок, мурунку жетекчи жаны жетекчиге жетекичиликти толугу менен тапшырганда, жыйында өсүү башталат! Жыйын мурунку жетекчини жана жаңы жетекчини толугу менен колдошот.

Ошондуктан жетекчи башка жерлерде жаңы жыйындарды ачууга жыйын мүчөлөрүн даярдаганы жакшы.

## Жетекчиге кандай мамиле жасоо керектиги жөнүндө маанилүү эскертүү

Көпчүлүк убакта, жыйын мүчөлөрүнүн жетекчиге болгон мамилесинде кетирген эки ката бар:

### 1. Биздин жетекчилер жеткилең бардык көйгөйлөрүбүздү чече алат дегендей мамиле кылабыз.

Биз муну ар дайым эсибизден чыгарбашыбыз керек:

- Жетекчи жөнөкөй эле адам, алар да ката кетиришет!
- Ал эмес Муса ийгилике жеткен жок.
- Ыйса гана жеткилең Ал гана бизди куткарат, бардык көйгөйлөрүбүздү чече алат!

### 2. Биз жыйындын жетекчилерин сыйлабайбыз.

- Жаңы келишимде жыйындын жетекчилик кызматты аткаргандарды сыйлоо жана баш ийүүбүз керектиги жөнүндө айтылат (1 Фес. 5:12–13; Эвр. 13:17).
- Биз жыйын жетекчилерин сыйлабасак, баш ийбесек, жыйында бөлүнүп-жарылуу башталып, кызмат натыйжасыз болуп калат.

Жыйын мүчөлөрү жетекчилерге карата кандай эки ката кетиришет? [15]

## Чакырык 2



Биз жыйындын жетекчиси болобузбу же жокпу, баарыбыз өзүбүздү Ыйык Китепти изилдөөгө арнашыбыз керек. Ыйык Китепти окуганыңызда Кудай Жашыяга берген буйругу сиз менен кандай байланышы (бар. 1:8)?

Ыйык Китепти көбүрөөк окуу жана ой жүгүртүү үчүн жашооңузда эмнени өзгөртө аласыз?

Биримдик жана жаңы жетекчилик темаларын бөлүп кароо мүмкүн эмес:

- Жыйындын биримдиги жетекчиликти кыйла жеңилдетет. Бөлүнүүп — жарылуу жетекчиликти татаалдаштырат.
- Жакшы жетекчилик биримдикке жетишүүнү кыйла жеңилдетет. Начар жетекчилик биримдикти кыйындатат.

Ар бир жыйын барган сайын, сүйүүнүн жана ыйыктыктын жыйыны болууга умтулууда. Бул жашоодо эч бир жыйын жеткилеңдике жете албайт! Бирок биз жыйыныбыздын сүйүүдө жана ыйыктыкта өсүшүнө жардам берүү үчүн, колубуздан келгендин баарын кылууга умтулуубуз керек.

Ошондуктан, жыйын үчүн дайыма сыйынуу маанилүү:
- Жыйын жетекчилери жакшы жетекчилик кылууга,
- Жыйын Ыйсага жана бири-бирине болгон сүйүүдө биримдикте болууга.

### Бул сабакта Кудай сизди эмнеге чакырды?

## Уй тапшырма

Кийинки сабакка чейин **Мыйзамды кайталоо китебинен 4-бөлүмдү** окунуз.

# Жооптор

1 – Алар Иордан дарыясынын чыгыш тарабына отурукташууну суранышты. Кудай Өз элине берем деп убада кылган жерге, батыш тарапка өтүүнү каалашкан жок.
2 – Эркектер Иордандын батыш жээгинде убада кылынган жерди басып алуу үчүн, ысрайылдыктар менен бирге согушабыз деп убада беришкен. Ошондо гана алар чыгыш тараптагы аялдарына жана балдарына кайтып келишет.
3 – Менаше уруусунун жарымы.
4 – Убада кылынган жерди көрүүгө мага уруксат бер.
5 – Ал Кудайды алдында ачууланган жана анын көрсөтмөлөрүнө толук баш ийген эмес: эл менен сүйлөш деп айтканда, асканы урган.
6 – Нундун уулу Жашыя.
7 – Кудай Иордан дарыясынын чыгыш тарабындагы эки падышаны жеңгенин көрдүң. Ошол сыяктуу эле, Кудай силер үчүн Иордан дарыясынын батыш тарабындагы бардык элдерди багындырышың үчүн күрөшөт.
8 – Ал аны күчкө толтуруп, бекемдеши керек болчу.
9 – Ал Кудайдын эмне кылганын барын эстетип, Кудайдын Сөзүн окууга үндөшү керек болчу.
10 – Муса жазган Мыйзам китебин окуп изилдениз, күнү-түнү ой жүгүртуп, баш ийүүнү үйрөнүнүз, ошондо ийгиликке жетесиз.
11 – Алардын баары бир болушу үчүн.
12 – Бир нече мисал: биз Машайакка караганда жыйын жетекчилерине көбүрөөк көңүл буруп сыймыктанабыз. Биз Машаяйактын денеси жөнүндө ойлонгонго караганда, өзүбүздүн муктаждыктарыбыз жөнүндө көбүрөөк ойлонобуз. Биз ушак айтабыз, башкалар жөнүндө жаман сөздөрдү айтабыз, өзүбүздү башкалардан жогору ойлойбуз. Биз таарынып, жыйынга барбай баштайбыз.
13 – Бир нече мисал: биз жыйын жетекчилерине караганда Машайакка көбүрөөк көңүл бурабыз. Биз момунбуз жана үйрөнүүгө жөндөмдүүбүз. Машайактын денеси эмнеге муктаж экени жөнүндө көбүрөөк ойлонобуз, өзүбүз жөнүндө азыраак. Ушакты угуудан баш тарта алабыз, башкаларга жана башка адамдар жөнүндө жылуу сөздөрдү гана айта алабыз, башкаларды өзүбүздөн жакшы деп эсептей алабыз. Чарчасак да, бошобосок да, таарынсак да жолугушууларга дайыма келе алабыз.
14 – Кудайдын сөзүн ишенимдүү адамдарга үйрөтөбүз, алар башкаларды үйрөтүшөт.
15 – Биз жетекчилерибизге кемчиликсиз жана бардык көйгөйлөрдү чече алгандай мамиле кылабыз. Адамдар кетирген башка ката — бул жыйын жетекчилерин сыйлабоо.

## Мыйзамды кайталоо Сабак 4:

# Өмүрдү танда



## **Бөлүм 4:1–40** (бөлүк 1)

Бул сабакта, баш ийүү бул-өмүр менен өлүм.

Бул үзүндү Мусанын ысрайылдыктарга берген сонун насааты. Кудайдын өзгөчө эли болуш учун, ысрайылдыктарды кулчулуктан алып чыккан. Бул сабакты окуудан мурун, насаатта айтылган үч негизги ойду карап көрөлү.

Насаатты 5 бөлүккө бөлсө болот. Биринчи жана акыркы бөлүктөрдө окшош нерселер жөнүндө айтылат. Экинчи жана төртүнчү бөлүктөрдө дагы окшош нерселер жөнүндө айтылат. Башка көптөгөн аяттары жана насааттары сыяктуу эле, эң маанилүү ой ортоңку бөлүктө камтылган.

- 1–4-аят: **Баш ийүү:** Ысрайылдыктар Кудайдын батасын алуу үчүн Кудайдын мыйзамдарына баш ийиши керек.
- 5–20-аят: **Ысрайыл эли өзгөчө:** Ысрайылдыктар башка элдерден айырмаланып турушкан, Анткени Кудай башка кудайлардан айырмаланат.
- 21–31-аят: **Сот жана ырайым:** Кудай-сот жана ырайымдын Кудайы.
- 32–38-аят: (кайра) **Ысрайыл өзгөчө.**
- 39–40-аят: (кайра) **Баш ийүү.**

Бул насааттагы эң маанилүү ой кандай (ортоңку бөлүктө эмне жөнүндө айтылат)? [1]

Биз Ыйык Жазууда баштан аягына чейин Кудайдын сотун жана ырайымын көрөбүз. Бул Кудай жөнүндө түшүнүшүбүз керек болгон эң маанилүү нерселер ыйык жана таза болгондутан бардык күнөөлөрдү соттошу керек. Бирок Ал сот болсо да, укмуштуудай ырайым көрсөтөт.

Машайакчыларда көп кездешкен, Кудай жөнүндө эки туура эмес түшүнүк:

- Эгерде биз күнөө кылсак, Кудай каршы эмес;
- күнөөдөн кийин, биз үчүн кечиримге үмүт жок.

Эмне үчүн Кудай Өзүнүн айыптоосун жана ырайымын баса белгилеши керек? [2]

Ысрайылдыктарга Кудай аларды куткаргандан кийин, алар каалаганын кыла берсе болот деп ойлонушкан. Бирок Кудай аларга Өзүнүн жеткилең Мыйзамын сактоону буйруду!

Бул сабакта, Мусанын насаатынын биринчи пункту менен таанышабыз: алар Кудайдын батасын алуу үчүн, Кудайдын мыйзамдарына баш ийиши керек. Калган экөөнү кийинки сабакта карайбыз.

# Баш ийүү

**Мыйзамды кайталоо 4:1–4** окунуз.

Бул аяттарда бири-бирине карама-каршы келген сыяктуу эки ойду көрөбүз:

- Кудай жерди ысрайылдыктарга берет.
- Ысрайылдыктар бул жерди ээлеп алуу үчүн Кудайга баш ийиши керек.

1-аятта Кудай эмне кылганы жатат? [3]

Ысрайылдыктар канткенде жерди ээлеп алышат (1-аят)? [4]

Демек, жер бекер берилеби же алар баш ийүү менен ага татыктуу боло алышабы?

Ыйык Китепте биз бири-бирине карама-каршы келген бул эки ойду көрөбүз: кулчулуктан куткарылуу жана Убада кылынган жер **бекер** берилген. Бирок аларды алуу үчүн Кудайдын эли Ага **баш ийиши** керек.

Кудай ысрайылдыктарды Мисирден чыгарардан мурун, аларды кыйратуучу периштеден куткарган. Ысрайылдыктар өздөрүн сактап калуу үчүн эмне кылышы керек эле? **Чыгуу 12:21–23** окунуз. [5]

Баш ийбегендерди Кудай куткарган жок!

## Жаңы Келишим

Жаңы келишимде куткарылуу да бекер белек, бирок биз Кудайдын мыйзамдарына баш ийип жашашыбыз керек. Убада Кылынган жерге (Жаңы Жаратуу) барганыбызда, баарыбыз жеткилеңдикте Кудайдын мыйзамдарына толук баш ийебиз!

**Римди 6:17–18** окунуз. Ишенгендер мурда эмненин кулу болушкан? [6]

Алар азыр эмненин кулу болуп калышты? [7]

Мурун алар үмүтсүз болуп, күнөөдөн арыла алышкан эмес. Бирок Ыйса аларды куткарып, таза кылып Ыйык Рухка толтурган. Эми алар Аны жакшылыкка жана сүйүүгө толгон жашоодо ээрчий алышат!

## Чакырык

Адамдар, сизди-адилдиктин кулу экениңизди көршөбү? Же өздөрү сыяктуу эле күнөөнүн кулу деп ойлошобу?

Сиздин жашооңуз тегерегиниздеги  ишенбегендерден эмнеси менен айырмаланат?

# Өмүр



Бул, Мыйзамга ылайык. 4:1, алардын тил алчаактыгынын натыйжасы болобу? [8]

**Еврей тилинин түп нускасында 40-аят мындай деп айтылган «анда жашаш үчүн, кирип, жер айдагыла»деп айтылат.**

40-атты окунуз. Эгерде Кудайдын жолу менен жүрсө, Муса адамдарга эмнени убада кылат? [9]

**Мыйзамды кайталоо 8:7–9** окунуз. Кудай Өз элине берип жаткан, бул жер кандай жер? [10]

Кудай аларга Убада кылынган жерде ашып-ташыган жашоо бергиси келет! Эгерде алар Кудайга ишенимсиз болушса, анда тескерисинче болот.

**Мыйзамды кайталоо 4:3** окунуз.

Баал-Пейор маалтыктардын түшүм кудайы болгон. Канаандыктар ага сыйынып, жаман адеп-ахлаксыз иштерди жасашкан. Баал-Пейорго сыйынгандарга Кудай эмне кылганы жөнүндө айтылат? [11]

Мыйзам китебинин аягында, Муса элге кайрылып туура тандоо жасоого чакырат.

**Мыйзамды кайталоо 30:15–20** окунуз. Муса элге кандай тандоону сунуш кылат? [12]

Кудайга баш ийүү же баш ийбөө чечими биринчи орунда турат: бул өмүр менен өлүм маселеси! Мыйзам китебинде Кудай Өз элине өмүрдү тандоого көп жолу чакырат.

### Жаны Келишим

**1 Жак. 5:11–12** окунуз. Кудай бизге эмне берди? [13]

Ким түбөлүк өмүргө ээ болот? [14]

## Өмүр

Мыйзам китебиндегидей эле, «өмүр» Жакандын Жакшы Кабарында маанилүү сөз.

Мисалы:

> *«Кудай бул дүйнөнү абдан сүйгөндүктөн, Өзүнүн жалгыз Уулун берди. Кудай Аны Ага ишенген ар бир адам өлбөй,* ***түбөлүк өмүргө*** *ээ болсун деп берди»* (Жкн. 3:16).
>
> *«Ыйса мындай деди: „Мен* ***өмүр*** *берүүчү нанмын. Мага келген адам ачка болбойт, Мага ишенген адам эч качан суусабайт“»* (Жкн. 6:35).
>
> *«Жол, чындык жана* ***өмүр*** *Менмин. Атама Мен аркылуу гана барууга болот, Менсиз эч ким бара албайт»* (Жкн. 14:6).

**Түбөлүк өмүр Ыйсада гана, башка эч ким бере албайт!**

Түбөлүк өмүр — Бул Кудайдын Жаңы Келишимде Өз элине берген батасы.

Бул Кудай ысрайылдыктарга, Байыркы Келишимде Ага баш ийгенде берген материалдык баталардан да жакшыраак! Байыркы Келишимде ысрайылдыктар Кудайга баш ийгени учун берген батасы, материалдык баталардан да артык! Бул тууралу 12-сабакта кененирээк сүйлөшөбүз.

11-сабакта биз бүгүн кайсы мыйзамдарга баш ийишибиз керектигин талкуулайбыз. Ошол эле учурда, биз баарыбыз ынанышыбыз керек, Кудайды жана бири-бирибизди сүйүү мыйзамын сактайбызбы! (Матай 22:37–39)

## *Көңүл бургула 1:* Кудайдын сөзүн өзгөртпө!

**Мыйзамды кайталоо 4:2** эмне дейт? Кудайдын сөзүнө кандай мамиле кылуу керек? [15]

Кээ бир адамдар баш ийүүнү женилдетуу үчүн, Кудайдын сөзүн өзгөрткүлөрү келет. Анткени Кудайдан өздөрү каалагандай баш ийген кудайды жасагылары келет.

Бирок биз Кудайдын сөзүнүн кайсы бөлүктөрүнө баш ийип, кайсы бөлүктөрүнө көңүл бурбай турганыбызды тандай албайбыз. Ыйык Жазуу кемчиликсиз жана толуктукта жазылган. Биз Ыйык жазууга эч нерсе кошо албайбыз жана алып сала албайбыз. Ыйык Жазууда Кудай жөнүндө азыркы жана түбөлүк жашоо үчүн керек болгон бардык маалыматтар бар!

Окуп чыгыныз **Аян 22:18–19**. Ким Ыйык Китепке кошо турган болсо же алып сала турган болсо. Анда Кудай аларга эмне дейт? [16]

**Талкуулаңыз:** Кудайдын кайсы осуяттарына баш ийүү сиз үчүн эң кыйын?

## *Көңүл бургула 2:* **Жаны ачылыштарды кабыл албаныз!**

- Адамдын тарыхында көптөр, диний окутучулар жаңы китептер мене келген. Ыйык Сөз-бул Кудайдын толук сөзү. Ал бизге кантип куткарылуу, түбөлүк өмүргө ээ болуу жана Кудай менен мамиледе болуу жөнүндө билишибиз керек болгон нерселердин бардыгын айтат.



- Ыйык Жазууну өздөрүнүн ойлоруна ылайыктап өзгөрткөн адамдар да болгон. Сиздердин колунуздагы Ыйык Жазуу-бул алгачкы кол жазмалардын так котормосу жана көчүрмөсү!

Эгер кимдир бирөө Кудай жаңы ачылыш берди десе, анда биз аны ишеним менен кабыл албашыбыз керек. Биз ар дайым адамдар үйрөткөн нерселерди Ыйык Сөз менен салыштырып **текшерип** турушубуз керек.

Ошондой эле **Ыйык Китепти толугу** менен билишибиз керек. Кылымдар бою көптөгөн жыйындар Ыйык Китептеги бир аятка (же бир нече аятка) басым жасап, андан эреже жасашкан. Муну менен алар бул эреже Ыйык китептин калган жерлерине дал келээрин текшеришкен жок.

**Талкууланыздар:** Аларда Кудайдын Сөзү бар, бирок жаңы келишимден айырмаланган китеби бар кимди билесиз.

### Бул сабакта Кудайдын Сөзү жөнүндө эмнелерди билдиңиз?

### Өзүн Машайактын жолдоочусу деп атаган, бирок туура жашабаган адамга эмне дейт элеңиз?

### Келиниз, Өмүрдү тандап алышыбыз үчүн, бири-бирибизге сыйыналы!

## Уй тапшырма

Дагы бир жолу окуп чыгыныз **Мыйзамды кайталоо 4:1–40**. Калганын кийинки сабакта улантабыз.

# Жооптор

1 – Кудай — соттун жана ырайымдын Кудайы.
2 – Кудайдын эли — күнөөнүн мааниси жок, анткени күнөөдөн кийин биз үчүн кечиримге үмүт жок деп женил ойлонгондорун Кудай баса белгилейт.
3 – Кудай ысрайылдыктарга убада кылынган жерди берет.
4 – Кудайдын осуяттарына жана мыйзамдарына баш ийүү.
5 – Алар козуну союп, козунун каны менен үйдүн эшиктеринин кашектерин майлашы керек болчу.
6 – Күнөө.
7 – Адилдикке.
8 – Алар кирип, убада кылынган жерди ээлеп алышат жана ал жерде жашашат.
9 – Убада Кылынган жердеги узак өмүр.
10 – Дарыялар, түшүмдүү топурагы жана темирге бай, казып жана иштетүүгө ылайктуу кооз жер.
11 – Ал аларды жок кылды.
12 – Ашып ташыган Өмүр, бакубатчылык же өлүм жана кыйроо.
13 – Түбөлүк өмүр.
14 – Кимде Кудайдын Уулу Ыйса Машайак бар.
15 – Алар Ыйык Сөзгө кошпошу же алып салбашы керек.
16 – Алар жазаланат жана жаңы Иерусалимде жашай алышпайт.

Мыйзамды кайталоо Сабак 5:

# Кудайдын соту жана ырайымы



## **Мыйзамды кайталоо 4:1–40** (бөлүк 2)

Бул сабакта биз Кудайдын эли, башка элдерден эмнеси менен айырмаланарын карап чыгабыз. Ошондой эле Кудайдын адилеттүү сотунун жана Анын ырайымынын маанилүү темалары жөнүндө ойлонобуз.

Өткөн сабакта биз **Кудайдын мыйзамдарына баш ийүү керектигин** көрдүк. Ал аларды кулчулуктан куткарды. Ал аларга Убада кылынган жерди бермек болду. Убада кылынган жерге кирүү жана калуу үчүн, ысрайылдыктар Кудайдын мыйзамдарына баш ийиши керек.

### *Кошумча:* **Көз чаптыруу**

(Мыйзамды кайталоо 4:1–40) Насаатты 5 бөлүккө бөлсө болоорун көрдүк. Биринчи жана акыркы бөлүктөрдө окшош нерселер жөнүндө айтылат. Экинчи жана төртүнчү бөлүктөр дагы окшош нерселер жөнүндө айтат. Башка көптөгөн аяттары жана насааттары сыяктуу эле, эң маанилүү ой ортоңку бөлүктө камтылган.

- 1–4-аят: **Баш ийүү:** Ысрайылдыктар Кудайдын батасын алуу үчүн Кудайдын мыйзамдарына баш ийиши керек.
- 5–20-аят: **Ысрайыл эли өзгөчө:** Ысрайылдыктар башка элдерден айырмаланып турушкан, Анткени Кудай башка кудайлардан айырмаланып турат.
- 21–31-аят: **Сот жана ырайым:** Кудай-сот жана ырайымдын Кудайы.
- 32–38-аят: (кайра) **Ысрайыл өзгөчө.**
- 39–40-аят: (кайра) **Баш ийүү.**

Бул насаатта жана бүтүндөй Ыйык Китепте (ортоңку бөлүктө эмне айтылат) эң маанилүү ой кайсы? [1]

Эмне үчүн Кудай Өзүнүн сотун жана ырайымын баса белгилеген? [2]

Кудай Ысрайылдыктарды куткаргандан кийин, алар каалаганын кыла берсе болот деген женил ойдо болушкан. Бирок Кудай аларга аткарышы керек болгон кемчиликсиз Мыйзамын берди!

Ошентип, Муса бул насаатта үч нерсени үйрөтөт. Кайсы нерселерди? [3]

Бул сабакта, биз насааттын үч темасынын ичинен экинчи жана үчүнчү теманы карайбыз.

# Ысрайыл айырмаланат

**Мыйзамды кайталоону 4:5–20** окнуз.

Ысрайылдыктар башка элдерден айырмаланып турушкан, анткени Кудай башка кудайлардан айырмаланат.

Кудайдын мүнөзү башка элдер табынган кудайлардан эмнеси менен айырмаланган (7,8,12, 20-аят.)? [4]

Аят 7:

Аят 8:

Аят 12:

Аят 20:

Эгерде адамдар Кудайдын мыйзамдарына, сөзүнө баш ийишсе, натыйжасы кандай болушу керек (6–7-аят.)? [5]

Ысрайылдыктардын Кудайдын Сөзүнө баш ийүү эле эмес, башка элдерге үлгү болушун, башка элдер дагы Ага баш ийүүсүн каалады!

Бул башынан эле Кудайдын планынын бир бөлүгү болгон. Кудай Ыбрайымга кереметтүү Убадаларын бергенде, Ал аркылуу жер жүзүндөгү бардык элдер бата аларын айткан (Башт. 12:3).

Анын сыңарындай, биздин Кудайга болгон сүйүүбүз жана Анын Сөзүнө баш ийүү бардык элдер үчүн эн жакшы үлгү. Ошондо, бардык элдер Ыйсаны артынан ээрчигиси келет!

## Чакырык 1



Көп адамдар Ыйсага келишет, анткени алар:
- Машайакчылар бири-бирин сүйүшөт.
- Биздин сыйынуубузга Кудай кандай жооп берип жатканын көрүшөт.

Эгер башка адамдар муну корушсо Ыйсага келишпейт.
- биз бири-бирибизди сүйбөсөк,
- башкаларга көз артсак (байлыгына, жетишкендигине),
- Ушак айтсак,
- Сыйынбасак.

Биз Кудайдын Сөзүнө баш ийсек, ишенбегендерге кандай таасир берет? [6]

Кудайдын Сөзүнө баш ийбегенибизде, ишенбегендерге кандай таасир берет? [7]

Мыйзам кайталоо 4:10–14. 40 жыл мурун Кудай Өзү Өзунун элине Он осуят берген белгилуу күндү эстениз. Мусанын Он осуяты элге кантип эскерткенин Мыйзамдын 5-бөлүмүнөн окуйбуз. Эч качан элде мындай күчтүү мыйзам болгон эмес. Ошондон бери мыйзамды эч ким өзгөртө алган эмес!

Кудайдын эли эмнени кылбашы керек (15–19-аят.)? [8]

Кудай буркандардан эмнеси менен айырмаланат? Буркандар кыла албаган нерсени Кудай эмне кыла алат? [9]

Кудай Өз элин бурканга табынган элден куткарган. Эми аларга буркандарга табынган башка элдердин жерин берди. Ошондуктан, Кудайдын эли бул элдерди туурап, буркандарды жасабашы жана аларга табынбашы абдан маанилүү.

## Чакырык 2

Кандай нерселер биз үчүн буркан болуп калышы мүмкүн? Кудайдан маанилүү деп эсептеген кайсы нерселер бар? [10]

Сиздин Кудай менен болгон мамилеңиз маанилүүбү же булар маанилүүбү:
- үй-бүлөнүз
- жумушунуз?
- сиздин үйүнүз?
- сиздин акчаныз?
- кийим кечениз?
- Телефонунуз?
- экзамендин жыйынтыгы?
- аброюнуз?

Ал эми бул нерселерге биздин «табынуубуз» күнүмдүк жашообузда кандай байкалат? [11]

# Кудай-соттун жана ырайымдын Кудайы

**Мыйзамды кайталоо 4:21–31** аяттарды окуңуз. Бул насааттын эң маанилүү бөлүгү.

21–24-аяттарда Эгер күнөө үчүн Кудайдын жазасынан Муса кутулбаса, анда Кудайдын эли сөзсүз кутулбайт дейт!

25–30-аяттарда Кудайдын эли Ага каршы туруп, Убада кылынган жерден куулуп, башка элдердин арасына таратып жибереэрин Муса айткан. Кийинчээрек Байыркы Келишимде эмне болду?

Кудай Өзунун эли кандай күнөөлөрдү кылаарын айткан (25-аят)? [12]

Ысрайыл эли ушул күнөөлөрдү жасаса, Кудайдын сөзү боюнча алар кандай жазаларды алат деп айткан (26–28-аят.)? [13]

29–31-аяттарда Кудай кандай убада берет? [14]

Бул окуялар жөнүндө Байыркы Келишимдин тарыхый китептеринен (Жашыя, Башкаруучулар, 1–4 Падышалар, 1–2 Жылнаама, Эзра жана Некемия) окуй аласыз.

Тан калыштуу, Кудай Өз элин канчалык күнөө кыларын билгени. Канчалык күнөө кылышпасын, тообо кылышканда Кудай аларды кечирүүгө даяр болчу. Кудай — укмуштуудай ырайымдуу Кудай!

Тан калыштуу, Ыйык жана кемчиликсиз Кудай Өз элине ушунчалык ырайымдуу жана ишенимдуу!

Коркунучтуу кулчулуктан кийин да ысрайылдыктар Кудайга баш ийбөөнү улантышкан. Алар Кудайдын жеткилең мыйзамдарын бузууну токтотушка жок.

Байыркы Келишимде биз Кудайдын эли куткарылууга муктаж болгонун көрөбүз. Алар башка жердеги кулчулуктан да, коркунучтуу күнөөнун кулчулугунан куткарууга турган адамга муктаж болушкан.


## Жаны Келишим

Жаңы келишимде Кудай Куткаруучуну жибергенин окуйбуз!

**Мат. 1:20–21** окунуз. Мариямдын уулу Ыйса эмне кылаары жөнүндө, Кудай Жусупка эмне деп айткан? [15]

## *Кошумча:* **Ыйса — биздин жалгыз куткаруучубуз!**

Ыйса Кудайдын Уулу болгонун мындан билебиз:



- Ал Ыйык Рухтан боюна бүткөн — Анын физикалык атасы болгон эмес;
- Ал эч качан күнөө кылган эмес;
- Ал көптөгөн адамдар күбө болгон кереметтерди жасаган;
- Айкаш жыгачка кадалгандан үч күн өткөндөн кийин, ал жаңы жана түбөлүктүү денеде тирилген.

Ыйсанын Айкаш жыгачтагы өлүмү жөнүндө окуганда, биз Кудайдын сотун жана Анын ырайымын көрөбүз. Ыйса биздин күнөөлөрүбүздү Өз мойнуна алып, биз үчүн Кудайдын сотун кабыл алды. Ошондуктан, Кудай бизге ырайым кыла алат, анткени Ыйса биздин күнөөлөрүбүздүн кунун төлөгөн!

Ыйсанын тирилүүсү — бизди күнөөдөн, өлүмдөн жана шайтандын кулчулугунан куткара ала турган, Ыйса экенин көрсөтүп турат!

Тирилгенден кырк күн өткөндөн кийин, Ыйса көтөрүлүп, Кудайдын оң жагына отурду. Азыр Ал Өзүнүн ырайымын жана кечиримин сунуштап жатат. Бирок убакыт аз! Жакында Ал бүт жерди соттоого кайтып келет!

Ыйса асманга көтөрүлөр алдында Өзүнүн шакирттерине Мыйзамды кайталоонун 4-бөлүмүндөгү сөздөрдү колдонуп, акыркы көрсөтмөлөрдү берген. Ал алардын Анын Кудайлыгына ишенишин каалады!

**Мыйзамды кайталоо 4:39–40** окунуз. «Асмандагы жана жер үстүндөгү бардык бийлик Кимге таандык»? [16]

Анын эли эмне кылышы керек (40-аят)? [17]

Алар Ага баш ийиши керек!

**Мат. 28:18–20** окунуз. Асмандагы жана жердеги бардык бийлик Кимге берилген? [18]

Анын эли бүгүн эмне кылышы керек (19-аят)? [19]

## Чакырык 3

Биз бардык адамдарды Ыйсага баш ийүүгө үйрөтүшүбүз керек. Асмандагы жана жердеги бардык бийлик Ага таандык! Ал — бүт жер жузун Соттоо үчүн кайтып келүүчү!

Кантип, башкаларды бүт жер жузун Соттоочуга баш ийүүгө үйрөтөсүз?

Акыркы жумада Ыйса жөнүндө ким менен сүйлөштүңүз?

**Бул үч чакырыктын кайсынысын чечуу үчүн, Кудайдан жардам сурагыныз келет?**

## Уй тапшырма

Кийинки сабакка чейин, **Мыйзамды кайталоо 5:1—15** окунуз.

# Жооптор

1 – Кудай-соттоочу жана ырайымдын Кудайы.
2 – Кудай баса белгилейт, анткени Өзүнун эли ушунчалык женил ойлошот:
- күнөөнүн мааниси жок.
- күнөөдөн кийин биз үчүн кечиримге үмүт жок.

3 – **Баш ийүү:** Ысрайылдыктар Кудайдын батасын алуу үчүн Кудайдын мыйзамдарына баш ийиши керек.
**Ысрайыл эли өзгөчө:** Ысрайылдыктар башка элдерден айырмаланып турушкан, Анткени Кудай башка кудайлардан айырмаланып турат.
**Сот жана ырайым:** Кудай-соттун жана ырайымдын Кудайы.
4 – Кудай аларга жакын жана алардын сыйынууларын угат (7-аят).
Кудай Өз элине эн жакшы мыйзамдарды берди (8-аят).
Кудай сүйлөгөн Кудай, бирок анын эли Аны эч качан көрбөйт (12-аят).
Кудай Өз элин коркунучтуу кулчулуктан куткарган (20-аят).
5 – Алар тушунуп акылдуурак боло башташты.
Башка элдер аларга жана Кудайдын мыйзамдарына суктанышат.
Кудай Өз элине жакын экенин жана сыйынууларына жооп берип жатканын башка элдер көрүшөт.
6 – Ишенбегендер Ыйсага тартылып, түбөлүк жашоого мүмкүнчүлүк алышат.
7 – Ишенбегендер Ыйсага тартылбайт, ошондуктан түбөлүк өмүргө ээ боло алышпайт.
8 – Алар өздөрүнө буркандарды жасабашы жана табынбашы керек.
9 – Буркандардан айырмаланып, Кудай көрөт, сүйлөйт, кыймылдайт, жаратат, куткарат, өзгөртөт жана алардын сыйынуусуна жооп берет!
10 – Мисалдар:
- биздин балдар,
- маанилүү жана белгилүү адамдар,
- футбол командалары,
- каза болгон адамдар,

- телефондор,
- үйлөр,
- биздин кадыр-баркыбыз (анын ичинде топтук чаттагы билдирүүнү канча адам жактыргандыгы же социалдык тармактарда канча лайк топтогону).

11 – Биз дайыма кудай кылып алган нерселер жөнүндө ойлонобуз; ал жөнүндө дайыма сүйлөшөбүз; аны мактайбыз; аны менен көп убакыт өткөргүбүз келет жана аны кыла албаганыбызда ачууланабыз.
12 – Алар бузулуп, буркандарды жаратып, жамандык кыла алышат.
13 – Алар жер бетинен жок болушат, жок кылынат, элдерге тарашат, аларга жардам бере албаган адамдын колунан жасалган кудайларга табынышат.
14 – Эгер адамдар Кудайды чын жүрөктөн жана жан-дили менен издешсе, анда Аны табышат. Кудай аларды таштабайт жана жок кылбайт. Ал Ыбрайым, Ыскак жана Жакып менен түзгөн Ыйык келишимин унутпайт (Башталыш китебинде 12:1–3; 26:3–4; 28:14–15; 50:24).
15 – Ал Өз элин алардын күнөөлөрүнөн куткарат.
16 – Теңирге (Жакаба).
17 – Алар анын талаптарын жана буйруктарын аткарышы керек.
18 – Ыйсага.
19 – Ыйса бизге берген баш ийүү буйругун бардык элдерге үйрөтөт.

Мыйзамды кайталоо Сабак 6:

# **Он Осуят** (бөлүк 1)



Биз бул сабакта Кудайды сүйүү жөнүндө сүйлөшөбүз.

## Эмне үчүн биз баш ийебиз

**Мыйзамды кайталоо 5:1–15** окунуз.

Ысрайылдыктар фараондун бийлиги астында, алсыз кулдар болушкан. Алар өздөрүн куткарууга алсыз болушкандыктан, куткарылууга эч аракет кылышкан эмес. Бирок, Кудай аларды куткарып, Өз жерин берүүнү чечти!

Кудай аларды куткарды, эми алар Анын эли, ошондуктан Кудайдын буйруктарына баш ийиши керек, анткени Ал алардын жаңы Тенири жана Падышасы!

6-аятта Кудай Өз элине Он Осуятын бererден мурун эмне дейт? [1]

Эмне үчүн Ал мындай дейт? [2]

Кудай алардын жаңы Тенири жана Падышасы!

### Жаны Келишим

Ысрайылдыктарга окшоп, биз куткарылууга татыктуу эч нерсе кылган жокпуз. Биз шайтандын бийлиги астында алсыз күнөөкөрлөр болгонбуз. Биз өзүбүздү сактап калууга таптакыр жөндөмсүз болчубуз. Бирок, Ыйса бизди куткарып, түбөлүк өмүрдү белеке берүүнү чечти! Эми бизде жаңы Теңир жана Падыша бар!

Биздин абал кандайча Ысрайылдыктарга окшош? [3]

**Мат. 22:37–40** окнуз.

Биз аткарышыбыз керек болгон, Ыйса берген Жаны эки Осуят кайсы? [4]

Жакшы Кабар, Ыйса бизге Анын мыйзамдарын аткаруу үчүн Ыйык Рухту берип жатат!

Эми биз Кудайдын Мусага берген Он Осуятын изилдейбиз. Биз Кудайды сүйүү менен жакыныбызды сүйүүнүн кандай байланышы бар экенин көрөбүз. Ошондуктан, бүгүнкү күндө бардык ишенгендер ушул Осуяттарды аткарышы керек.

# Биринчи төрт осуят

Биринчи төрт Осуят, Кудайды кантип сүйүүнү үйрөтөт.

**Биринчи Осуяты** кандай (Мыйз. 5:7)? [5]

Бир гана Кудай, биздин толук баш ийиуубузго татыктуу.

Эгер бизде Кудайдан маанилүүрөөк бир нерсе же бирөө болсо, анда бул биздин кудайыбыз.

Кантип биз бул Осуятты аткарбай жатабыз?

## Чакырык 1

**Телефонуңуз сиз үчүн Кудайдан канчалык маанилүү экендигин текшериңиз:** жыйын учурунда же сыйынып жаткан убакта, чалууларга жооп берип же жаны билдирүүлөрдү окуйсузбу? Эгер ошондой болсо, анда ттелефонго болгон мамилеңиз сиз үчүн Кудайдан да маанилүү. Телефон сизди Кудай менен сүйлөшүүдөн алаксытпасын! Телефонуңузду үнсүз режимге коюңуз! Ал сизге гана эмес, жыйындагылардын баарына тоскоол болот.

Биз башка кудайларга табынбашыбыз керек. Башка кудайлардын баары жалган кудайлар.

## Жалган кудайлар

- Жалган кудай-биз **тааный албаган** кудай. Бирок жакшы ата балдары менен убакыт өткөргүсү келгендей эле, Кудайыбыз да биз менен убакыт өткөргүсү келет. Өзү аркылуу жана Ыйык Рух аркылуу биз Аны таанып-билишибизди каалайт.

- Жалган кудай — ал бизге бир нерсе кылыш үчүн, **биз ага төлөй алабыз деп ойлогон** кудай. Кээ бир адамдар Кудай үчүн бир нерсе кылышса, Кудай да алар үчүн бир нерсе кылышы керек деп ойлошот. Ыйык Китепте жакшы ата балдарын сүйгөндөй Кудай бизди чексиз сүйөрүн көрсөтөт, биз Анын сүйүүсүн сатып ала албайбыз, анын сүйүүсүнө сыйынуу жана баш ийүү менен гана жооп бере алабыз.

Кээ бир адамдар жыйынга курманыдык беришет, анткени Кудай алардын сыйынууларына жооп кылып, эки эсе көп акчаны кайтарып берет деп ойлошот.

Эгер биз Кудайдын батасын сатып алууга аракет кылып жатсак, анда Анын биз үчүн жасаган бардык иштерин түшүнө элекбиз. Демек, биз чыныгы Кудайга эмес, жалган кудайга сыйынабыз.



Эгерде биз чыныгы Кудайга сыйынсак, Ага берешендик менен беребиз. Бул биз Кудайды сүйөөрүбүздү көрсөтүп турат, анткени Ал бизге эң баалуу белек — Ыйса Машайак менен биримдикте түбөлүк өмүр берди!

Жалган кудайга эмес, чыныгы Кудайга сыйынышыбыз үчүн бардык күч-аракетибизди жумшашыбыз керек!

**Экинчи Осуят** кайсы (Мыйз. 5:8–10)? [6]

- Көптөгөн жерлерде башка кудайларды адамдын колу менен жасаган сүрөттөр бар. Биз Кудайды көрүнгөн нерсеге айлантпашыбыз керек. Буркан Кудайдын маңызын жетиштүү денгээлде чагылдыра албайт, эгер биз аны физикалык түрдө элестете алабыз деп ойлосок — Кудайды шылдындаган болобуз. Бул туура эмес.

  Адам жасаган буркандарга сыйынуунун көйгөйү эмнеде? [7]

- Кудайдын дүйнөдөгү бейнесин дагы кайдан көрөбүз (**Башт. 1:26**)? [8]

  Президент болобу, ырчы болобу, ажыга барган адам болобу, молдо болобу, ата — бабаларыбызбы же өлгөн адамдар болобу, биз эч кимге табынбашыбыз керек.

## Чакырык 2

Бизде буркандар барбы? Тумар тагынып же коз тийбесин деп башка нерселерди карманабызбы? Бул биз үчүн буркан сыяктуу. Бизди Кудай гана коргой алат. Кудайды шылдындаба!

Биз кантип экинч Осуятты бузабыз? [9]

## *Кошумча:* балдар үчүн натыйжасы

**Мыйзамды кайталоо 5:9–10** окунуз. Үчүнчү төртүнчү тукумуна чейин жазалаган Кудай деп таң калышыбыз мүмкүн. Бирок бүгүнкү күндө дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндөй эле, көп муундар чогуу жашашкан. Эгер балдар ата-энелеринин жана башка үй-бүлө мүчөлөрүнүн күнөөлөрүн кайталашса. Кудай ата-энесинин күнөөлөрү үчүн, балдарды жазалабайт



Биздин күнөөлөрүбүз жашообузду гана эмес, балдарыбыздын жана неберелерибиздин жашоосун да бузат. Буга мисал келтире аласызбы?

Бирок, тескерисинче, Кудайдын сүйүүсү канчага созулат? [10]

Миңинчи тукумуна чейин сүйүү көрсөтүүсү Кудайдын сүйүүсү түбөлүкө созуларын — миң муунду саноого мүмкүн эмес экенин түшүндүрөт!

**Үчүнчү Осуят** кайсы (Мыйз. 5:11)? [11]

Муса Кудайдан Анын атын сураганда, Кудай Мусага кандай жооп берген (Чыг. 3:13–14)? [12]

Жүйүт тилинде Кудайдын аты «*Жахаба*». Байыркы Келишимде «Теңир»деп которулат.

Муса Кудайдын ысымын билүү сыймыгына ээ болгон. Адамдын аты-жөнү жана мүнөзү абдан маанилүү. Адам жөнүндө жаман сөз айтылса, анын аты же мүнөзү туура эмес колдонулса, бул коркунучтуу.

Кудайдын ысымы абдан баалуу! Ысрайылдыктар Кудайдын ысымына этият мамиле кылышкандыктан, атын сейрек колдонушкан.

Биз бул Осуятты ар кандай жолдор менен бузуп алабыз:

- Канаандыктар өз кудайларынын ысымдарын **каргышта**, сыйкырчылыкта, жек көргөндөргө каршы колдонушкан. Кудай ысрайылдыктарды Анын Ысымы эч качан курулай колдонулбашы керектигин айткан. Бардык жийиркеничтүү табуунуларга тыюу салган (Мыйз. 18:9–13).

- Кудайдын Ысымын кыянаттык менен пайдалануунун дагы бир жолу — бул **биз жасаган жана айткан нерсе**. Элчи Пабыл жазгандай, «*Мыйзам менен мактанасың да, анан эмнеге мыйзамды бузуп, Кудайга сөз тийгизесиң? Анткени Ыйык Жазууда жазылгандай, силердин айыңардан бутпарастардын арасында Кудайдын ысымына тил тийип жатат*» (Рим. 2:23–24). Эгер биз Кудайдын элибиз десек, анда Ага жана башкаларга болгон сүйүүнү көрсөтүшүбүз керек. Биздин иш — аракеттерибиз, сөздөрүбүзгө дал келиши керек.

- Дагы адамдар Кудайдын ысымын дагы кандайча кыянаттык менен пайдаланышат, айрыкча, иш оңунан чыкпай жатса? [13]

Бирок, адатта, адамдар жакшы болуп жатканда Кудайды даңкташпайт!

Кантип Кудайдын ысымын бекер айтпашыбыз керек? [14]

## *Кошумча:* Ант

Байыркы Келишим убагында чындыкты айтып жатканын тастыктоо үчүн сотто адамдар Кудайдын ысмы менен ант беришкен. Канаандыктар да кудайларынын ысымдары менен ант беришкен, бирок алар көп учурда калп айтышкан.

Кудуреттүү Кудай Өз элине өзүнүн аты менен гана ант берип, чындыкты айтууну буйруган (Мыйз. 6:13 жана 5:20).

Бирок Жаңы Келишимде Ыйса *бизге эч кандай ант бербегенинер жакшы деп үйрөткөн. «Ооба» деп айтуу керек болсо, «ооба» дегиле; «жок» деп айтуу керек болсо, «жок» дегиле. Ал эми булардан башка амалкөйдөн* (Матай 5:37).

Ал антты күнүмдүк жашоодо колдонуу жөнүндө айтты. Башка адамдар менен болгон мамилебизде биз «ооба, жасайм» же «жок, кылбайм»деп гана айтышыбыз керек. Бирок, кээ бир юридикалык жагдайларда, мисалы, сотто же аскердик кызматка кирүү үчүн, кызматка же чындыкка берилгендигиңизге олуттуу мамиле жасап жатканыңызды баарына билдирүү үчүн ант берүү керек болушу мүмкүн. Мындай кырдаалда өз өлкөсүнө же өкмөтүнө берилгендик көрсөтүү күнөө эмес. Элчи Пабыл жазгандай: «*Ар бир адам жогорку бийликтегилерге баш ийсин. Анткени Кудайдан болбогон бийлик жок, бийликтин баарын Кудай орноткон*» (Рим 13:1).

**Төртүнчү Осуят** кайсы (Мыйз. 5:12–15)? [15]

Адамдарга эмнени эстеп калуу керектиги айтылган (15 аят)? [16]

Кулдар тынымсыз иштеши керек. Бирок Кудай Өз элин бошотту, эми алар кул эмес! Ошондуктан, алар укугу жок кулдардай иш кылбашы керек! Жума сайын бир күн иштебей, эркиндигин майрамдашы керек.

Эгерде биз эс алсак, ден соолугубуз үчүн эмес, Кудайга ишенебиз дегенди билдирет. Эгерде биз күн сайын, жумасына жети күн иштесек, анда Кудайга ишенбейбиз. Бул биздин бардык муктаждыктарыбызды канааттандыруу үчүн, өз күчүбүзгө таянганыбызды көрсөтүп турат. Кудайга таянганды үйрөнүшүбүз керек!

Бул күндө, убакыт өткөрүүнүн жакшы жолдору бар, ишенгендер менен жолугушуу, үй-бүлөө жана жыйын менен эс алуу үчүн жакшы убакыт.

Жыйын жетекчилери да жума сайын эс алышы керек. Жекшемби күндөрү алар көп иштешкендиктен, башка күнү эс алышы керек. Алар өзгөчө кырдаал болбосо, ошол күнү ага чалбоо керектигин баарына эскертиши керек. Ошентип, аларды чарчоодон жана депрессиядан коргой алышат. Алар жумасына бир күн эс алышса, алда канча жакшы кызмат кыла алышат!

Кудай менен жана адамдар менен болгон мамилебиз жумуштан маанилүү!

Эгер биз ишемби күндү эстесек жана аны ыйык тутсак, бул Кудайды сүйүүгө кандайча жардам берет? [17]

## Чакырык 3

Сиз жумасын бир кун эс аласызбы? Эгер эс алсаныз анда сиз бул күндү Кудай менен болгон мамилеңизди бекемдөө үчүн колдоносузбу?

## Ишенгендер ушул 4 Осуяттын кайсынысын аткарышы кыйын деп ойлойсуз?

### Ушул 4 чакырыктын кайсынысына аткарууда Кудайдан жардам сурагыныз келет?

### Кудай сизге тобо кылышыныз керек болгон нерсени көрсөттүбү?

Кудайды даңктагыла, Анын алдында күнөөлөрүбүздү мойнубузга алып ачык айтсак, адилеттүү Кудай күнөөлөрүбүздү кечирет! (1 Жакан 1:8–9)

*Кудай-Теңириңди чын жүрөгүң менен, жан-дилиң менен, бардык күч-кубатың менен сүй!* (Мыйз. 6:5)

## Үй тапшырма

Кийинки сабакка чейин **Мыйзамды кайталоо 5:16–21** окунуз.

# Жооптор

1 – *«Сени Мисир жеринен алып чыккан, кулчулуктан бошоткон Кудай-Теңириң Менмин».*
2 – Анткени Ал аларды куткарды — эми алар Анын эли.
3 – Биз дагы ысрайылдыктарга окшоп, куткарылууга татыктуу эч нерсе кылган жокпуз. Биз шайтандын бийлиги астындагы алсыз күнөөкөрлөр болгонбуз. Биз өзүбүздү куткарууга жөндөмсүз болчубуз. Бирок, Ыйса бизди куткарып, Түбөлүк Өмүр берүүнү чечти! Эми биздин жаңы Теңирибиз жана Падышабыз бар!
4 – Кудай-Теңириңди чын жүрөгүң менен, жан-дилиң менен, бардык күч-кубатың менен сүй жана өзүңдү сүйгөндөй жакыныңды сүй.
5 – *«Менден башка кудайларың болбосун».*
6 – Өзүңө буркан жасаба — эч кандай сүрөт тартпа жана ага сыйынба.
7 – Буркан Кудайдын маңызынын кереметин жетиштүү чагылдыра албайт — эгер биз аны физикалык түрдө элестете алабыз деп ойлосок, Кудайды кемсинтебиз.
8 – Бардык адамдар — Кудайдын бейнеси!
9 – Биз адам жасаган сүрөттөргө, адамдарга (тирүү же өлүү) сыйынганда же өзүбүздү коргоо үчүн тумар колдонгондо экинчи осуятты бузабыз.
10 – Миңинчи муун!
11 – *Кудай-Теңириңдин ысымын курулай эле айта бербе.*
12 – *Мен Киммин.*
13 – Бир нерсе туура эмес болуп калса, алар Кудайды күнөөлөшөт. («Оо, Кудайым!»)
14 – Кудайдын ысымын каргышка же сыйкырчылыкка колдонбошубуз керек.
Күнөө кылып, Кудайды кемсинтпешибиз керек.
Кудайдын ысымын каргыш сөз катары колдонбошубуз керек.
15 – Ишемби күндү дайыма ыйык тут.
16 – Аларды кулчулуктан бошоткон Кудай экенин, эстен чыгарбоолору керек.
17 – Биз Кудай менен убакыт өткөрүп, ишенгендер менен жолугуша алабыз.

## Мыйзамды кайталоо Сабак 7:

# **Он Осуят** (бөлүк 2)



**Бул сабакта эркектер менен аялдар өзүнчө топторго бөлүнүп окушу керек.**

Өткөн сабакта биз Кудайды сүйүүгө үйрөткөн 4 Осуятты карадык. Бул сабакта 6 Осуятты карайбыз. Алар бизди бири-бирибизди сүйүүгө үйрөтөт.

Эгерде биз биринчи кезекте Кудайды сүйбөсөк (биринчи 4 Осуят), биз бири-бирибизди сүйө албайбыз (кийинки 6 Осуят).

**Мыйзамды кайталоо 5:16–21** окунуз.

## Тартиптин маанилүүлүгү



Он Осуятты ирээти менен коюлушу Кудай үчүн эң маанилүү экенин көрсөтөт:

- Кудай биздин Аны менен болгон мамилебизге көбүрөөк тынчсызданат.
- Андан кийинки орунда бири-бирибиз менен болгон мамилебиз турат.
- Ошондо кийин гана биздин мүлкүбүз маанилүү болушу керек.

Бирок биз көп учурда бул нерселерди тескери иретке келтиребиз:

- Биз үчүн байлык баарынан маанилүү.
- Андан кийин бири-бирибиз менен болгон мамилебизге кам көрөбүз.
- Кудай менен болгон мамилебизге дээрлик кам көрбөйбүз!

Эгер биз Кудай баалаган нерсени бааласак, анда бизде тынчтык жана кубаныч болот. Бирок Кудайдын баалуулуктарын тескери бурсак, чыныгы тынчтыкты жана кубанычты эч качан биле албайбыз.

Кудайдын маанилүү тартиби, биз үчүн эмне болушу керек деген? [1]

**Мыйзамды кайталоо 5:16** окунуз. Бешинчи Осуят кайсы? [2]

Балдар ата-энелерине баш ийиши керек (Эфестиктер 6:1). Бойго жеткен балдар ата-энелерин сыйлашы керек (Мыйз. 5:16) убагы келгенде ата-энесине кам көрүшү керек (1 Тим 5:8).

Балдар да, кыздар да ата-энесине баш ийиши керек. Балдарыңыздын тарбиялоо кичинекей кезинен, алар сүйлөгөндү үйрөнө электе эле башталат!

Жакшы ата-энелер бүт үй-бүлөгө, анын ичинде балдарга жакшылык каалашат. Жакшы ата-эне болуу үчүн, ата менен эне бири-бирин сүйүп, сыйлоодон башталат. Балдар ата-энесинен көргөндөрүн көчүрүшөт. Эгерде атасы дайыма апасына кыйкырса, балдар да муну үйрөнүшөт. Эгерде эне дайыма атасын сындаса, балдар да муну үйрөнүшөт.

Идеалдуу ата-эне деген түшүнүк жок. Тилекке каршы, ата-энелер балдарынын туура эмес иш кылышына себепкер болушат. Элчилер 4:19 бул кырдаалда эмне кылышыбыз керектигин айтып жатат? [3]

## Талкуулоо

Ошентип, бойго жеткен ишенгендер ата-энелерине кандай мамиле кылышы керек?

### 1. Акча маселесине келсек:

- Эгерде көбүрөөк акча табуу үчүн, ата-энебиз жумасына жети күн иштоону талап кылышсачы?
- Эгерде алар бизди чет өлкөгө, акча табуу үчүн барып камсыз кылышыбызды каалашсачы?
- Биз үчүн маанилүү эмес буюмду алууга акча берууну талап кылышса эмне кылышыбыз керек?

Биз алар менен сезимдерибиз жөнүндө ачык сүйлөшсөк болот: биз аларды жакшы көрөбүз, бирок алар балдарыбыз менен жылдар бою көрүшпөй иштешибизди каалашат.

Алар турган жерде кандай акча табуунун жолдору бар алардын ойлору кандай?

Мисалдар төмөнкүлөр болушу мүмкүн:
- Алар чакан дүкөн куруп, кимдир бирөө жөнөтө турган продукцияны сата алабы?
- Алар башка адамдарга чеберчиликти же кол өнөрчүлүктү үйрөтүүнү сунуштай алабы?
- Алар жумушта жүргөндө башка адамдардын балдарын карай алышабы?
- Дагы кандай идеяларды сунуштай аласыз?

### 2. Үй-бүлөдөгү зомбулукка келсек:

- Эгер кимдир бирөө сиздин үй-бүлөөнүздун бироосуно жаман мамиле кылса эмне кыласыз?

Жакшы үй-булө, ар бир үй-бүлө мүчөсү үчүн коопсуз жай. Өзүңүздү же башкаларды жамандыктан коргоонун эч кандай уяты жок.

Эгерде жыйын мүчөсү үйүндө кооптуу абалда болсо, жыйын ал адамга кантип коопсуз жай берүүнү талкуулашы керек.

**Мыйзамды кайталоо 5:17** окунуз. Алтынчы Осуят кандай? [4]

Сиз бул буйрукту эч качан бузган эмесмин деп ойлошуңуз мүмкүн. Бирок...

**Мат. 5:21–22** окунуз. Анда бирөөгө кек сактоо жөнүндө эмне делет? [5]

## Чакырык 1

Сизди ачуулантҡан адам барбы? Жүрөгүңүздү кыйнап турган кечире албастыктын кишендеринен кутулуу үчүн, Кудайдан бул адамды кечирүүгө жардам сураңыз!

Бойдон алдыруу — адам өлтүрүү экендигин түшүнүү маанилүү. Жүйөлүү себептер болсо дагы. Мисалы, эгерде бала зордуктоонун натыйжасында боюна бүтүп, физикалык жактан нормалдуу болсо, бойдон алдыруу күнөө деп эсептелет. Балдар-бул Кудайдын белеги. Кудай бизге белек кылып берген балага кам көрүү үчүн, бизге бардык батаны берет деп ишенишибиз керек.

Эгерде биз (же жубайыбыз) бойдон алдырган болсок, анда үч нерсени билишибиз керек:

- Кудай бизди дагы деле сүйөт жана кечирүүгө даяр.
- Кудай биздин балабызды жакшы көрөт жана ал бизди асманда күтөт.
- Кудай бизди өткөн күнөөбүздөн бошоткусу келет.

Балаңызды өмүрдөн ажыратканыныз үчүн күнөөлүү сезим жана кайгы менен жашабаңыз.

Келгиле, бир мүнөткө токтоп, сыйынып өзүбүз үчүн кечирим сурайлы эгер биз:

- бирөөнү жек көргөн болсок,
- бойдон алдырткан болсонуз.



Кудай сизге сүйүүнү жана кечиримди ачып беруусун сыйыныныз!

**Мыйзамды кайталоо 5:18** окунуз. Жетинчи Осуят кайсы? [6]

Эркек менен аялдын ортосундагы никесиз жыныстык мамилелердин бардыгы туура эмес. Эки жаш үйлөнгөнгө чейин бири-бирине жакындашпашы керек (өбүшүү, кучакташуу ж.б). Элчи Пабыл жазгандай *«араңарда ойноштук, ар кандай ыпыластык болбошу керек»* (Эф. 5:3).

Жигит күйөө болууну үйрөнүү үчүн ойноштука барбашы керек. Күйөөнүн эң негизги сапаты-аялына берилгендик. Ошентип, бойго жеткенде ойноштука баруу — бул **таза эмес** күйөө. Тескерисинче, ал аялына эң кымбат той белеги: анын тазалыгы. Ал тургай, аялын сойку менен салыштыруу туура эмес жана ал айыккыс жагымсыз ооруга чалдыгышы мүмкүн.

Эгер аялы жыныстык катнашта болбой турган убакыт болуп калса. Мисалы, төрөгөндөн кийин, аялынын этек кири келгенде, көптөн бери ооруп калса, күйөөсү же аялы башка өлкөлөрдө иштеген

болсо. Күйөөлөр ойноштукка барбашы керек Өзүбүздү башкара билүү, биздин жашообузда Ыйык Рухтун бар экендигинин далилдейт (Гал. 5:22–23). Аял-күйөөсү бири-биринен узак убакыт бөлүнүүлөрү жакшы эмес (1 Корунттуктар 7:5). Ушундан улам көптөгөн никелер бузулат. Күйөө менен аялга бири-бирин кабыл алуусу бактылуу нике үчүн зарыл. Элчи Пабыл жазгандай: «*Же эмне, денеңер Машайактын дене мүчөлөрү экенин билбейсиңерби?? Машайактын дене мүчөсүн сойку аялдын мүчөсү кылмак белем? Албетте, жок! Же эмне, сойку аял менен кошулган адам аны менен биригип, бир дене болорун билбейсиңерби? Анткени Ыйык Жазууда: „Экөө бир дене болот“,*» — деп жазылган (1 Корунттуктар 6:15–16).

Ойноштука баруунун көйгөйү эмнеде? [7]

Кудай биздин иш-аракеттерибизге эле эмес, биздин ойлорубузга да кызыкдар.

**Мат. 5:27–30** окунуз. Бул аяттар биздин оюбуз жөнүндө эмнени айтып турат? [8]

# Чакырык 2



Сиз кайсы тасмаларды жана видеолорду көрөсүз?

Эротикалык фильмдерди көрүү төмөндөгү көйгөйдү жаратат:

- Алар биздин акылыбызды таза эмес ойлорго толтурушат.
- Бул сүрөттөр биздин эсибизде түбөлүккө калышы мүмкүн.
- Туура эмес иштерди жасоого түрткү берет.
- Алар жубайына наразычылыкты жаратып, никедеги мамилени бузат.
- Мындай кинолорду үйлөнүү тоюна чейин көрүү, келечектеги никени бузат
- Бул тасмалар бизди мастурбациялоого үндөйт-бул өз алдынча сексуалдык ырахат издөө дегенди билдирет. Секс-бул жубайлар гана ырахат ала турган белек. Ыйык Китепте өзүбүздү башкара билүү жана «*эркиндигиңер күнөөкөр табиятыңарды канааттандырууга*» барбоого чакырат (Галатиялыктар 5:13).

Кинонун айрым түрлөрүн көрүүдөн баш тартуу керекпи?



Келгиле, бир мүнөткө тынчтанып, Кудайдан эч качан кечирим сурабаган бардык жыныстык күнөөлөрүбүз үчүн кечирим сурап сыйыналык.

Биз көргөн туура эмес кинолор, бизге таза эмес ойду калтырган нерселер үчүн Кудайдан кечирим сурап сыйыналы.

Кудайдан жүрөгүнүздүн тазалоосун, кечирим сурап сыйыныңыз.

Баарыбыз өзүбүз үчүн Кудайдын сүйүүсү жана кечиримдүүлү ачылсын деп сыйыналык!

Ыйык Рухтун күчү менен биз баарыбыз мындай нерселерди көрүүнү жана жасоону токтотууну сурап сыйыналык

**Мыйзамды кайталоо 5:19** окунуз. Сегизинчи Осуят кайсы? [9]

Качан бул Осуятты сактабайбыз?

Эгерде биз туура эмес аткарган жумушубуз үчүн айлык алсак, бул уурулук. Жумуш берүүчүңүз сизге белгилүү бир жумушту аткарганыңыз үчүн акча төлөйт. Эч ким көзөмлөгө албаса дагы, жумушту туура аткарганыңыз маанилүү (Эфестиктер 6:5–8 караңыз).

Эгерде биз кимдир бирөөдөн же жыйындан карызга алган болсок (мисалы, табак, сүлгү, китеп, оюнчук), кимдир бирөө бул белек деп айтпаса, биз аны дайыма кайтарып беришибиз керек. Эгер кайтарып бербесек, анда биз бул нерселерди уурдап алган болобуз.

Эгерде карыз алсак, аны кайтарып беришибиз керек. Бирок акчаны кайтарып бере албасак, анда карызга алган адам менен, карызды кайтарып беруу жолдорун сүйлөшүбүз керек. Көбүнчө, жыйындагы адамдар жыйынды башка мүчөлөрүнө карызга акча бергенде, карыз алган адам жыйынга келбей калат, анткени аны кайтарып бере албайт.

Келгиле, бир мүнөткө токтоп, кечирим сурайлы эгер:
- жумуш берүүчүнү алдасак.
- уурдаган болсок.
- карызды кайтарып бербесек.



Бул көйгөй жакында чечилсин деп Кудайдан жардам сурап сыйынабыз.

Карыздан улам бузулган мамилелер жакында калыбына келсин деп Кудайдан суранабыз.

Баарыбз Кудайдын керемет сүйүүсүн жана Анын кечиримин сурап сыйыналы.

**Мыйзамды кайталоо 5:20** окунуз. Тогузунчу Осуят? [10]

Башкалар жөнүндө жаман сүйлөсөк алардын жашоосун талкалаган болобуз. Ошондой эле башкаларды ушактасак, алардын жашоосу талкаланат, өзү жөнүндө жаман сөз болуп жатканын адам билип калса, жыйынга келүүнү токтотот.



Келгиле, бир мүнөткө токтолуп, башкалар жөнүндө туура эмес сүйлөсөк ошол үчүн кечирим сурап сыйыналык.

Ушактын айынан жыйынга келбей калгандар үчүн сыйыналык.

Биздин өзгөрүүбүзгө кандайча жардам берээрин Ыйык Рухтан сурап сыйыналык.

Баарыбыз Кудайдын керемет сүйүүсүн жана Анын кечиримин сурап сыйыналык!

**Мыйзамды кайталоо 5:21** окунуз. Онунчу Осуят кайсы? [11]

«Каалоо» деген сөз эмнени билдирет? [12]

**Эвр. 13:5** аят эмне дейт. Акчага болгон мамилебиз кандай болушу керек? [13]

Биз колубузда болгон нерсеге ыраазы болуу:

- Бизге берген Тенирге ыраазыбыз.
- Бизде жок нерсеге наарazы эмеспиз.
- Башкаларда бар нерсе бизде жок деп, көз артпайбыз.

Качан адамдарга жетиштүү болот? [14]

Көптөгөн адамдар күнүнө көп саат иштешкендиктен, балдарын көп көрүшпөйт.

Айрымдары башка өлкөгө жумушка кетип, үй-бүлөсүн жылдап көрүшпөйт. Эгер сиз чет өлкөдө иштеп жатсаңыз, акча табуу үчүн үйдөн жана үй-бүлөдөн канча убакыт алыс болууну билүү үчүн, Кудайдын акылмандыгын сурап сыйынуу маанилүү.

Дагы бир нерсени сатып алууну каалап акча табуу оңой. Бирок балдар үчүн эң баалуу нерсе — ата-энеси алардын жанында болуусу. Балдар ата-эненин сүйүүсүнө жана Кудайды ээрчүүгө үйрөтүүсүнө муктаж.



Сиз каалап жаткан нерселерди көрсөтүүсүн Теңирден сураңыз, анан ушул нерселерге ээ болууну каалоо, сиз кабыл алган чечимдерге кандай таасир берээрин көрсөтүүсүн сураңыз. Ушул нерселерге ээ болууну каалаганыңыз үчүн ким кыйналат?

Теңир бул жөнүндө сизге эмне айткысы келет?

# Кантип кечирим алуу керек?

**1 Жакан. 1:8–9** окунуз.

Биз күнөө кылбайбыз деп ойлосок, анда 8-аятта эмне дейт? [15]

Кантип кечиримдүү боло алабыз 9 аятта эмне дейт? [16]

Албетте, күнөөлөрдү моюнга алуу Кудай менен сиздин ортонуздагы жеке мамиле. Эгер сиз күнөөлөрүңүздү ишенген башка адамга айтып мойнуңузга алсаңыз, бул сиздин жашооңуздагы күнөөнүн күчүн бузуунун күчтүү жолу экенин көрөсүз.

Сабакты чогу окуп жаткан топто, күнөөлөрүңүздү моюнга алуу үчүн ынгайлуу мумкунчулук. Бирок өтө этият болуңуз жана **топто бөлүшүлгөн нерселер жөнүндө эч кимге айтылбашы керек**. Ишенүүчүлөр ишенимдүү адамдар болууну үйрөнүшүбүз керек!

## Талкуулоо

Жыйын мүчөлөрүнө Он Осуятты кайсынысын аткаруу кыйын?

Бул Он Осуяттын кайсынысын аткаруу эң кыйын?

**Кудайга Данк, Ал бизге Өзү каалагандай жашоого жардам берүү үчүн Ыйык Рухту берди!**

**Бүгүн Кудайдын Ыйык Рухуна толуу үчүн, бири-бирибизге сыйынабыз!**

## Үй тапшырма

Кийинки сабакка чейин **Мыйзамды кайталоо 6 бөлүмдү** окунуз.

## Жооптор

1 – Кудай биз менен болгон мамилеге көбүрөөк көңүл бурат. Кийинки орунда бири-бирибиз менен болгон мамиле. Ошондон кийин гана мүлк биз үчүн маанилүү болушу керек.
2 – Ата-эненди сыйла.
3 – Сиз адамга эмес, Кудайга баш ийишиңиз керек.
4 – Өлтүрбө.
5 – Эгер кимдир бирөөгө ачуулансак, анда аны өлтүргөнгө эле барабар.
6 – Аял күйөөсүнө берилгендикти бузбаңыз.
7 – Ойноштукка баруу никеңизди, акылыңызды жана ден соолугуңузду бузат.
8 – Эгерде бизде таза эмес ойлор болсо, бул жаман нерсе, ошондой эле жаман иш.
9 – Уурдаба.
10 – Калп айтпа.
11 – Эч нерсеге көз артпа!
12 – Демек, биз чындыгында бир нерсеге ээ болгубуз келет.
13 – Акчаны сүйүүдөн алыс болуңуз, колуңузда болгон нерсеге ыраазы болуңуз.
14 – Эч качан! Көпчүлүк адамдар дайыма бай болгусу келет!
15 – Биз өзүбүздү алдап жатабыз.
16 – Кудайдын алдында күнөөлөрүбүздү ачык моюнга алышыбыз керек.

Мыйзамды кайталоо Сабак 8:

# Сенин Кудай Тениринди сүй



Бул сабакта, биздин Кудайга болгон сүйүүбүз жашообузда кандай көрүнөт.

**Мыйзамды кайталоо 6-бөлүмдү** окунуз.

## Жалгыз Кудай

4-бөлүмдө Кудай жөнүндө эмне дейт? [1]

Эврейче жазуунун түп нускасында: «*Жахаба, биздин Кудай, Тенир бирөө*»деп айтылат.

Эврейче «бир» деген сөз «эхад». Бул биримдикти билдирет. «Эхад» деген сөздү да окуйбуз:

- Кудай жыйын чатырын кантип куруу керектиги жөнүндө көрсөтмө бергенде: «*Алтындан элүү илгич жасап, жабууларды илгичтер менен бири-бирине бириктир, ошондо бир бүтүн чатыр болуп калат*» (Чыгуу 26:6).
- Кудуреттүү Кудай Жезекилге Ысрайыл элин бир эл кылып бириктирерин айткан: аларга айт: Кудай-Теңир мындай дейт: «*Мен Жусуптун таягын — Эпрайымдын колундагы жана ага кошулган Ысрайыл урууларынын колундагы таякты алып, аны Жүйүттүн таягына кошом, аларды бир таяк кылам, алар Менин колумда бир таяк болот*» (Жезекил 37:19).

Кээ бирөөлөр, Машайактын жолдоочулары үч Кудайга сыйынышат дешет. Биздин Кудай — бир гана Кудай. Жахаба-жалгыз тирүү жана чыныгы Кудай. Ал жалгыз — Кудай жана Ал «бир». Кудай өз элинин башка кудайларга сыйынышын каалабайт. Аялдын бир гана күйөөсү болгондой эле, бизде дагы бир гана Кудай болот. Башка нерсеге сыйынуу-бул коркунучтуу ишенимсиздик. Ошондуктан Мыйзамдын 6-бөлүмү «*Кудай-Теңириңди чын жүрөгүң менен, жан-дилиң менен, бардык күч-кубатың менен сүй*» деген сөздөр менен уланат (5-аят).

Эмне үчүн биз бир гана Кудайга сыйынабыз? [2]

# Биздин жалгыз Кудай — бул Уч Бирдиктуу

Байыркы Келишимде да, Жаңы Келишимде да Үч Бирдиктин далилдери бар. Мисалы:

- **Башт. 1:26:** Кудай «менин» бейнем эмес, «биздин» дейт. Бул жерде биздин жалгыз Кудайыбыз бир эмес, бир нече экенин көрсөтүп жатат.

- **Башт. 18:22:** Кудай асманда жана жерде! Албетте, Кудай Ата дагы деле асманда. Ошентсе да, Кудай адам менен адам болуп, жер бетинде Ыбрайым менен сүйлөшүп жатат. Кантип болушу мүмкүн? Кудай бир экенин, бирок Ал Үч инсанда экенин түшүнгөндө, бул түшүнүктүү болот. Бул Үч Бирдиктин экинчи адамы Кудайдын периштеси болуп көрүнүп: «*Мен эмне кыларымды Ыбрайымдан жашырамбы?*» (Башт. 18:17). Ал адам болуп төрөлгөнгө чейин эле, Байыркы Келишимде Үч Бирдиктин экинчи инсандыгы адам кейпинде (мисалы, жашоо көрүнгөн бир нече учурлар бар. Башт. 32:22–31 жана Дан. 3:24–25).

- **Чыгуу 24:9–11:** «*Сага Менин жүзүмдү көрүүгө болбойт, анткени Менин жүзүмдү көргөн адам тирүү калбайт*» деп жазылган (Чыг. 33:20). Кантип бул адамдар Кудайды көрүп, өлүшкөн жок? Эгер бул Уч Бирдиктин экинчи инсандыгы болгонун түшүнсөк, анда ал түшүнүктүү болот. Күндөрдүн биринде ал жерге адам кейпинде келет жана көпчүлүккө көрүнөт!

- **Мат. 22:43–45:** Ыйса Машайактын Кудай экенин көрсөтүү үчүн Забур 109 атылган. Кудай бир эле убакта асманда да, жерде да болгон!

- **Жакан 14:16–17:** Кудайдын Уулу Ыйса Кудай Атадан шакирттерине Ыйык Рухту жиберүүнү суранарын айтат. Бул асмандагы Кудай Уулунун сыйынууларын угуп жатканын көрсөтүп турат. Ал бизде жашашы үчүн өзүнүн Ыйык Рухун жиберет! Ошентип, бул аяттарда биз Үч Бирдиктин үч мүчөсүн тең көрөбүз.

Жаңы Келишимде Кудай бул Ата, Уул жана Ыйык Рух экенин билебиз. Кудай Уч Инсандын биримдиги. Уч Биримдик-бул Кудай жөнүндө кереметтүү элестетүү. Ал бизге алыскы Кудай эмес, бизге жакын Кудай экенин көрсөтүп турат. Кудай бизде жашайт, ошол эле учурда Ааламдын Тенири!

Эмне үчүн Кудай Ата, Уул жана Ыйык Рух экени ушунчалык сонун? [3]

## *Кошумча:* Кимдин атынан?

**Мат. 28:18–20** окунуз. Биз адамдарды кимдин атынан чөмүлдүрүп жатабыз? [4]

**Жкн. 14:13** окунуз. Кимдин атынан сыйынышыбыз керек? [5]

**Эвр. 10:19** окунуз. Эмне үчүн биз Ыйсанын атынан сыйынабыз? [6]

Бул эң сонун артыкчылык! Биз Ыйса Машайак аркылуу Асмандагы Атага келе алабыз!

Мыйзамды кайталоо 6:21 жана 23 Кудай жөнүндө эмне дейт? [7]

Ысрайылды Мисирдеги кулчулуктан Кудай-Теңир гана куткара алган. Башка кудайлар аларга жардам бере алышкан жок.

Мыйзамды кайталоо 6:10–12-аяттар Кудайдын мүнөзү жөнүндө эмнени айтып турат? [8]

Кудай-берешен Кудай!

# Кудайдын эли кандай жашашы керек

Мунун баарына жооп кылып, Кудай Өз элине эмне кылууну буйруйт (Мыйз. 6:5)? [9]

Кудайдын эли Аны гана сүйүшү керек! Алардын жашоосунда эч ким, эч нерсе биринчи орунда турбашы керек. Эгер алар Кудайдан башка нерсени сүйүшсө, анда бурхандарга сыйынышат. Натыйжада, алар Кудайга баш ийүү батасын сезишпейт.

## Чакырык 1

Байыркы Келишимдеги **жүрөк**-бул чечим кабыл алынган жер. Эмне кыларыңызды жүрөгүңүз чечет. Мисалы, Накыл Сөздөр 3:1–3: «... *акыл-насаатымды эсиңден чыгарба, **жүрөгүң** осуяттарымды сактасын*».

Чечимдерибиз Кудайга жагууну көздөп жатабы?

- Күн сайын эртең менен жумушка барардан мурун Ыйык Китепти окуп, сыйынууну чечтиңизби?
- Жумушка барууну же досторуңуз менен жолугушуунун ордуна жыйынга барууну чечтиңизби?
- Үйдө же жумушта сизди капаланткандар үчүн сыйынууну чечтиңизби?
- Телефон көргүңүз келсе дагы, башкаларга кызмат кылууну чечтиңизби?
- Телефондон жана сыналгыдан пайдалуу нерселерди гана көрүүнү чечтиңизби?

*Теңирди бүт **жүрөгүң** менен сүй!* (Мыйз. 6:5)

Байыркы Келишимде **жан**-биздин каалоолорубузду жана эмоцияларыбызды көрсөткөн жер. Мисалы: *Менин жаным, Теңирди даңкта!* (Заб. 102:1)

Биз каалоолорубуз жана сезимдерибиз менен Кудайга жагууга умтулабызбы?

Эмнени көбүрөөк каалайбыз:

- Көбүрөөк акча табуунубу же Кудайдын эли менен баарлашуунубу?
- Көбүрөөк акча табасызбы, үй-бүлөңүз менен убакыт өткөрөсүзбү?
- Социалдык тармактардан акыркы жаңылыктарды угасызбы же Кудайдын сөзүн угасызбы?
- Өзү каалаганын кылабы же Ыйса Машайакты сүйгөн ишенген аялын же күйөөсүн күтөбү?
- Ачууланганыбызда ачуубузду билдиребизби же токтоолукту көрсөтөбүзбү?

*Теңирди сүй... бүт **жаның** менен!* (Мыйз. 6:5)

«**Күч**» деген сөз Кудайды канчалык сүйүшүбүз керектигин баса белгилейт!

*Кудай-Теңириңди **бүт** жүрөгүң менен, **бүт** жаның менен жана **бүт** күчүң менен сүй* (Мыйз. 6:5).

Биз кимге жагууну көздөп жатабыз: өзүбүзгө же Кудайгабы?

Кудайды сүйүү — Убадаланган жердеги Канаандыктар табынган жалган кудайлардан эмес, Андан коркууну билдирет.

**Мыйзамды кайталоо 6:13–17** Ысрайылдыктар Кудайдан кантип коркушу керектиги жөнүндө эмне деген? [10]

Ошо сыяктуу эле, биз адамдардан жана алардын каргышынан коркпошубуз керек. Төлгөчүлөр төлгө ачып «ыйык адамга» же мүрзөлөргө барып табынышса, биз аларга кошулуп табынбашыбыз керек.

## **Масадагы окуя** (Мыйз. 6:16)

Ысрайылдыктар чындап суусашкандыктан Мусага жана Кудайга ачууланышты. Аларга ичкилери келген сууну Кудай берет деп ишенишкен эмес. Алар Мусаны таш бараңга алганга да даяр болушкан. Кудай ушунчалык көп кереметтерди жасаганына карабастан, Кудай, чынында эле, алар менен экенине шектеништи. Кудай аларга ачууланды! (Чыг. 17:1–7)

Ысрайылдыктар бул аятта Теңирди эмне деп сынап жатышты? [11]

Биз кантип Тенирди сынайбыз? [12]

**Мыйзамды кайталоо 6:6–9** окунуз

> ***«Мен бүгүн осуяттап жаткан ушул сөздөрдү жүрөгүңдө сакта»*** — бул биз кабыл алган бардык чечимдерибизге таасир бериши керек.

Ысрайылдыктар жүрөктөрүн сактоо үчүн эмне кылышы керек эле? [13]

# Чакырык 2

Канткенде Кудайдын сөзү жүрөгүбүздө болот. [14]



Кантип балдарыбызга Кудайдын сөзүн үйрөтө алабыз? [15]

***Колуна белги катары байлап ал:*** колубуз менен бардык жумушубузду жасайбыз. Демек, Кудайдын сөздөрү, биз өз колубуз менен жасаган бардык нерсеге багыт бериши керек.

## Чакырык 3

Колубуз менен жасай турган жакшылыктардын мисалдарын келтириңиз. [16]

Кудайдан: «бул кырдаалда мен Сага эмне кызмат кыла алам?»

Колубуз менен кыла турган жаман нерселердин мисалдарын келтириңиз. [17]

Өзүндөн сурап көргөнун маанилуу: «Ыйса эмне кылмак?»

***Чекеңе жазып ал:*** бул Кудайдын сөзү кайда барарыбызды көрсөтүшү керек дегенди билдирет. Кудайдын Сөзүн изилдөө менен, биз барган сайын Ыйса кайсы жерлерге барышыбызды жана Ыйса кайсы жерлерге барышыбызды каалай турганын билебиз.


## Чакырык 4

Биз барышыбыз керек болгон жакшы жерлердин мисалдарын келтириңиз. [18]

Биз барбашыбыз керек болгон жаман жерлердин мисалдарын келтириңиз. [19]

***Үйдүн… эшигинин кашектерине жазып кой:*** Бул биздин үйдө жашаган же биздин үйгө келген ар бир адам биздин Кудайды сүйөрүбүздү билиши үчүн.

## Чакырык 5



Үйүңүздө жашаган же үйүңүзгө келгендердин баары Кудайды сүйөрүңүздү билиши үчүн эмне кылсаңыз болот? [20]

Кудайдын сөзүн эске салгандай кылып, аяттарды жазып, үйдүн көрүнүктүү жерине илип кой. Аяттарды тез-тез карап турууга, күзгүнүн жанына же эшикке илип койунуз

Дубалдарга илип коюуга аяттардын мисалдарын бере аласызбы? [21]

Кудайдын сөзүн жашооңузда жана үйүңүздө маанилүү кылуу үчүн эмне кылсаңыз болот?

***Үйүңүздүн дарбазасына жазыңыз:*** ошол күндөрү Дарбаза шаардын маанилүү адамдары чогулуп, маанилүү иштерди талкуулап иш жүргүзгөн жер болгон. Бүгүнку шаардык кеңешке окшоп кетет. (**Рут 4:1–4** окунуз.)

Ошентип, бул буйрук Кудайдын эли үчүн, Кудайдын буйругу шаардыктардын жашоосунун бардык тармактарына таасир этиши үчүн арналган.

Бүгүнкү күндө Кудайдын эли — бир эле улут эмес. Алар дүйнө жүзү боюнча ар кайсы улуттардан турушат. Дүйнө жүзү боюнча алар өз жеринин жыргалчылыгы үчүн иштешет: Жакырларга, качкындарга, жетим балдарга, түрмөдөгүлөргө, аялдарга сойкулуктун кулчулугунан качууга жардам берүү; майыптарга кызмат кылуу; адамдарга көз карандылыктан арылууга жардам берүү; парктарда таштанды чогултуу жана башкалар.

Кудайдын эли-булар сүйүүнүн адамдары: Жамандыкка жамандык менен жооп беришпейт тескерисинче, бардык адамдардын алдында жакшылык кылууга аракеттенишип белектерди берип, жардамга муктаж болсо жардам беруу менен сүйүү көрсөтүшөт (Рим. 12:14–21).

## Чакырык 6

Сиз жашаган жерде Кудайга болгон сүйүүнү кантип иш жүзүндө көрсөтө аласыз.

### Бүгүн Кудай жөнүндө эмнени билдик?

### Бул сабактан кийин жашооңузда кандай өзгөрүүлөрдү жасагыңыз келет?

## Үй тапшырма

Кийинки сабакка өтүүдөн мурун, **Мыйзамды кайталоо 7:1–11**-аяттарды окуп, алгачкы эки таблицаны толтуруңуз (5 жана 6-суроолор). Топто чогуу жолукканда жоопторун талкууланыздар.

# Жооптор

1 – Тенир — бирөө.
2 – Жахаба жалгыз тирүү жана чыныгы Кудай. Бир нерсеге же башка бирөөгө табынуу-бул коркунучтуу ишенимсиздик.
3 – Кудай бизден алыс эмес Кудай, бизге жакын Кудай. Кудай бизде жашайт, ошол эле учурда Ааламдын Тенири!
4 – Биз Ата, Уул, Ыйык Рухтун атынан адамдарды чөмүлдүрөбүз.
5 – Ыйса Машайактын атынан.
6 – Биз Ыйсанын каны менен тазалангандыктан Кудай Атага келе алабыз, жана Ыйсанын атынан сыйынабыз.
7 – Кудай ысрайылдыктарды Мисирдеги кулчулуктан куткарган, аларды Убада кылынган жерге алып келүүгө.
8 – Кудай — берешен Кудай, Ал Убада кылынган жерде алардын муктаждыктарын камсыз кылган.
9 – Алар Аны чын жүрөктөн, жан-дили менен жана бардык күчү менен сүйүшү керек
10 – Алар жалгыз Ага кызмат кылышсын, Анын Ысымы менен ант беришип, башка кудайларды ээрчибеши керек, Анын мыйзамдарына баш ийүү.
11 – Кудай аларга керектүү нерселердин бардыгын берет деп ишенбегендиктен ачууланышты.
12 – Биз муктаж болгон нерсебизди камсыз кылуу үчүн Кудайга ишенбесек жана налысак.
13 – Алардын колдорунда, чекелеринде, эшиктеринин кашектеринде тагылган Кудайдын сөздөрүн күнү-түнү балдарына айтып бериши керек болчу.
14 – Биз Ыйык Китепти окуп, изилдеп, ой жүгүртүп, Ага баш ийишибиз керек, ошондо ал биздин бардык чечимдерибизге таасир берет.
15 – Биз балдарыбызга Ыйык Китепти окуп берүү же балдар өздөрү Ыйык Китепти окушуп жана Руханий ырларды чогу ырдоо. Жолдо баратканда Ыйык Китептеги окуяларды айтып берүү керек. Ыйса биздин жашообузду мүнөт сайын өзгөртүп жатканын көрүшү үчүн, балдарыбызга Кудайдан сыйынганыбызда кандай жооп бергенин бөлүшүп турубуз маанилүү.
16 – Үйдө, жыйында, коомдо кызмат кылу, муктаж болгон адамдарга белек, шыктандырыуу менен жардам берүү.
17 – Уурдоо, ууру, жардам бербөө(жалкоолук), телефондон жаман нерселерди көрүү, жерге таштанды ыргытуу.
18 – Жыйынга баруу, ооруп калгандарга же тууганын жоготкондорго баруу аларга Ыйса жөнүндө айтып берүү.
19 – Зордук-зомбулук же эротикалык кинолорду, телевизордон же телефондон көрбөнүз. Жумуш деп жыйынды калтырбаныз. Эгер досторунуз туура эмес журум турумда болсо аларга кошулбаныз.
20 – Эң негизгиси, алар сиз аркылуу Кудайдын сүйүүсүүн жана жарыгын көрүшөт. Тамактын алдында сыйыныңыз. Кудай сиздин сыйынуунузга кандай жооп бергени жөнүндө сүйлөшүңүз. Үйүңүздөн чыгаарда ар бирин баталап сыйыныныз. Ошондой эле, Ыйык Китептеги аяттарды үйүңүздө илинип турса, бул адамдарга Кудайдын сөзү сиз үчүн чоң мааниге ээ экенин сезишет.
21 – Мисалдар:
- Эвр 13:6,
- 2 Кор. 12:9,
- Забур 22,
- Нак соз. 3:5–6
- Заб. 39:2–4.

## Мыйзамды кайталоо Сабак 9:

# Жерди ээлөө



Бул сабакта 5 суроо ыкмасын колдонуп. Биздин Кудай кандай керемет жана Ал биз үчүн эмне кылгандыгы жөнүндө көбүрөөк ой жүгүртүүгө жардам берет!

**Мыйзамды кайталоо 7:1—11** окунуз.

## Канаан элин жок кылуу

Экинчи сабакта окуганыбыздай, Канаан жеринде жашаган адамдар Кудайга жакпаган жиркеничту иштерди кылышчу. Алар кудайларына арнап балдары менен кыздарын отко өрттөшөт (Мыйз. 12:31). Кудай бул элдерди күнөөсү үчүн жок кылгысы келди.

Кудайдын эли Канаан жеринде башка элдерге үлгү болууга, кандай жашоо керектигин көрсөтүшү керек эле. Ошондо башка элдер да Кудайдын канчалык Улуу жана акылдуу экенин көрүп, ага кантип жагууну билишмек.

Бул адамдардын жок кылынышы дүйнөлүк тарыхта өзгөчө окуя болгон. Бүгүнкү күндө башка өлкөнү басып алуу, күнөөкөр элди жок кылуу жакшы мисал эмес, Жаратканга баш ийбегендерге эскертүү болуп саналат. Акыр заманда Кудай бардык адамдарды соттойт жана бардык жамандыктарды жок кылат.

Кудай ысрайылдыктарды Убада кылган жерге киргизип, Ыбрайымга жана анын урпактарына берген убадасын керемет жолу менен аткарган. Ошондой эле, Кудай бүт эли үчүн даярдаган **түбөлүк Убада кылынган жерди** эсибизге салат. Жакында Ыйса кайтып келип, өз элин Жаңы Иерусалимге алып кетет! Ал жерде кемчиликсиз, өлүм жок, кайгы жок, ый жана оору жок! (Аян. 21:4)

Эмне үчүн Канаан элин жок кылыш керек эле? [1]

Канаанда жашаган күнөөкөр адамдарды жок кылуу бизге эмне жөнүндө эскертет? [2]

Убада кылган жер бүгүн эмнени эске салат? [3]

**Жкн. 3:16–17** окунуз. Кантип биз ал жака бара алабыз, түбөлүк жашайбыз? [4]

# Үзүндүнү изилдөө

Бул жерде биз Ыйык китептин каалаган үзүндүсүн изилдөө үчүн колдоно турган 5 суроо:

1. Бул үзүндү бизге Кудай (Ата, Уул жана Ыйык Рух) жөнүндө эмне дейт?

2. Бул үзүндү бизге адамдар жөнүндө эмне дейт?

3. Бул, жерде барбы:
   - Баш ийуу үчүн болгон буйрук,
   - Биз угушубуз керек болгон эскертүү,
   - Биз аткарышыбыз керек болгон мисалдар?

4. Бул үзүндүдөн Кудай бизге эмнени үйрөттү?

5. Ким менен бөлүшсөм болот?

Мыйзамды кайталоо 7:1–11 окуп изилдеп түшүнүү үчүн, ар бир суроого жооп берели.

# 1. Бул аяттар Кудай (Ата, Уул жана Ыйык Рух) жөнүндө бизге эмнелерди айтат? [5]

Бул таблицаны толтуруңуз, андан кийин 5-суроого берилген жооптор менен салыштырыңыз.

Кошумча таблицага же үчүнчү тилкеге Жаңы Келишимден сиз билген аятка окшош аяттарды жайгаштырсаңыз болот. Сабакка чейин үй тапшырманы аткарган болсоңуз, топто окшош тапкан аяттарыныз менен бөлүшүңүз.

| Аяттар 7:1–11 | Кудай жөнүндө эмне билдик? | Жаңы келишимде бул жөнүндө шилтемелер барбы? |
|---|---|---|
| | | |
| | | |

| | | |
|---|---|---|
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |

## 2. Бул аяттар адамдар жөнүндө эмнени айтат? [6]


Бул таблицаны толтуруңуз, андан кийин 6-суроого берилген жооптор менен салыштырыңыз.

| Аяттар 7:1–11 | Адамдар жөнүндө эмне билдик? | Жаңы келишимде бул жөнүндө шилтемелер барбы? |
|---|---|---|
| | | |
| | | |
| | | |

Байыркы Келишим Кудайдын элин Жаңы келишимде келе турган Машаякка даярдаган. Жаңы келишим бизге Байыркы Келишимдегидей эле Кудай жана адамдар жөнүндө үйрөтөт. Алар өзгөргөн жок. Ыйык Рухтун күчү менен гана адамдар Кудай чакырган ыйык адамдарга айлана алышат!

Бул суроого жооп берүүдөн мурун, контекст жөнүндө ойлонушубуз керек!

## Контекст жөнүндө эсиниздеби!



Байыркы Келишимди изилдеп жатып, биз айкаш **жыгачтан кийин**, башкача айтканда, Ыйса өлүп кайра тирилгенден кийин жашап жатканыбызды эсибизден чыгарбашыбыз керек. Бул, эмнени билдирет:

- Ыйса Кудайдын бардык буйруктарын кемчиликсиз аткарган, биздин күнөөлөрүбүз үчүн кемчиликсиз курмандык болду. Эми Ал бизге жаңы ыйык келишим менен жаңы Осуятты берди.
- Бүгүн Убада кылынган физикалык жер жок. Биз күрөшө турган жер жок. Ишенгендер бир географиялык жерде эмес, дүйнөнүн бардык өлкөлөрүндө жашашат! Ыйса кайтып келип, түбөлүк Убада кылынган жерде Аны менен бирге жашоо үчүн, баарыбызды алып кете турган күндү чыдамсыздык менен күтөбүз!

Демек, Байыркы Келишимдеги Кудайдын буйруктарын окуп жатып, бизге бул Жаңы Келишимдеги буйруктар эмне дейт?

# 3. бул жерде Кудайдын эли баш ийиши керек болгон буйрук, уга турган, эскертүүлөр же үлгүлүү мисалдар барбы? [7]

Бул таблицаны толтуруңуз, андан кийин 7-суроолоруна берилген жооптор менен салыштырыңыз.

| Аяттар 7:1–11 | Буйрук/эскертүү/ мисал | Бүгүн муну кылышыбыз керекби? | Эмне үчүн бул жөнүндө Жаны Келшимде айтып жатат? |
|---|---|---|---|
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |

Эки маанилүү пункт:

1. Ишенген адам ишенбеген адамга үйлөнгөндө, ишенген жубайдын жашоосу бардык жагынан өтө оор болуп калат. Көбүнчө аларга жыйынга барууга же балдарына Ыйсаны ээрчүүгө үйрөтүүгө тыюу салынат. Алар көп учурда талашып-тартышат. Ишенүүчү адамдын Кудайга болгон ишенимин муздатуу оңой.

2. Башка кудайларга сыйынууга үндөгөн, Мисалы: тумарлардан ар кандай көзгө көрүнгөн азгыруучу буюмдардан, гороскоптордон, башка диндеги адамдар ыйык деп эсептеген китептердеги аяттардан сак болушубуз же арылышыбыз керек. Албетте, эгер сиз үйүңүздүн ээси болбосоңуз, анда бул нерселерден арылуу мүмкүн эмес. Үйдөгүлөр Кудайды кантип таарынтып жатканын түшүнүшү үчүн сыйыныңыз!

Байыркы Келишимдин кайсы мыйзамдарын бүгүн дагы сакташыбыз керектиги жөнүндө кийинки сабакта сүйлөшөбүз.

## 4. Кудай бул аяттар аркылуу сизди эмнеге үйрөттү?

## 5. Ким менен бөлүшө алам?

### Үй тапшырма

Бул жумада, ар бир күнү Мыйзамды кайталоодон бирден бөлүктү окуп 5 суроого жооп бериниз:

1. 7:12–26
2. 8:1–20
3. 9:1–6
4. 9:7–29
5. 10;1–11
6. 10:12–22
7. 11:1–32

# Жооптор

1 – Алар күнөөкөр жашоодо жашашкандыктан, жок кылынышы керек болчу.
2 – Акыр заманда бардык адамдар соттолот, күнөө жазаланат.
3 – Убада кылынган жер, Кудай бардык эли үчүн убада кылган түбөлүк жерди — жаңы жаратууну эске салат!
4 – Ыйса бизди куткарып түбөлүк өмүр берүүчү экенине ишенүү.
5 –

| Аяттар | Кудай жөнүндө эмне билдик? | Бул тууралуу Жаңы Келишимде айтылган |
|---|---|---|
| **Аят. 1** (биринчи бөлүк) | Кудай Өз элине жаңы үй — Канаан жерин бермек болду. | *Бирок биз Анын убадасы боюнча адилеттик гана өкүм сүргөн жаңы асман менен жаңы жерди күтүп жатабыз* (2 Пет. 3:13). |
| **Аят. 1–2,10** | Кудайга каршы чыккандарды жок кылат. | *Алар Теңирден жана Анын кудуретинин даңкынан ажырап, түбөлүк өлүм жазасына тартылышат. Бул Ал кайра келген куну болот...* (2 Тес 1:9–10). |
| **Аят. 6** | Кудай кээ бир адамдарды Өзүнө таандык кылып тандайт. | *Кудайдын улуу иштерин жар салыш үчүн тандалгансыңар* (1 Пет. 2:9). |
| **Аят. 7–8** (биринчи бөлүк) | Кудай Өз элин ушунчалык сүйгөндүктөн, аны куткарууну чечкен. Бул таптакыр баа жеткис сүйүү! | *Кудай бул дүйнөнү абдан сүйгөндүктөн, Өзүнүн жалгыз Уулун берди. Кудай Аны Ага ишенген ар бир адам өлбөй, түбөлүк өмүргө ээ болсун деп берди* (Жак. 3:16). |
| **Аят. 8–9** | Кудай берген убадаларын канчалык узак болсо дагы аткарат! Ал Башталыш китебинде Ыбрайымга, Ыскакка жана Жакыпка берген убадасын аткарат. | *Кудай ата-бабаларыбызга берген Өзүнүн убадасын алардын балдары — биз үчүн аткарганын, аны Ыйсаны тирилтүү менен аткарганын силерге жарыялап жатабыз* (Эл иш. 13:32–33). |
| **Аят. 9–10** | Кудай Өзүн сүйгөндөргө болгон сүйүү келишимин аткарууда ишенимдүү, бирок Аны жек көргөндөрдү жок кылат. | *Бизди Машайактын сүйүүсүнөн ким ажырата алат? Кайгыбы, кысымчылыкпы, куугунтукпу, ачкачылыкпы, жылаңачтыкпы, коркунучпу, кылычпы?* (Рим. 8:35)<br><br>*Ал эми ошол эле Кудай Сөзү аркылуу сакталып турган азыркы асман менен жер от үчүн сакталып турат. Сот боло турган күнгө, кудайсыздар жок боло турган күнгө чейин сакталат* (2 Пет. 3:7). |

6 –

| Аяттар | Адам жөнүндө эмне билдиниз | Бул тууралуу Жаңы Келишимде айтылган |
|---|---|---|
| **Аят. 6** | Кудайдын эли Ал үчүн ыйык (таза деп бөлүнгөн). | *Ал эми силер тандалган уруусуңар, Падышанын ыйык кызмат кылуучуларысыңар, ыйык элсиңер* (1 Пет. 2:9). |
| **Аят. 7–8** | Кудайдын ырайымына Анын эли таптакыр татыктуу эмес. Кудайдын эли Кудай көрсөткөн сүйүүгө жана ырайымга, эч нерсе менен татыктуу болгон эмес. | *бирок ырайымга бай Кудай бизге болгон улуу сүйүүсү менен кылмыштарыбыздын айынан өлгөн бизди да Машайак менен бирге тирилтти (ырайымдын негизинде куткарылдыңар)* (Эф. 2:4–5). |
| **Аят. 8** | Алар сатылып алынган (кулчулуктан сытылып алынган). | *Машайак биздин ордубузга каргышка калып, бизди мыйзамдын каргышынан кун төлөп куткарып алды* (Гал. 3:14). |

7 –

| Аят | буйрук/эскерт/ мисал | Бүгү жасашыбыз керекби? | Эмне учун? Жаны Осуятта бул жөнүндө эмне дейт? |
|---|---|---|---|
| **Аят. 2** | Кудай аларга канаандыктардын жериндеги бардык адамдарды, ошол жерде жашаган, башка кудайларга сыйынган адамдарды өлтүрүүнү буйруйт. | Жок! | *Жакыныңды сүй, душманыңды жек көр...* (Мат. 5:43–44).<br><br>Силердин душманыңар — шайтан (1 Пет. 5:8). Биз аны сүйбөшүбүз керек! |
| **Аят. 3** | Кудай Өз элине, Кудайдын эли болбогон башка элдин уул-кыздарына үйлөнбөөнү буйруйт (башкача айтканда, алар башка кудайларга сыйынгандарга үйлөнбөшү керек). | Ооба | *Ишенбегендер менен бирге жат моюнтурукка кошулбагыла. Себеби адилдик менен мыйзамсыздыктын ортосунда кандай жалпылык бар? Жарык менен караңгылыктын ортосунда кандай жалпылык бар?* (2 Кор. 6:14)<br><br>*Күйөөсү тирүү турганда, аялдын башы бош эмес. Күйөөсүнүн көзү өтүп кетсе, аялдын башы бош. Каалаган адамына турмушка чыкса болот, бирок Теңирге ишенген адамга гана* (1 Кор.7:39). |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Аят. 5** | Ысрайылдыктар бул элдерди эмне кылышы керек: курмандык чалынуучу жайларын талкалап, Ыйык таштарды талкалап, Ашейранын мамыларын талкалап, буркандарын өрттөп жибериши керек. | Ооба | *«Ал эми сыйкырчылык кылып жүргөндөрдүн көптөрү өздөрүнүн китептерин чогултуп, бүт элдин алдында өрттөп жиберишти. Ал китептердин бааларын эсептешкенде, элүү миң драхма болду»* (Деян. 19:19). |
| **Аят. 11** | Кудай Мусага берген буйруктарды жана мыйзамдарды сактоо. | Ооба — Кудайдын эли жаңы келишимде тастыкталган Кудайдын бардык буйруктарын аткарышы керек. Алар Кудайды сүйүү жана жакыныңды сүйүү осуяттары менен жыйынтыкталат. | *Мени Тоорат мыйзамын же пайгамбарлар жазмаларын жокко чыгарганы келди деп ойлобогула. Мен аларды жокко чыгаруу үчүн эмес, аткаруу үчүн келдим* (Мат 5:17).<br><br>*Ыйса ага мындай деп жооп берди: «Кудай-Теңириңди чын жүрөгүң менен, жан-дилиң менен, бүт акылың менен сүй. Биринчи жана эң маанилүү осуят ушул. Экинчиси ушуга эле окшош: „Өзүңдү кандай сүйсөң, жакыныңды ошондой сүй“. Бүт мыйзам жана пайгамбарчылыктар ушул эки осуятка негизделген»* (Мат 22:37–40). |

## Мыйзамды кайталоо Сабак 10:

# Кудайдын мыйзамдары



Бул сабакта Кудайдын мыйзамдары канчалык керемет экендигин жакшыраак түшүнөбүз! Кудай Мусага берген мыйзамдарды жана көрсөтмөлөрдү 12–26-бөлүмдөрдөн окуйбуз. Эгер сиз бул бөлүмдөрдү окуй элек болсоңуз, аларды жуманын ичинде окуп көрүңүз.

**Мыйзамды кайталоо 26:16–19** окунуз.

Кудай Өз элине мыйзамдарын эмне кылууну буйруйт (16-аят)? [1]

Кудай жарым тил алчаактыкка ыраазы болбойт. Ал Өз элинин Ага толук баш ийүүнүн кубанычын билишин каалайт! Бардык мыйзамдар, адамдарга Кудайды жана бири-бирин сүйүү үчүн берилген. Мыйзамдарды аткаруу кыйын, эгер биз аларды аткарсак, жашообуз жагымсыз болот деп ойлоо оңой! Бирок баш ийүү чындыгында кубаныч жана урмат-сый алып келет! Кудайдын мыйзамы жөнүндө эмнени билебиз:

Кудайдын мыйзамы жөнүндө эмне билдик:

**Заб. 18:9?** [2]

**Заб. 118:97–99?** [3]

## Мыйзам кайталоо мыйзамдары.

Мыйзам кайталоо мыйзамдары Убада кылынган жердеги Кудайдын элинин жашоосунун ар кандай аспектилерин камтыйт.

Аларга булар кирет:
- Кудайга кайсы жерде сыйыныш керек;
- Эмнени жеш керек, эмнени жебеш керек;
- Ондук берүү;
- Майрамдарды майрамдоо;

- Падыша эмне кылышы керек;
- Адилеттик кандай көрүнөт;
- Кудайга жагуу үчүн согушту кантип жүргүзүү керек;
- Нике жана жыныстык катнаштагы тазалык.

# Кудайдын мыйзамдары

## Кудайга кайсы жерде сыйынуу керек?



Ысрайылдыктар Кудайга Ал көрсөткөн жерде гана сыйына алышат (Мыйз. 12:1–14). Бул канаандыктардын ар кайсы жерлерде көптөгөн кудайларына сыйынганынан такыр башкача айырмаланат. Кудай жалгыз болгондуктан, Ага бир гана жерде сыйынышат.

Ысрайылдыктар чөлдө жашаганда, ыйык чатырда Кудайга сыйынышкан. Алар бир жерден экинчи жерге көчүшкөндө, чатыр алар менен кошо жүрдү (Чыг. 25–27).

Алар убада кылынган жерге отурукташканда, Сулайман кооз ибадаткана курган. Ибадаткана Кудай Өз эли менен жолугуша турган жер болуп калды (1 Пад. 6–8).

Кудайга сыйынуу — Кудайдын эли үчүн эң маанилүү иш!

Ысрайылдыктар Кудайга сыйынышы керек болгон жерде эмне дейт? [4]

## Тамак



Ысрайлыктар эттин айрым түрлөрүн жебеши керек болчу (Мыйз. 14:1–21). Бул алардын ыйык, башкача айтканда, Кудайга арналгандыгынын белгиси болушу керек болчу. Алар Кудайдын чындыгын таанybаган элдердей болуп табынбай, сыйынбай жашашпашы керек болчу

Этти копчулук адамдар жей алышчу эмес, жакыр болушкандыктан, кээ бир учурда эле жешчу. Этти өзгөчө кырдаалда, мындайча айтканда Кудайга табынуу учурунда гана жешчу. Тыюу салынган эттер, бул башка жаныбарлардын этин жеген жаныбарлар кирген.

Бул мыйзамды сактоо, аларды Кудайга баш ийбегендер менен жакын мамиледе болуудан коргогон. Ысрайылдыктар башка элдердин үйлөрүнөн эт жешчү эмес.

Мыйзам тамак жөнүндө эмне дейт? [5]

## Ондук



Ысрайылдыктар түшүмүнүн он пайызын бөлүшү керек болчу (Мыйз. 14:22–29). Мунун бардыгы буларга колдонулушу керек болчу:

- жыйын чатырында жана ийбадатканада майрамдоо,
- чатырда же ийбадатканада иштеген лебилерге берүү үчүн,
- кедейлерге берүүгө.

Ыйык Китептин бардык жеринде Кудай өз элинин жакырларга кам көрүшүн каалайт. Кудайдын мыйзамдарын сүрөттөгөн бул бөлүмдөрдө (12–26-бөлүмдөр) жакырларга жакшылык кылуу көрсөтмөсү алты жолу кездешет.

Мыйзам ондук жөнүндө эмне дейт? [6]

## Майрамдар

Ысрайылдыктар жыл сайын үч майрам белгилеши керек болчу:

- **Пасах**, алар Мисирдеги кулчулуктан бошотулган күнүн эстөө.
- **Түшүм майрамы**, жети жумадан кийин, буудай оргондо майрамдашкан. Грекче «Элүүнчү күн» деп аталат.
- **Алачык майрамы**, күзгү оруп-жыюу маалы. Алар кырк жыл чөлдө жүргөн учурду эстешти.



Бул Ысрайылдыктар үчүн, Кудайдын кылганынын бардыгын эстеп калуунун жолу болчу. Кудай алардын эстеп гана тим болбостон, жумуштан ырахат алып, эс алышын каалады! (Мыйз. 16:1–17).

Мыйзам майрамдар жөнүндө эмне дейт? [7]

## Падыша

Падыша Кудайга баш ийген ысрайылдык болушу керек. Ал өтө бай болуп, көп аялдуу болушу шарт эмес. Тескерисинче, ал Кудайдын мыйзамын изилдеп, ага баш ийиши керек. Ошондо ал Кудайдын элин кантип туура башкарууну билет (Мыйз. 17:14–20).



Байыркы Келишимди окуп, Ысрайыл падышаларынын мыйзамдга баш ийбей, аткарбай келгендерин көрөбүз. Алар Кудайдын элин Кудайдан алыстатып жатышты. Сулайман да, бардык акылмандыгы менен, бул мыйзамды аткарган эмес (1 Цар. 11:1–8).

Мыйзам падыша жөнүндө эмне дейт? [8]

# Адилеттүү

Ысрайылдыктар адамдардын кылмыштары үчүн, адилеттүү сот жүргүзүшүн камсыз кылышы керек болчу. Жасабаган кылмышы үчүн эч ким жазаланбашы керек болчу (Мыйз. 19:1–20).



Мыйзам адилеттүүлүк жөнүндө эмне дейт? [9]

### Согуш

Байыркы дүйнөдө согуш кадимки жашоонун бир бөлүгү болгон. Падышалар ар дайым өз ээликтерин кеңейтүүнү каалашкан. Эгерде алар башка өлкөлөргө кол салбаса, анда алар өз аймагын бекемдешчү. Ысрайылдыктар согушту Кудайга жаккыдай кылып согушушу керек болчу. Согуш, албетте, ар дайым коркунучтуу. Бирок Кудай согуштун эң жаман жактарын азайтуу үчүн мыйзамдарды берген (Мыйз. 20:1–10).



Алар согушууга даяр эмес жоокерлерине ырайым кылышы керек, алар кол салган шаарларында жашагандарга ырайым кылышы керек. Убада кылынган жерде жашаган канаандыктар гана толугу менен жок кылынышы керек болчу. Бул жүздөгөн жылдар бою тынымсыз жамандык кылгандыктан жасалды. Кудай бул жерди өз элине берүүнү чечти. Ал жараткан Кудайга жагуу үчүн, кандай жашоо керектигин башка элдерге үлгү көрсөтүшүн каалады.

Мыйзам согуш жөнүндө эмне дейт? [10]

### Нике

Нике-бул өмүр бою аял менен эркектин ортосундагы милдеттеме жана аялдын укугунун корголушу. Бул мыйзамдар эркектерге да, аялдарга да никеден тышкары жыныстык катнашка тыюу салат. Буга кан жана зордуктоо кирет (Мыйзам. 22:13–30). Мындай нерсе жабырлануучуну гана эмес, анын үй-бүлөсүн да кыйратат. Жыныстык жактагы күнөөлөр эч качан Кудайдын көзүнөн жашырылбайт.



7-бөлүмдөн биз бутпарастарга (б.а. ишенбегендерге) үйлөнүүгө тыюу салынганын билебиз. Себеби, мындай никедеги балдар Кудайды ээрчишпейт (Мыйз. 7:3–4).

Мыйзам нике жөнүндө эмне дейт? [11]

Бул мыйзамдардын баарын Байыркы Келишимдин убагындагылар уккан эмес! Эч бир элде мындай мыйзамдар болгон эмес! Булар Кудайдын элинин жыргалчылыгы үчүн берген маанилүү мыйзамдары болчу.

# Кудайдын эли Кудайдын мыйзамдарын аткарган эмес

Бул мыйзамдар Кудайдын элинин жыргалчылыгы үчүн болгонуна карабастан, аларды эч качан жоопкерчилик менен аткарышкан эмес. Ошондуктан, Кудай Өз элине жыйын чатырында, андан кийин ийбадатканада курмандыкка чалууну буйурган. Алар буларды эскертип турушу керек болчу:

- бардык күнөө дайыма коркунучтуу! Күнөө кылган адам өлүмгө татыктуу,
- күнөөлөрү кечирилиши үчүн, алардын ордуна бирөө өлүшү керек.

Бул курмандыктар, Кудайдын элинин күнөөсүн биротоло чече турган адамды жөнөтө турган күнгө даярдашкан. Бул Адам:

- Кудайдын бардык мыйзамдарын кемчиликсиз аткарат!

- бардык убактагы жалгыз кемчиликсиз курмандык болот!
- Жаңы «Ибадаткана», — Кудайдын эли күнөөлөрүнүн кечирилиши үчүн келе турган жер...,
- Кудайдын элинин жашоосунда Өзүнүн Ыйык Руху менен жашоо үчүн, Кудайга чындап баш ийгендерге келет!

**1 Жкн 4:9–10** окунуз. Кудай бир күнү жибере турган Бул кемчиликсиз Адам ким? [12]

Бул Кемчиликсиз Адам эмне кылат? [13]

# Байыркы жана Жаңы Келишим


Мыйзам китебинде Кудайдын Синай тоосунда Өз эли менен түзгөн келишимин түшүндүрөт (Мыйз. 5:2):

- Кудай Өз элин кулчулуктан **куткарды**.
- Эгер алар Кудайга **ишенип**, Ага **баш ийишсе**, анда Кудай аларга батасын берип, Убада кылынган жерде ашып-ташыган жашоо бермек.
- Тил албастыгы үчүн Кудайдын каргышына калбаш үчүн, белгилүү бир **курмандыктар** болушу керек болчу.
- Эгер алар дайыма **баш ийбесе**, алар Кудайдын каргышына калып Убада кылынган жерден куулуп чыгат.

Бул Байыркы Келишим деп аталган. Ошондуктан биз Ыйык Китептин биринчи бөлүгүн **Байыркы Келишим** деп атайбыз.

Ыйык Китептин экинчи бөлүгү **Жаңы Келишим** деп аталат. Эми Кудай Жаңы Келишимди түздү:

- Кудайдын Уулу, Машайак Өз элин күнөөнүн кулчулугунан **куткарган** (Римдиктерге 6:20–22).
- Эгер биз Кудайга **ишенип**, Ага **табынсак** анда Ал бизди баталайт,. Өзүнүн балдарындай кабыл алып, түбөлүк өмүргө ээ кылат (Жакан 1:12 жана 3:16).
- Ыйсанын бир жолу жана түбөлүккө алып келген **курмандыгы**, биз күнөөлөрүбүздү ачык айтып кечирим сурасак, күнөөлөрүбүздү кечирет (1 Жакан 1:9).



- Эгерде биз дайыма Кудайга баш ийбесек, анда бул баталардан айрылып калышыбыз мүмкүн (Эвр. 10:26–31).

Байыркы Келишимдегидей эле, Жаңы Келишимде, Кудайдын эли Кудайга баш ийүү үчүн ишенимге ээ болушу керек болчу! Эврейлерге 11-бөлүмдө бул маанилүү тема жөнүндө айтылган.

**Лука 22:20** окунуз. Ыйса Өзүнүн каны менен эмне кылган? [14]

**Эврей 9:15** окунуз. Жаңы Келишим деген эмне? [15]

# Бүгүнкү күндө Байыркы Келишимдин кайсы мыйзамдарын сакташыбыз керек?

Бүгүн биз жаңы келишимге ылайык жашап жатабызбы?

## Эмнени кылбашыбыз керек?

**1. Биз ийбадатканага жана курмандыктарга тиешелуу мыйзамдарды сактабашыбыз керек.**

- Демек «*Ал — биздин күнөөлөрүбүз үчүн, биздин гана эмес, бүт дүйнөнүн күнөөлөрү үчүн чалынган ырайым курмандыгы!*» (1 Жкн. 2:2). Ал — жаны Ибадаткана (Жак. 2:19,21).

- Бизге мындан ары курмандыкты алып келүүнүн кажети жок болгондуктан, физикалык ибадаткананын да кереги жок. Жүйүттөрдүн ибадатканасын биздин замандын 70-жылдары римдиктер талкалашкан. Кудай буга жол берди, анткени Ыйса өлүп кайра тирилгенден кийин ийбадаткананын кереги жок болчу.

- Азыр жыйын Кудайдын ийбадатканасы, Машайактын денеси. Эми адамдар жыйында Кудай менен жолугуша алышат (1 Кор. 3:16).

**2. Айрым тамактарды жегенден карманбашыбыз керек.**

- Ыйса Петирге эми ал, каалаган этти жей алат деп айткан (Элчилер. 11:1–18). Кудайдын эли мындан ары Кудай үчүн ыйык катары бөлүнгөнүн көрсөтүү үчүн, өздөрүн башка элдерден бөлүүнүн кереги жок. Тескерисинче, алардын ыйыктыгы эми сүйүү, кубаныч, тынчтык, чыдамдуулук, ак көңүлдүк, боорукердик, ишенимдүүлүк, момундук, өзүн өзү токтото билүү менен көрүнөт (Гал. 5:22–23).

- Байыркы Келишимдин кайсы мыйзамдарын бүгүн аткарбасак деле болот? [16]

## Биз эмне кылышыбыз керек?

**Жеремия. 31:31–33** окунуз. Кудайдын сөзү боюнча , Жаңы Келишимдеги мыйзамдар эмнеси менен айырмаланат? [17]

Биз Ыйсаны ээрчий баштаганда, ал бизди Өзүнүн Ыйык Рухуна толтурат. **Ал бизге жашообузда эмнени өзгөртүү керектигин көрсөтөт.** Ыйык Китепти окуп жатканда, Ал бизге эмнени айтып жатканын угуңуз!

- Ыйсанын айтуусу боюнча: Кайсы мыйзамдарды сактоо эң маанилүү (**Мк. 12:30–31**)? [18]

  Муну айтуу оңой бирок жасоо кыйын!

Байыркы келишимдин бүт Мыйзамы-Кудайды сүйүү жана жакыныңды сүйүү жөнүндө мыйзам.

- Он осуят (Мыйз. 5:6–21) бүгүнкү күндө биз үчүн маанилүү. Алар бизге Кудайды жана жакыныбызды чындап сүйөрүбүздү текшерүүгө жардам берет.

- Жаңы келишим никенин тазалыгынын маанилүүлүгүн тастыктайт. Бул жакынынды сүйүүнүн жана Он осуятты аткаруунун бир бөлүгү. (**Эвр. 13:4** окунуз.) Нике төшөгүңөр булганбасын деген маанилүү эмес дегенге эч качан ишенбегиле (1 Коорунттуктар 6:15–16). Шайтан ушул жактан көптөгөн жакшы жетекчилерди адаштырды. Бул анын жыйынына, үй-бүлөсүнө жана Кудай үчүн ар дайым коркунучтуу.

Бүгүн кандай мыйзамдарды сакташыбыз керек? [19]

## Эмне үчүн Байыркы Келишимдин мыйзамдарын окушубуз зарыл?



Жакшыраак түшүнүү үчүн Байыркы Келишимдин мыйзамдарын окуу биз үчүн пайдалуу:
- Кудайдын мүнөзү;
- эмне жакшы, эмне жаман;
- биз канчалык күнөөкөрбүз;
- биздин күнөөбүз башканын өлүмү аркылуу гана кечирилиши мүмкүн;
- биз Куткаруучуга абдан муктажбыз!

Ыйсанын ким экендигин жана Анын эмне кылганын Эски Келишимди толугу менен окуганда, жакшырак түшүнөбүз.

Эски келишимди, айрыкча анын мыйзамдарын окуунун кажети жок деп айткан адамга эмне деп жооп берет элеңиз?

### Сиз Ыйсага жашооңузду өзгөртүүгө жол берип жатасызбы же өзүңүздү жакшымын деп ойлойсузбу?

### Кантип Ыйсага көбүрөөк окшош боло аласыз?

## Үй тапшырма

Кийинки сабакка чейин **Мыйзамды кайталоо 27–28 бөлүмүн** окунуз.

# Жооптор

1 – Кудай Өз элине Анын мыйзамдарын сактоону жана аларды чын жүрөктөн, жан-дилиң менен аткарууну буйруйт.
2 – Кудайдын мыйзамдары биздин жүрөгүбүздү кубандырат.
3 – Кудайдын мыйзамдары бизди акылдуу кылат.
4 – Ысрайылдыктар Кудайга канаандыктардан айырмаланып, жыйын чатырында, андан кийин ийбадатканада гана сыйынышчу.
5 – Ысрайылдыктарга эттин айрым түрлөрүн жегенге тыюу салынган. Бул алардын ыйык же Кудай үчүн бөлүнгөндүгүнүн белгиси.
6 – Ысрайылдыктар түшүмүнүн он пайызын жыйын чатырында же ийбадатканада майрамдоо үчүн, ошондой эле жыйын чатырында же ийбадатканада иштеген лебилерге жана жакырларга берүү үчүн бөлүп берилет.
7 – Ысрайылдыктар жыл сайын Пасах майрамын, оруу-жыюу майрамын жана алачык майрамын белгилеши керек. Бул, Кудай алар үчүн эмне кылганын эстетип туруунун жолу.
8 – Падыша Кудайга сыйынган, ысрайылдык болушу керек. Ал өтө бай жана көп аялдуу болбошу керек. Тескерисинче, ал Кудайдын мыйзамын изилдеп, Ага баш ийген, ошондо ал Кудайдын элин кантип туура башкарууну билет.
9 – Адамдар кылмыштары үчүн адилеттүү соттолушу жана жасабаган кылмышы үчүн эч ким жазаланбашы керек.
10 – Алар согушууга даяр эмес жоокерлерге ырайым кылышы керек, алар кол салган шаарларында жашагандарга ырайым кылышы керек. Убада Кылынган жерде жашаган адамдар гана толугу менен жок кылынат.
11 – Нике — бул өмүр бою милдеттенме жана аялдардын укуктары корголушу. Мыйзамдар никеден тышкары жыныстык катнашка, анын ичинде кан аралашууга жана зордуктоого тыюу салат. Кудайдын эли ишенгендерге гана үйлөнүшү керек.
12 – Кудайдын Уулу, Ыйса Машайак.
13 – Ал толугу менен Кудайдын мыйзамдарына баш иет, Жалгыз Кемчиликсиз Курмандык, жаңы «Ийбадаткана» болуп, Өзүнүн Ыйык Руху менен Кудайдын элинин арасында жашайт.
14 – Ыйса Өзүнүн каны аркылуу Кудай менен адамдардын ортосунда Жаңы Келишимди түзгөн.
15 – Биз түбөлүк өмүргө ээ болуу үчүн Ыйсанын өлүмү бизди күнөөлөрүбүздөн жана жазадан куткарды.
16 – Ошдуктан, жыйындын тартибине, курмандыктарга, жеп жаткан тамактарыбызды байкоо менен баш ийебиз.
17 – Кудайдын мыйзамдары биздин акылыбызда жана жүрөгүбүздө жазылат.
18 – Кудайды бүт жүрөгүң менен, бүт жан дилиң менен, бүт акылың менен жана бүт күчүң менен сүй. Жакыныңды өзүңдү сүйгөндөй сүй.
19 – Кудайды сүй жана жакыныңды сүй. Бул Он осуятты сактоону жана сексуалдык тазалыкты камтыйт.

# Мыйзамды кайталоо Сабак 11:

# Бата жана каргыш



Бул сабакта биз Байыркы Келишимдин баталары жана каргыштары, алардын бүгүнкү күндө бизге кандай тиешеси бар экендиги жөнүндө ой жүгүртөбүз.

## Эки тоо




**Мыйзамды кайталоо 11:29** окунуз.

Ысрайылга убада кылынган жерге киргенде, Кудай аларга эки тоого байланыштуу көрсөтмөлөрдү берген. Өлкөнүн борборундагы бул эки тоо, Кудайдын өз эли менен түзгөн келишимин түбөлүккө эстетип турушу керек болчу. Кудай ага баш ийгендер үчүн баталарды жана ага баш ийбегендер үчүн каргыштарды эстеткиси келди.

Алар кайсы тоодо Кудайдын батасын жарыялашы керек эле? [1]

Алар Кудайдын каргыштарын кайсы тоодо жарыялашы керек эле? [2]

**Мыйзамды кайталоо 27:1–8** окунуз.

Муса ысрайылдыктарга Эйбал тоосунда (алар каргыштарды жарыялашкан) таштарды коюну буйруган

Алар **2–4-аятта** эмнени белгилеши керек эле? [3]

Алар эмнени курушу керек эле **(5-аят)**? [4]

Эйбал тоосунда Кудай ысрайылдыктарга жазуу жүзүндө жазылган мыйзамды коюну жана анын жанына курмандык чалынуучу жай курууну буйурган. Ал элдин мыйзамдарды кемчиликсиз аткара албай тургандыгын билет. Курмандыктар алардын күнөөсүн жоюунун каражаты болгон. Демек, курмандык чалынуучу жай башынан эле курмандык чалуу аркылуу кечиримдүүлүккө жол ачарын эскертип турат.

Курмандык чалынуучу жайда кандай эки курмандык чалынышы керек эле (**6—7-аяттар**)? [5]

## Бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык

Бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык күнөөнү гана эмес, бүт өмүрүн Кудайга курмандыкка чалууну түшүндүрөт. Башка курмандыктардан айырмаланып, ыйык кызматчылар булардын бирин да жей алышкан эмес.

**Эф. 5:2** окунуз. кечирилишибиз үчүн, жыты жагымдуу тартуу жана курмандык катары өз өмүрүн Ким берди? [6]

**Рим. 12:1** окунуз. Ыйсанын биз үчүн кылган иштерине жооп кылып, биз эмне кылышыбыз керек? [7]

Бул эмнени түшүндүрөт? [8]

Анда бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык эмнени эстетет? [9]

Бүт өмүрүбүздү Кудайга арнасак, Ал бизди Өзүнүн кубанычына толтурат!

## Элдешүү курмандыгы

Адатта, курмандыкка чалынган жаныбарлардын этин ыйык кызматчылар гана жей алышкан. Бирок элдешүүнүн курмандыгын карапайым адамдар жей турган жалгыз курмандык болгон. Аны үй-бүлөсү жана кошуналары менен жесе болот.

Бул курмандык Кудай алардын күнөөлөрүн кечиргенден кийин Аны менен болгон мамилени калыбына келтирүүнү чагылдырган. Бул башкалар менен бөлүшө турган кубаныч!

Жаңы Келишимде элдешуу курмандыктын ордуна эмне кылабыз (Лука 22:19)? [10]

Бардык убакта бир жолу алып келген кемчиликсиз курмандык Ыйса — болгон! Ал бизди кечиргендиктен, Кудай менен кайрадан байланыша алабыз!

Азыркы учурда, көптөгөн жыйындарда нан сындыруу кечеси толук өткөрүлбөйт анын ордуна, Ыйсанын айкаш жыгачта өлгөнүн эскерүү үчүн, символикалык нан сындыруу кечеси гана өткөрүлөт. Элдешүүнүн курмандыгы Кудайдын элинин чогуу тамактануусу канчалык маанилүү экендигин көрсөтөт. Демек, нан сындыруу кечесин чогу өткөрүү маанилүү.

Элдешүүнүн курмандыгы бизге эмнени эскертет? [11]

# Бата жана каргыш

Мыйзамды кайталоо 27–28-бөлүмдөрүндө:
- Кудайдын мыйзамдарын сактагандарга, көптөгөн баталар,
- Кудайдын мыйзамдарын сактабагандарга, көп каргыш деп жазылган.

**Мыйзамды кайталоо 28:1–24** окуунуз.

Байыркы Келишимде Кудай Өз эли татыксыз болсо да батасын берген. Алар Ага дайыма баш ийбей келишкен. Ошондо, Кудай Өз элине каргыш жиберген учурлар көп болгон.

Башкаруучулар китебинде Кудайдын эли баш ийбестикти кайталай беришкен:

- Кудайдын эли Анын ырайым мыйзамдарына баш ийген эмес, тескерисинче күнөөлүү жашоодо жашакан.
- Кудай аларды көп жылдар бою эзген, душмандарынын колуна салып берген.
- Кудайдын эли Кудайга жардам сурап кайрылды.
- Кудай аларды куткаруу үчүн куткаруучуну (Сотточуну) жиберди.
- бирок көп өтпөй Кудайдын эли Ага баш ийбей, кайрадан жаман жашоону башташты.

Бул болжол менен 300 жыл бою үзгүлтүксүз созулуп келген.

Көп жылдар өткөндөн кийин, Ахап Ысрайылдын падышасы болуп турганда, Баал кудайына табынышты. Ошондо Кудай уч жылга кургакчылыкты жиберди (I Пад: 17:1).

Акыры, Кудайдын эли Ага толугу менен ишенимсиз болгондуктан, Кудай Өз элин жазалады. Ал ойго келбеген нерсени жасады. Ысрайыл элинин жерин басып алууга, ийбадаткананы талкалап, элин кулчулукка айдап кетүүгө Бабыл аскерлерин жиберди. Бул биздин заманга чейин 586-жылы болгон (2 Жылнаама 36:15–21).

## *Кошумча:* Жеремиянын ыйы китеби

Жеремиянын ыйы китеби — Иерусалим талкалангандан кийин, Кудайдын элинин кайгысын билдирген ырлар жыйнагы.



*«Бир кезде көп элдүү болгон шаар*
*жесир аялдай болуп жалгыз отурат!*
*Элдердин арасындагы эң улуу,*
*дубандардын төрөсү салык төлөөчү болуп калды»*
(Жеремиянын ыйы 1:1).

Бирок, бул кайгыда автор төмөнкүлөрдү айта алат:

*«Теңир ырайымдуу болгондуктан, биз жок болуп кеткен жокпуз,*
*анткени Анын ырайымы түгөнгөн жок.*
*Анын ырайымы ар бир таңда жаңырып турат.*
*Сенин ишенимдүүлүгүң зор!*
*Теңир менин бөлүгүм, — дейт менин жаным, — ошондуктан мен Андан үмүттөнөм»*
(Жеремиянын ыйы 3:22–24).

Автор бул Кудайдын эли үчүн аягы эмес экенин билген! Кылымдар бою көптөгөн ишенгендер бул аяттардан сооронуч табышкан. Алар бизге ар кандай кыйынчылыктарга туш болгондо үмүт берет

Бүгүн Кудайдын Сөзүн окуп жатып, бул баталар менен каргыштар алда канча көп нерсени билдирерин түшүнүшүбүз керек. Алар бизге Ыйса дүйнөнү соттош үчүн кайтып келгенде, алып келе турган түбөлүк баталардын жана каргыштардын даамын берет.

**Мат. 25:34** окунуз. Аны ишенимдүү ээрчигендерге Ыйса эмне дейт? [12]

Бул биз уга турган эң сонун сөздөр!

**Мат. 25:41** окунуз. Аны ээрчибегендерге Ыйса эмне дейт? [13]

Бул кимдир бирөө, качандыр бир убакта уга турган эң коркунучтуу сөздөр!

Байыркы Келишимдеги баталар жана каргыштар эмнени билдирет? [14]

Бирок, биздин баталарыбыз келечек үчүн гана арналган эмес.

**Эфе 1:3–8** окунуз. Биз кубаныч алышыбыз үчүн Кудай кандай баталарды берди? [15]

Бул баталар азыр бизде боло турган физикалык баталардан алда канча жогору!

## Кудай бизге берген башка баталар

Азыр сиз үчүн эң маанилүү болгон аяттарды табыңыз.

- Ал бизге Ыйык Рухту берет (1 Кор. 3:16).
- Кайрадан Анын алдында күнөө кетиргенибизди мойнубузга алып ачык айтсак, Кудай ар дайым бизди кечирет (1 Жак. 1:9).
- Ал биздин кыйынчылыктарыбызда бизди сооротот (2 Кор. 1:3–4).
- Ал моюн сунган жүрөктрөгө жакын (Заб. 33:19).
- Ал бизге акыл берет (Жакып 1:5).
- Ал биздин сыйынууларбызга жооп берет (Жак. 14:13).
- Ишеними бирлер уй бүлөө курушат (Гал. 6:10).
- Ал бизди сүйөт (Эф. 5:1).
- Ал ким экенибизге жаңы түшүнүк берет: тирүү Кудайдын балдары! бизге ким болсок дагы, кадыр-баркты жана өзүн-өзү сыйлоону берет, анткени биз баарыбыз Ыйса Машайак менен бирбиз (Гал. 3:28).

Булар азыр биз ээ боло турган баталардын айрымдары гана.

Азыр Кудайдан сизди кубанткан дагы кандай баталарды айта аласыз?

### Бүгүн каргыш жөнүндө?

Машайак *«биздин ордубузга каргышка калып, бизди мыйзамдын каргышынан кун төлөп куткарып алды»* (Галатиялыктар 3:14). Биз азыр Кудайдын каргышында эмес, Анын батасынын астындабыз!

Эгер Ыйсаны ээрчисек, ал бизди ар кандай адамдардын каргышынан коргойт! Эфестиктерге жазган катында элчи Пабыл аларга Барын Кармап туруучунун улуу күчүн эскертет: *«ошондой эле Анын бийлиги бар күчүнүн таасири астында ишенген биздин ичибизде аракеттенип жаткан Анын кудурети канчалык ченемсиз экендигин таанып билишиңер үчүн, жүрөгүңөрдүн көздөрүн ачсын деп сыйынып жатам. Кудай Машайакты өлгөндөрдүн арасынан тирилтип, асманда Өзүнүн оң жагына отургузганда, ошол эле күч Машайактын ичинде аракеттенген; Аны бардык башчылыктан, бийликтен, күчтөн жана үстөмдүктөн, ошондой эле азыркы мезгилде гана эмес, келечекте да атала турган бардык ысымдардан жогору койгон»* (Эфес. 1:19–21).

Эгер кимдир бирөө сизди каргаганын билсеңиз, анда сизди коргогон Ыйсанын күчтүү ысымына сыйыныңыз.

Ошондуктан, биз бүгүн эч кандай каргыштан коркпошубуз керек!

# Ден соолук жана байлык



Кудай бизге азыр эле ден-соолукту жана байлыкты убада кылган деп айтышат. Бирок бул чындык эмес.

Байыркы Келишимде Кудай, эгер Ага баш ийсе, өз элине байлык жана ашып-ташыган өмүрдү убада кылган. Сулайман падышанын тушунда бул убаданын аткарылышын көрөбүз: *«[бары] анжыр жыгачынын, жүзүм багынын астында бейкапар жашады»* (1 Пад: 4:25).

Бирок бул байлык жана гүлдөп-өнүгүү материалдык жана кыска мөөнөттүү гана болгон.

Кудайдын оюу боюнча, бүт дүйнө **түбөлүк батаны** сезиши керек болчу. Бата өзгөргөн жүрөк жана Кудай менен болгон жаңы мамиле аркылуу келет (Жезекиел 36:26, Эфестиктер 2:18). Түбөлүк бата эч качан материалдык байлыктан келбейт.

Ыйса да, анын элчилери да бай болгон эмес. Биз Элчи Пабылдын физикалык көйгөйгө кабылганын билебиз, ал Кудайдан аны жок кылууну суранган (2 Кор. 12:1–10). Ал эмес, Ыйса Өзү катуу азап чегип, эң катаал жол менен өлүм жазасына тартылган.

**Рим. 8:18** аятта Пабыл эмне дейт? [16]

Жаңы Иерусалимде Кудай менен жашоо кандай сонун болорун элестете албайбыз!

Бүгүнкү күндө Жаңы Иерусалимге чейин эски Келишимдин баталарын талап кыла албай турганыбызды түшүнүү маанилүү. Кудуреттүү Кудай сыйынуубузга жооп бергенди жакшы көрөт, бирок бул жашоодо биз кыйналган учурлар болот. Кудай бизди Ыйсага көбүрөөк окшоштуруу үчүн кыйынчылыктарды колдоноорун билебиз (Эвр 12:7–11). Бирок Кудай биздин жашообузда эмне үчүн кыйынчылыктарга жол берип жаткандыгын билбейбиз. Эгер биз бакубатчылыкта, ден-соолукта жашасак, анда эч кандай көйгөй жок-бул башкаларга караганда Кудай бизге көбүрөөк ыраазы дегенди билдирбейт. Эгерде биз азыр кыйынчылыктарды баштан кечирип жатсак, оору жана муктаждык — бул Кудайдын каргышы астында жашап жатканыбызды билдирбейт.

Бири — бирибизди сүйүү, шыктандыруу жана колдоо биздин милдет!

Азыр жашоо кыйын болушу мүмкүн. Бирок Кудай бизди эч качан таштабайм деп убада берген (Эвр. 13:5)! Анын Ыйык Руху бизге Ыйсаны акырына чейин ээрчүүгө күч жана кубаныч берет! Ошондо биз чыныгы ден-соолукту жана байлыкты билебиз! (Аян. 21:3–4 жана 22:1–5)

Баталуу адам бүгүнкү күндө кандай көрүнөт? [17]

Кудайдын баталарынан кантип көбүрөөк кубаныч алабыз деп ойлойсуз? [18]

## Үй тапшырма

Кийинки сабака чейин **Мыйзамды кайталоо 29 и 30 бөлүмдөрдү** окунуз.

# Жооптор

1 – Гаризим Тоосу.
2 – Эйвал Тоо.
3 – Кудайдын мыйзамдары жазылган таш.
4 – Курмандык чалынуучу жай.
5 – Бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктар жана тынчтык курмандыктары.
6 – Ыйса Машайак.
7 – Биз өзүбүздү Кудайга тирүү курмандык катары беришибиз керек.
8 – Демек, биз өмүр бою Теңирге жагуу жана Ал жөнүндө башкаларга айтуу менен жашашыбыз керек.
9 – Бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык, күнөөбүздүн кечирилиши үчүн, курмандыкка муктаж экенибизди эсибизге салат. Ыйса биз үчүн Өзүн курмандыкка берген сыяктуу, биз да бүт өмүрүбүздү Кудайга беришибиз керек.
10 – Ыйсанын күнөөлөрүбүз үчүн өлгөнүн эстөө үчүн нан сындырууга (нан менен шарапты бөлүп) чогуу катышабыз.
11 – Элдешүүнүн курмандыгы тобо кылуу менен биз кайрадан Кудай менен баарлашуудан кубаныч ала аларыбызды эскертет! Бул Ыйса бизди каны менен күнөөлөрдөн тазалагандыктан гана мүмкүн! Бул ушунчалык сонун, биз аны башкалар менен белгилешибиз керек!
12 – *Мага кел, Атамдын батасы менен, мурасыңды ал — дүйнө жаралгандан баштап сага даярдалган Падышалык.*
13 – *Шайтан жана анын периштелери үчүн даярдалган түбөлүк отко каргыш тийсин.*
14 – Алар Ыйса дүйнөнү соттоо үчүн кайтып келгенде алып келе турган, түбөлүк баталарды жана каргыштарды билдирет.
15 – Ал бизди жаратылганга чейин эле, анын көз алдында ыйык жана кемчиликсиз болушубуз үчүн, биз анын балдары болушубуз үчүн, биз куткарылып, кечирилишибиз үчүн тандап алган.

16 – *Биздин азыркы азаптарыбыз келечекте бизди күтүп турган атак-даңкка салыштырмалуу эч нерсени билдирбейт деп ишенем.*

17 – Бактылуу адам-муну билген адам:
- Кудай дүйнөнү жаратканга чейин аны тандап алган,
- Ал Кудайдын баласы,
- ал куткарылып, кечирилди,
- бул жашоодо эмне болсо дагы, Кудай ар дайым аны менен болот,
- Кудуреттүү Кудай аны даңктуу, түбөлүк Убада кылынган жерге аман-эсен алып барат!

18 – Кудайдын баталарынан көбүрөөк кубаныч алабыз: Эгерде
- Окусак, ой жүгүртсөк жана Анын Сөзүнө баш ийсек.
- Мүмкүн болушунча көп сыйынабыз.
- Башка ишенгендер менен баарлашуу үчүн жолугушууларга барабыз.
- Ыйса жөнүндө башкаларга айтабыз.

Мыйзамды кайталоо Сабак 12:

# Келишимди жаңыртуу



Бул сабакта биз ар бир муун үчүн, Кудайга баш ийүүгө болгон берилгендигин жаңыртуу канчалык маанилүү экенин карап чыгабыз.

29–30 бөлүмдөрдө Муса жана Кудайдын элинин кийинки мууну Кудай менен келишимди кайра кантип улантканын окуйбуз. Кудай Синай тоосунда келишим түзгөн биринчи муун өлдү. Ошентип, алардын балдары жана неберелери Кудай менен келишимди кайрадан түзүшү керек болчу.

Башка китептер сыяктуу эле, Мыйзамды кайталоо 29–30-бөлүмдөр көп жагынан Падышалар багындырган адамдар менен ошол күндөрдө түзүлгөн байыркы келишимдердин үлгүсүнө ылайык келет. Бул келишимдер дайыма эле бирдей жазылган эмес, бирок алар жалпысынан беш негизги бөлүктөн турган:

1. Тарыхый киришүү.
2. Келишимдин жалпы талаптары.
3. Келишимди бузбоо жөнүндө эскертүүлөр.
4. Бата жана каргыш.
5. Күбөлөр.

**29–30-бөлүмдөрдү** окуп жатканда келишимдин ушул беш бөлүгүнө көңүл буруңуз.

Эми келишимдин ушул беш бөлүгүн карап көрөлү.

## 1. Тарыхый киришүү (29:2–8)

Кудай аларга өткөндү эске салат. Муса алар менен Синай тоосунун жанында жүргөндөй сүйлөшөт (3-аят).

## Чакырык 1

Тарых абдан маанилүү. Мурда Кудай биз үчүн эмне кылганын окуп, Кудайдын ырайымы менен куткарылганыбызды эстейбиз. Эгер Кудай биз үчүн эмне кылганын унутуп калсак, биз текеберденип, Ыйсанын убагындагы фарисейлер сыяктуу башка адамдарды соттой баштайбыз. Ошондуктан, Кудайдын ырайымы менен куткарылган күнөөкөр экенибизди жана биз ким экенибизди эсибизге салуу үчүн Ыйык Китепти дайыма окуп турушубуз керек.

## Чакырык 2

Кудайдын Сөзүн окуп жатып, окуяларга өзүбүз катышканыбызды элестетүү пайдалуу. Муса ысрайылдыктар менен сүйлөшкөндө ушундай кылган: *«силер өз көзүңөр менен көрдүңөр...»* (29:3). Бул сөздөрдүн таасирин сезүүгө жардам берет.

# 2. Келишимдин жалпы талаптары (29:9–15)

Мыйзам кайталоо бизге Кудайдын мыйзамдары жөнүндө кеңири айтып берди. Ошентип, бул жерде аялдар, балдар жана чет өлкөлүктөр, бардыгы келишимдин шарттарын сакташы керек деген чакырык бар (Мыйз. 29:11). Кудайдын Сөзү эркектерге, чоңдорго же бизге окшош адамдарга гана арналган деп ойлобошубуз керек.

- Ата-энелер балдарын эң алгачкы күндөрдөн баштап Кудайдын Сөзүнө баш ийүүгө үйрөтүү өтө маанилүү милдет. Алар эч качан балдарына, Кудайдын сөзү тыюу салган нерсени жасаса болот деп ойлобошу керек.
- Алар уул-кыздарын **ата-энесин** урматтоого жана баш ийүүгө үйрөтүшү керек.
- Биз уул-кыздарыбызды башка адамдарды сүйүүгө жана аларга кам көрүүгө үйрөтүшүбүз керек.
- Башка уруулардан жана улуттардан келген адамдарды четке какпашыбыз керек. Алар да Кудай жөнүндө билиши керек!

## Чакыруу 3

Үй-бүлөңүздө, жыйыныңызда бардык адамдар, анын ичинде балдарды жана чет элдиктерди Кудайды сүйүүнү жана ыраазы кылууну үйрөнүшү үчүн эмне кыласыз?

# 3. Келишимди бузбоо жөнүндө эскертүүлөр (29:16–29)

Кудай башка элдердин табынган нерселерин кандай сүрөттөйт (29:17)? [1]

Кудай башка кудайларды ээрчий баштагандардын окуусун кандай сүрөттөйт (29:18)? [2]

Башка кудайларга табынган кудайдын эли эмне болот (29:20–28)? [3]

Кудай Өз эли күнөө кылганда ачууланат. Сиз эч качан ойлобонуз Ал каршы эмес же байкабайт деп! Кудай Өзү жараткан дүйнөнү сүйөт. Биз Аны менен мамилебизди жана тынчтыгыбызды бузганда, Анын жүрөгү ооруйт.

*Ушул каргыштарды угуп туруп, өз ичинен: «Өзүм каалагандай жашасам деле бактылуу болом», — деп ойлоп өзүнө бата сурайт. Бул сугат жерди да, кургак жерди да жок кылат* (19-аят). Шайтан Кудайга эмес, буюмдарга табынууну жана жашыруун күнөөнү кадыр эсе деп ойлошубузду каалайт. Күнөөгө маани бербей койбошубузга эки себеп бар:

1. Күнөө **дайыма** жүрөгүбүзгө, мамилебизге зыян келтирет, эң жаманы Кудайга кайгы алып келишибизди каалайт.

2. Күнөө жугуштуу-ал башка адамдарга жугат. Элчи Пабыл айткандай: «*Бир аз эле ачыткы бүт камырды ачытарын билбейсиңерби*?» (1 Корунттуктар 5:6).

Биздин күнөөбүз жыйынга, айлана-чөйрөбүзгө жана өлкөбүзгө чоң зыян келтирээрин эч качан унутпаңыз. Жашообузда күнөөгө ырайымсыз болушубуз керек. Ыйса айткандай: «*Эгерде оң колуң сени күнөөгө түртсө, аны кесе чаап, ыргытып жибер. Он эки мүчөң бүт бойдон оттуу көлгө түшкөндөн көрө, мүчөлөрүңдүн биринен гана ажыраганың жакшы*» (Мат 5:30).

Эгерде туура эмес нерсенин күнөө экенине ишенбесек, анда өзүбүзгө эки суроо беришибиз керек: «Ыйык Китепте бул жөнүндө эмне дейт?» жана «Ыйса ушундай кылат беле?»

«Канаандыктардын кудайы» баал «гүлдөп-өнүгүүнүн кудайына» окшош болгон. Ага дээрлик бардыгы табынышкан. Бүгүнкү күндө көпчүлүк адамдар үчүн эң негизгиси көбүрөөк акча табуу. Акча адамдарга бакыт, коопсуздук жана тынчтык алып келет деп ишенишет. Ысрайылдыктар Кудайга да, баалга да табынабыз деп ойлогондой эле, көптөгөн ишенгендер Кудайга да, акчага да табынабыз деп ойлошот.

Матай 6:24тө Ыйса бул тууралуу эмне деди? [4]

## Чакыруу 4



Байлык сүйүүчүлүккө тест. Жашооңуздагы эң маанилүү нерсе эмне?

- Көбүрөөк акча тапкыңыз келгендиктен, жыйындагы жолугушууларды калтырып жатасызбы?
- Жаңы телефон сатып алгыңыз келгендиктен, жыйынга берген ондуктун бир бөлүгүн алып каласызбы?
- Сиз муктаж болгондорго кең пейилсизби?
- Кудай, акчаңызды кандай колдонушуңузду каалайт, сурадыңызбы?

Бул суроолорго берген жоопторунуз сиздин, Кудайга да, акчага да кызмат кылууга аракет кылып жатканыңызды көрсөтөт. Ыйса, бул мүмкүн эмес дейт. Сиз Кудайга да, акчага да кызмат кыла албайсыз.

## **Келишимди бузгандарга үмүт** (30:1–15)

Бата жана каргыш жөнүндө окуурдан мурда, Муса келишимди бузгандарга үмүт берүү үчүн толуктоо киргизди.

Анын бардык эскертүүлөрүнө карабастан, Кудайдын эли Аны калтырып кетээрин билген. Байлыкты сүйүүчүлүккө тест: 4-бөлүмдө көргөнүбүздөй — Кудай укмуштуудай ырайымдын Кудайы: ал күнөөнү соттойт, бирок чындап өкүнгөндөрдү кечирет (30:1–10).

«*Сенин жүрөгүңдү сактайт*»деген эмнени билдирет? [5]

Муса Кудайдын эли Кудайды чындап сүйө турган убакты чыдамсыздык менен күтөт! элчи Пабыл кимдир бирөө өкүнүп, Ыйсага ишенгенде эмне болорун сүрөттөө үчүн «жүрөктүн сүнөтүн» колдонот. Колостуктар 2:11-аятты окунуз.

Биз күнөөнү рак оорусуна кандай карасак, ошондой карашыбыз керек: ал жайылып, бизди өлтүрө электе тезирээк кесип салышыбыз керек! Албетте, бул өтө оор болушу мүмкүн, бирок жашоо үчүн керек!

Биз муктаж болгон нерсени бере турган, жалгыз күчкө ээ болгон Ким (Мыйз. 30:9)? [6]

***Кудай-Теңириң иштериңе ийгилик берет, укум-тукумунду көбөйтөт, малыңдын төлүнө, жериңдин түшүмүнө батасын берет,*** канаандыктар өздөрүнүн кудайы «Баал» дени сак балдарды жана мол түшүм берет деп ишенишкен. Бирок Өз элине «Баал» эмес, мунун баарын Кудай берүүгө күчү бар экенин билишин каалайт.

Адамдар күнөөсү үчүн чын жүрөктөн өкүнгөндө, Кудай эмне кылат (9-аят)? [7]

***Теңир сага да кайрадан кубанат!*** бул дүйнөдөгү эң сонун сөздөр! Алар чындап өкүнгөндөргө кайрылышат. Бул Ыйсанын мисалындагы койчунун кубанычына окшош, ал жоголгон койлорун тапкан (Лк. 15:6–7).

Күнүгө ар бир мүнөт сайын кандай тандоолорду жасашыбыз керек (Мыйз. 30:19–20)? [8]

***Жашоону танда…. Анткени, бул-сенин жашооң…*** Муса Кудайдын элине тандоону сунуш кылат: өмүр менен жакшылыкты, өлүм менен жамандыкты сунуш кылдым (15 аят.). Ушундай жол менен Жакандын Жакшы Кабарында биз Кимде «*жол, чындык жана өмүр» бар болгонду ээрчүүгө чакырылганбыз* (Жак. 14:6). Ыйсага ишенүү менен гана биз түбөлүк өмүргө ээ боло алабыз (Жак. 17:3).

# **4. Бата жана каргыш** (30:16–18)

16–18-аяттарда тил алчаактык үчүн кандай баталар жана тил албастык чүн кандай каргыштар бар? [9]

Бата жана каргыш жөнүндө көбүрөөк маалыматты 11-сабактан тапса болот.

## 5. Күбөлөрдүн акыркы чакырыгы (30:19)

Эски келишимде кудайларды жеңүүчү падыша менен жеңилген элдин ортосундагы келишимге күбө болууга чакыруу менен аяктаган. Албетте, бул келишимде алар бутпарас кудайларды күбө катары чакыра алышкан эмес. Демек, Кудай Өзүнүн жаратылышын күбө катары колдонот.

Нике кыюу аземи, бул эркектин аялга үйлөнгөнүн баарына билдирүү үчүн коомдук иш-чара болуп саналат. Алардын бири келишимди бузган учурда да күбөлөр болушу керек. Ошо сыяктуу эле, Кудай менен Анын элинин ортосундагы бул келишим, эл алдында түзүлгөн. Эгерде Кудайдын эли Кудайга ишенбесе, Кудайдын Өзүнүн жаратуусу анын элине каршы чыгат. Мыйзамдын 28-бөлүмүндөгү каргыштар бул жөнүндө эскерткен (Мыйз. 28:16–19).

Жаңы келишимде элчи Пабыл *«жаратылгандын бардыгынын жок болуу кулдугунан чыгып, Кудайдын балдарынын даңктуу эркиндигине ээ болобуз деген үмүтү бар»* экенин айтат (Рим. 8:21). Кереметтүү, кемчиликсиз жаратуу келе жатат! Бирок ага чейин биз кыйынчылыктарга толгон дүйнөдө жашап жатабыз (Башталыш 3:17–18). Биздин милдет-Кудай бизге азыр берген баалуу жаратууга кам көрүү (Башталыш 2:15)!

## Келишимди жаңыртуу

Ошентип, Кудайдын элинин кийинки мууну, Кудай менен болгон келишимин кантип жаңыртканын көрдүк. Ошо сыяктуу эле, биз бүгүн ишенгендердин балдарына Ыйса менен эл алдында келишим түзүүгө мүмкүнчүлүк беришибиз керек. Муну жыйында кантип жасай аласыз?

### Мыйзамдын кайталоонун ушул эки бөлүмү аркылуу Кудай бүгүн сизге эмне деди?

## Үй тапшырма

Кийинки сабака чейин **Мыйзамды кайталоо 31–32 бөлүмүдү** окунуз.

# Жооптор

1 – Алар жийиркеничтүү.
2 – Ачуу, уулуу өсүмдүк өскөн тамыр.
3 – Алар Кудайдын өкүмүн толугу менен тартышат.
4 – *Эч ким эки кожойунга кызмат кыла албайт. Ал же бирин жек көрүп, экинчисин сүйөт, же бирине берилип, экинчисине көңүл бурбайт. Сиз Кудайга да, байлыкка да кызмат кыла албайсыз.*
5 – Бул Кудай жүрөгүбүздөгү бардык күнөө адаттарды жок кылат дегенди билдирет.
6 – Бизге керектүү нерсени берүү үчүн Теңир гана күчкө ээ.
7 – Ал аларга кайрадан кубанат!
8 – Биз өлүм жолун эмес, өмүр жолун тандашыбыз керек.
9 – Баталар Убада кылынган жерде Кудайдын батасын алып, көбөйүп жашашат. Каргыштар — Убада кылынган жерде жок кылынат жана узак жашай албайт.

## Мыйзамды кайталоо Сабак 13:

# Келечекке көз чаптыруу



31–32-бөлүмдөрдө Муса мурда айткандарынын көбүн кайталайт. Бирок ал муну жаңыча айтып жатат, андыктан эски чындыктар жүрөгүбүзгө жаңы жолдор менен таасир этиши мүмкүн. Бул бөлүмдөр Кудай — биздин ишенимдүү, боорукер жана жеткилең Падыша экенин эсибизге салат; биз Аны оңой эле алдайбыз; бирок Ал Аны менен бузулган мамилебизди калыбына келтирүүнү улантууда. Ошондуктан, ыраазычылыктын белгиси катары, Кудайга болгон сүйүүбүздү көрсөтүү жана Анын Сөзүнө баш ийүү үчүн чогу иштешибиз керек.

## Кудай биз менен

**Мыйзамды кайталоо 31:1–8** окунуз.

Бул бөлүмдө Муса Кудайдын элин, алар менен болбой турган мезгилге даярдоону улантууда.

Муса элди Иордан дарыясы аркылуу Убада кылынган жерге алып барбайт.

Муса 31:3 аятта элге эмне дейт? [1]

Муса, Жашыя алардын жаңы жетекчиси болсо да, чындыгында алардын Падышасы, Жеңилбес Жоокер, Кудайдын Өзү экенин эскертет.

Муса 8-аятта Жашыяга эмне дейт? [2]

Бул кереметтүү келишим Жашыя китебинде Ыйса үчүн (Жаш 1:5) андан кийин жаңы келишимде (Мат. 28:20; Эвр. 13:5) кайталанат! Биздин жетекчилер жана мугалимдер бизди таштап кетиши мүмкүн, бирок Кудай эч качан таштабайт!

## Чакырык 1

Мусанын Кудай жөнүндө айткан баалуу сөздөрүн дайыма эстеп жүрүү керек: «*сени таштабайт, коркпогун жана үрөйүң учпасын!*» (Мыйз. 31:8)?

Эгер сиз жашаган жерде, жумушта же үй-бүлөдө чоң өзгөрүүлөргө туш болуп жатсаңыз, анда ушул маанилүү сөздөрдү эсиңизден чыгарбаңыз. Эгерде биз Кудайды сүйүүгө жана ага баш ийүүгө умтулсак, Ал бизден эч качан алыстабайт жана таштабайт!

Күмөн саноого азгырылган учурлар болду беле?

# Ар бир адам Теңирден коркууну үйрөнүшү керек

**Мыйзамды кайталоо 31:9–13** окунуз.

Муса ошондой эле Кудайдын эли Кудайдын мыйзамдарын билиши керектигин эскертет.

Анын мыйзамын ким угуп, үйрөнүшү керек эле (12–13 аяттар)? [3]

Муса Кудайдын мыйзамдарын жазып, аларды ыйык кызматчыларга жана Ысрайыл аксакалдарына берген. Аларда гана Кудай сөзүнүн үлгүлөрү болгон. Алардын милдети-Кудайдын элине, анын ичинен аялдарга жана балдарга баарын үйрөтүү болчу.

Бүгүнкү күндө көпчүлүк ишенгендер Ыйык Китепти китептен да, телефонунан да өз алдынча окуй алышат.

Бирок кээде ишенгендер балдары менен Ыйык Китепти окушпайт. Балдардын Ыйык Китепти кичинесинен үйрөнүшү абдан маанилүү.

## Чакырык 2

Ата-энелер балдарына Ыйык Китепти окууну күнүмдүк жашоосунда адатка айлантуу. Жыйында балдарга Ыйык Китепти алар түшүнгөн деңгээлде угууга мүмкүнчүлүк бериши керек. Ошондо алар Ыйык Китепти сүйө алышат.

Бул сиздин үйүңүздө жана жыйында болуп жатабы? Эгер андай болбосо, анда балдар Ыйык Китепти окуганды жакшы көрүшү үчүн эмне кылыш керек?

# Биз Аны тез эле унутаарыбызды Кудай билет

**Мыйзамды кайталоо 31:14–29** окунуз.

Аларды куткарып, кам көргөн жана сүт аккан мол жерге алып келген Кудайга ишенимсиз болорун Муса билген (15–29-аяттар).

***«Мен алардан жүзүмдү жашырам»*** (17–18-аят.): бул биздин башыбызга келиши мүмкүн болгон эң жаман нерсе: Кудай Өз жүзүн бизден жашырат. Ыйык кызмат кылуучулар элге бата берип жатканда Кудайдан Анын жүзүнө карата эмне кылууну суранышат? (Сандар 6:24–26) [4]

Жаңы келишим Ыйсаны ээрчигендер, бир күнү Кудайдын жүзүн көрүшөт деген сонун убада берет! (Аян 22:4)

Кудай өз элинен баш тартпаганы кандай керемет! Биз Аны канчалык капа кылсак да, Ага кайтып келүүгө мүмкүнчүлүк берет. Жаны Келишим-чындыгында Жакшы Кабар!

## Чакырык 3

Биз да Кудайды оңой эле алдайбыз. Кудайдан күн сайын күнөөңүздү көрсөтүүсүн суранып жатасызбы? Кудайдан күн сайын жүрөгүңүздү Ыйсанын каны менен тазалоосун суранып жатасызбы?

Жашообузда күнөө менен эч качан элдешпешибиз керек! Бир күнөө оңой эле башка күнөөгө алып келет. Күнөө чоңоюп, бизди Теңирден алыстатпашы үчүн, биз күн сайын тообо кылышыбыз керек.

# Мусанын ыры



Биз окуган 32-бөлүмдөгү ырды Муса элге үйрөткөн. Бул ачуу кайгынын ыры. Бул Кудайдын сүйүктүү элине болгон, аябай каардануусун көрсөтөт. Ал бул ырды келечек муундар ырдап, адамдарды Кудайга болгон ишенбестиктен сакташын каалаган (Мыйз. 31:19).

## Чакырык 4

Ырлар маанилүү чындыктарды жаттоонун жакшы жолу. Алар биздин жүрөгүбүздө жана акылыбызда көпкө калат. Ошондуктан, жолугушууларыбызда бизди чындыкка толтурган, жашообузду өзгөрткөн жана Кудайдын сөздөрүнө дал келген сөздөрдү тандап алышыбыз керек. Жыйындагы ырларды тандап жатканда Ыйык Китептеги сөздөргө дал келерин текшересиздерби?

**32-бөлүмдү** окуп чыгып, Кудай жөнүндө, Анын эли жөнүндө бизге эмнени үйрөтүп жатат көңүл буруңуз.

Муса ысрайылдыктардын Кудай жөнүндө жана анын эли жөнүндөгү эң маанилүү чындыктарды эстешин каалайт.

- **Кудай жөнүндө эмнени билдик? (Бул аяттарды карап чыгыныз 4,6,10–14,16,18,19,21.)** [5]

- **Кудайдын эли жөнүндө эмнени билдик (9–10-аяттар)?** [6]

***Мурастай турган энчиси*** (9-аят): Анткени Теңирдин үлүшү — Өз эли азыр Кудайга таандык. Бир күнү Кудай Өз эли менен түбөлүк кемчиликсиз жана кубанычка толгон мамиледе болот!

Бул кудалашкан кызга окшош. Ага болочок күйөөсү үйлөнгөндөн кийин гана, ага таандык болуп мамиленин толуктугунан кубаныч алат. Аян китебинде Ыйсанын кайтып келиши, Анын үйлөнүү тою катары сүрөттөлөт (Аян 19:7). Ошол сыяктуу эле, мыйзам китебинде Кудай Өзүнүн элине болгон сүйүүсүн кызганат.

***Көзүнүн карегиндей*** (10-аят): карек-денебиздин эң сезимтал бөлүгү, биз аны кандай гана болбосун коргойбуз. Кудай Өз элин башкалардан артык сүйөт жана аларды ар кандай жамандыктан сактайт!

- **Качан Кудайдын эли Андан баш тартууга өзгөчө ийкемдуу болушкан (15-аят)?** [7]

***Алардын жүзүмү Содом менен Амордун жүзүмүнөн*** (32-аят): бул эки бай шаар, алар ушунчалык бузулган эл болгондуктан, Кудай аларды жок кылган, бул тууралуу Башталыш китебинин 19-бөлүмүнөн окуй аласыз. Ысрайылдыктар Кудайга жана Анын мыйзамдарына каршы чыга беришсе, аларды да ушунудай жаза күтүп турат.

- **Адамдар табынган жалган кудайлар жөнүндө эмнени билебиз (17—21-аяттар)?** [8]

Алар эч нерсе кыла алышпайт, анткени алар кылган кереметтуу окуялар жана куткарылуу жок

***Алар жиндерге курмандыктарды чалышты*** (17-аят): ар бир адам бир нерсеге же бирөөгө сыйынат. Бирок адамдар сыйынган нерселеринин артында шайтан өзү турганын түшүнүшпөйт. Шайтан бизди Кудайга сыйынуудан өзүбүзгө сыйынууга алып барганды жакшы көрөт.

- **Кудай өз элинин ишенимсиздигин эмне кылат (20—23-аяттар)?** [9]

***Мен да буларды эл катары эсептелбеген акылсыз адамдар менен капа кылам*** (21-аят): элчи Пабыл бул аятты Римдиктер 10:19да Кудай Ысрайылды четке кагып, бутпарастарды Өз Падышачылыгына кабыл алган. Ысрайыл башка кудайларга табынуу менен Кудайдын кызганычын ойготту. Ошондуктан, Кудай бутпарастарга куткарылууну берип, Ысрайыл элинин кызганычын ойготту. (**Римдиктер 11:11,14** окунуз.)

***Аларга мүшкүл түшүрөм*** (23-аят): Кудай ушундай коркунучтуу иштерди кылууга туура келди. Эгерде ушундай кылбаса, анда Анын элинин ишеними бузулуп, жоголуп кетмек. Кудай Ыбрайымга берген Убадасы жок болуп кетмек. Кудай жөнүндөгү, Анын Келишими, Мыйзамы, Анын жери, Анын эли жана Анын максаты жөнүндөгү чындык, Анын жалгыз Уулу келгенге чейин сакталышы керек болчу (Жакан 3:16).

- **Кудайдын элинин акылмандыгы жөнүндө эмнени билебиз (28-аят)?** [10]

Кудай аларды, көйгөйлөрү аркылуу эмнени үйрөтүп жатканын такыр түшүнүшкөн эмес.

Түшүнбөстүк кенири тараган көйгөй болгондуктан, Байыркы Келишимдеги пайгамбарлар өз элин кой деп көп айтышчу (мисалы: Жашыя 53:6, Жеремия 50:6). Алар акылсыз болгондуктан, башка элдер эмне кылышса, алар да ошону жасашчу. Бирок, Кудайдын Жакшы Койчу болгонун көрөбүз, эгер биз Аны ээрчисек, биз коопсуз болобуз жана Ал бизге кам көрөт (Забур 22).

Бул бизди эн негзги чындыкка алып барат:

- **Кудай эмне кылаары жөнүндө, эмнени билебиз (39–43-аяттардан)?** [11]

Кудайдын элинин күчү кетип калганда (36-аят), Кудай аларга жардамга келип, душмандарын жок кылат (41–42-аят.).

***Ал Өз жерин, Өз элин тазалайт!*** (43-аят): Кудай Өзү алардын күнөөсүн тазалаганы кандай тан калыштуу. Адатта, адамдардын күнөөлөрү тазаланышы үчүн ыйык кызмат кылуучу курмандык чалыш керек болчу (Лебилер 6:7), бул жерде болсо Кудай өзү тазалайт!

Жаңы келишимде бүт дүйнө жүзүнүн күнөөлөрү үчүн Өз Уулун кемчиликсиз, жеткилең ырайым курмандыгы бизди тазалай алаарын билебиз! (1 Жакан 4:10). Эгерде күнөөлөрүбүздү мойнубузга алып «ачык» айтканда гана тазалайт (1 Жакан 1:9).

## Чакырык 5

Күн сайын Кудай ким экенин, сиз ким экениңизди, канчалык күнөөкөр экениңизди жана Жакшы Кабар кандай сонун экенин моюнга аласызбы?

## *Кошумча:* Кудай — биздин Аска

«Аска» сөзү бул ырда, Кудайды 5 жолу сүрөттөө үчүн колдонот (4,15,18,30,31-аят.).



Чөлдө чон ташты элестетип көрсөңүз. Бул сөз Кудай жөнүндө эмнени айтып турат? [12]

Бул — сүрөттөн биз түшүнө турган башка ойлор бар. Кээде таштар тамак берет:

***«Ал таштын арасынан бал чыгарып, таштак топуракта өскөн зайтун дарагынын майы менен азыктандырган»*** (13-аят): жапайы бал аарылар таштын жаракаларына уюк жасашат. Ал эми зайтун дарактары башка дарактар өсө албаган таштак жерлерде өсөт.

Үйдү кумга караганда ташка курган жакшы. Ыйса бул жөнүндө ангеме айткан (Матай 7:24–27).

Демек, «Аска» деген сөз Кудайдын ишенимдүү жана ал бизге кам көрөрүн билдирет. Башка «кудайлар» пайдасыз. Алар бизди коргой албайт, жардам бере албайт же камсыздай албайт. Алар бизге жашообузду курууга бекем пайдубал болуп бербейт. Чындыгында, биз жашообуз жалган кудайларга негизделсе, анда биз өлүп жок болобуз (Матай 7:27).

## Кудай бул сабакта эмнени сүйлөдү?

**Ушул 5 чакырыктын кайсынысы жөнүндө көбүрөөк ойлонуп, сыйынуу керек?**

## Үй тапшырма

Кийинки сабакка чейин **Мыйзамды кайталоо 33–34 бөлүмдөрдү** окунуз.

# Жооптор

1 – *Кудай-Теңириң сенин алдыңда Өзү барат. Ал бул элдерди сенин алдыңан жок кылат, сен аларды кууп чыгасың.*
2 – *«Теңир Өзү сенин алдыңда барат, Өзү сени менен болот, сенден алыстабайт, сени таштабайт, коркпогун жана үрөйүң учпасын».*
3 – *Эркектер, аялдар, балдар жана ошол шаарда жашаган башка элдер.*
4 – *«Теңир Сенин жүзүңө жарык чачсын жана сага ырайым кылсын; Теңир Сага жүзүн буруп, сага тынчтык берсин».*
5 – *Ал Аска* (4-аят)*, Анын иштери жеткилең* (4-аят)*, Анын жолдору — чындык* (4-аят)*, Кудай ишенимдүү, Анда адилетсиздик жок* (4-аят)*; Ал Ата, Жаратуучу жана аларды Тапкан* (6-аят)*; Ал таап алган, аларды коргоп, багып, сактаган* (10-аят)*, Ал балапандарын канатынын үстүндө көтөрүп жүргөн бүркүттөй* (11-аят)*; Ал баккан аларды тойгузган* (13-аят)*, Ал аларды төрөгөн, аларды жараткан* (18-аят)*, Ал кызганчаак жана каарданган* (21-аят).
6 – *Анын эли — Анын — үлүшү, Анын — көзүнүн кареги.*
7 – Адамдар байыган сайын, Кудайга муктаж болбой калышты. Кудай аларды жаратканын, сүйөрүн, куткарганын жана көптөгөн жолдор менен батасын бергенин унутушуп «... *алар жараткан Кудайды таштап кетишти»*.
8 – Булар — жиндер.
9 – *Кудай алардан жүзүн жашырат; Кудай бутпарастарга куткарылууну берип, Ысрайыл элинин кызганычын ойготту ал өз эли эместердин кызганычын ойготот; жана аларга кыйынчылыкты жиберет.*
10 – *Булар акылы жок эл, алардын акылы жок.*
11 – Кудай Өз элин тирилтет, айыктырат, душмандарынан өч алат жана элин Өзү куткарат.
12 – Ал «бороондон» баш калкалоочу жай, күчтүү «ысыктан»көлөкө берет.

Мыйзамды кайталоо Сабак 14:

# Акыркы эскертүү жана бата



33–34-бөлүмдөрдө Мусанын элине берген акыркы эскертүүлөрү жана баталары жөнүндө окуйбуз. Курстун акыркы сабагы аркылуу Теңир сизге кандай эскертүүлөрдү жана баталарды берерин байкаңыз.

33-бөлүмдө Мусанын он эки урууга берген баталарын окуйбуз. Бул Жакыптын он эки уулуна 500 жыл мурун өлөр алдында берген батасына окшош (Башталыш 49:1–27). Муну менен Муса Кудайдын элине Кудайдын акыркы 500 жылдагы келишимине берилгендигин эскертет! Алар Иордан дарыясын Мусасыз кесип өтүшмөк, бирок Кудай жок эмес! Ал Өз элине ишенимдүү бойдон кала берет!

Кырк жыл аралыгында Муса бул урууларды жакшы билген. Аларга эң маанилүү нерселер жөнүндө айтууга акыркы мүмкүнчүлүгү болчу. Убада кылынган жер аларга чоң байлыкка ээ боло турган жер, бирок аларга Руханий коркунучтун жери болчу. Ошондуктан, жакшы койчу сыяктуу, ал дагы бир жолу Өз элине эскертип, баталады

## Муса он эки урууну баталады

**Мыйзамды кайталоо 33-бөлүмдү** окуңуз сиз билбеген ысымдар болсо капаланбаңыз. Сиз ошол жерде болуп, Мусанын акыркы сөздөрүн угуп жатканыңызды элестетиңиз. Сизге көбүрөөк таасир берген сөздөргө жана аяттарга көңүл буруңуз. Бөлүмдү окугандан кийин, аны өз тобуңузда бөлүшүңүз.

Бул, Муса аларга эскерткиси келген айрым чындыктар:

- Кудай Мисирден алып чыккан эли менен келишим түзүү үчүн келди (1–5-аят.). Ушундай эле жол менен, Жаңы Келишимде Кудай Ыйса аркылуу биздин арабызда жашаган (Жакан 1:14).
- Чыр-чатак жана каршылык жашоонун бир бөлүгү (7,11,20,22-аят.).
- Жетекчилер Кудайды жашоосунда биринчи орунга коюп, үлгү көрсөтүшү керек (8–10-аят.).
- Кудай Өз элин коргойт жана кам көрөт (12-аят).
- Рухий түшүм азап-кайгыдан келип чыгат-Жусуп көп жыл кулчулукта, андан кийин түрмөдө отуруп, «жемишке» ээ болгон (13–17-аят.).

- Кубанып, башкаларды Кудайга табынууга чакыргандар Кудайдын эли болот (18–19-аят.).
- Кудай Өзүнө баш ийгендерди сыйлайт — Гат уруусуна Кудай жердин жакшысын бергенден кийин, канаан жеринен берген жерди башка уруулар мурас кылып алышмайынча, алар менен согушууга барган (20–21-аят.) (Бул тууралуу 4-сабактан окудук, сандар 32:16–19).
- Кудай аларга жардамчы болот (23–29-аят.).
- Кудай Өз элине кам көргөн, күчтүү Падыша (26–29-аят.).

Бүгүнкү күндө ушул чындыктардын кайсынысын эстешиниз керек?

## Чакырык 1

Сизди куткарып, кам көргөн Кудайды күн сайын даңктап жатасызбы? Эгер күн сайын даңктабасаңыз, анда күнүмдүк жашооңуздун бир бөлүгүнө айлантууну ойлонуп көрүңүз.

# Мусанын өлүмү



**Мыйзамды кайталоо 34-бөлүмдү** окуңуз.

Муса өлөр алдында, акыркы жолу эмне кылган (1–4-аят.)? [1]

***Тенир ага ал жерди көрсөттү*** (Мыйз. 34:4): Ысрайылдыктардын «жерди көрүүсү», анын ээси болуу кадамдарынын бир бөлүгү болгон (Башталыш 13:14–15-аяттарда). Ыбрайым да жерди көз чаптырып караган. Шайтан Ыйсаны азгыргысы келип, дүйнөдөгү бардык падышачылыктарды көрсөттү (Матай 4:8). Ыйсанын ангемесинде «Бир адам кечкиге чоң дасторкон даярдап, көп конок чакырганын. Алардын бири ага: „*Мен жер сатып алдым эле, аны барып көрүшүм керек*“,» деген (Лука 14:18). Ошентип, Убада кылынган жерди Кудайдын элинин атынан биринчилерден болуп Мусанын көрүүсү өзгөчө сыймык экенин билдирген.

Мусага убада кылынган жерге кирүүгө качан мүмкүнчүлүк берилген (Матай 17:1–3)? [2]

Мусага окшоп, биз түбөлүк убада кылынган жерди (Жаңы Иерусалимди) алыстан карай алабыз, бирок ага азырынча кире албайбыз. Эврейлер китебинде жазылгандай, «*Булардын баары ишенип жүрүп өлүшкөн, убадаланганды алышкан эмес, бирок аны алыстан гана көрүп кубанышкан, алар өздөрүн бул дүйнөдө келгинбиз жана жолоочубуз деп эсептешкен*» (Эвр 11:13).

Элчи Пабыл мындай деп жазган: «*Теңирибиз Ыйса Машайактын Кудайы жана Атасы даңкталсын! Анткени Ал Ыйса Машайакты өлгөндөрдүн арасынан тирилтүү аркылуу бизге тирүү үмүт берүү үчүн, асманда сакталган чирибес, таза, соолугус ураска ээ кылуу үчүн, бизди Өзүнүн улуу ырайымы менен кайрадан төрөлттү. Акыркы убакта айкын көрүнүүгө даяр турган куткарылууга ээ болууңар үчүн, силер ишенимиңер аркылуу Кудайдын күчү менен корголуп турасыңар*» (1 Петир 1:3–5).

Биз мураскорбуз, анткени биз Кудайдын балдарыбыз (Жакан 1:12), бирок биз асмандын бул тарабындабыз, ээликтин бардык артыкчылыктарынан кубана албайбыз. Убада кылынган жерде гана

кубаныч ала алабыз: күнөөсүз жашоо, жеткилен мамилелер, түбөлүк дени сак дене жана чексиз ашып-ташыган өмүр Жаны Иерусалимде болот!

Мусанын Убада кылынган жерди алыстан көрүүсү, биздин бүгүнкү күнүбүзгө кандай окшоштугу бар? [3]

Түбөлүк Убада кылынган жерди ажырагыс кароо үчүн эмне кылсак болот? [4]

***Тенирдин кулу*** (Мыйз. 34:5): Элчилер өздөрүн ушинтип аташкан (мисалы, Рим 1:1; Жак 1:1; 2 Пет 1:1). Ар бир ишенген адам Теңирдин кулу болушу керек. Биз ар дайым Кожоюнубузга кантип жагууну жана Ага атак алып келүү жөнүндө ойлонушубуз керек. Кантип өзүбүздү кубантып, өзүбүздү даңазалайбыз деп ойлонбошубуз керек.

Кулдун милдети эмнеде? [5]

## *Кошумча:* Тенирдин кулу

Ышая китебинде «Теңирдин кулу,»деп аталышы маанилүү. Төмөндөгү аятарда* Ышайа Ысрайылдын Кудайга кайтып келишине мүмкүндүк бере турган Теңирдин Кулу жөнүндө сөз кылат. Ал гана эмес, бул Кул Ага жана элдерге кайтып келүүгө мүмкүнчүлүк берет. Ал адамдардын күнөөлөрүн Өзүнүн өлүмү менен актады (Ыш 3:5–6).

*Ышайа 42:1–9; 49:1–12; 50:4–9; 52:13–53:12

***Анын мүрзөсү кайда экенин эч ким билбейт*** (Мыйз. 34:6): Балким, бул Кудайдын Мусага Убада кылынган жерге киришине, жол бербегенинин дагы бир себеби болгон. Кудай Өз элинин оңой эле туура эмес иштерди жасаарын билген. Муса ысрайылдыктар үчүн эн маанилүү адам болгондуктан, Мусанын мүрзөсүн табынуучу жайга айлантуу оңой эле болмок. Бүгүнкү күндө көптөгөн адамдар «Ыйык адамдардын» мүрзөлөрүнө табынышкандай эле, адамдар ага табынуу жана сыйынуу үчүн барышмак. Демек, Кудай Мусага Убада кылынган жердин сыртында өлүүнү буйруган окшойт, ошондуктан анын кайда коюлганын эч ким билген эмес.

***Теңирди жүзмө-жүз билген*** (Мыйз. 34:10): Кудай менен күн сайын жолугушуу, бардык ишенгендер үчүн күнүмдүк жашоонун көйгөйлөрүн чечүү үчүн зарыл. Бул көбүрөөк жетекчилерге тиешелүү.

## Чакырык 2



Кудай менен күн сайын жолугушасызбы?

Эгер андай болбосо, күн сайын телефонуңузга жана сыналгыңызга канча убакыт коротконуңузду өзүңүздөн сураңыз. Сиз үчүн эмне маанилүү? Билдирүүлөрдү жана социалдык медианы карап чыгуу же Ыйык Китепти окуу?

Кудай менен жакын мамиледе болуу үчүн кандай өзгөрүүлөрдү кылышыныз керек?

***Эч ким мындай улуу күчтү көрсөткөн эмес Муса ал улуу иштерди, зор кереметтерди бүткүл Ысрайыл элинин көз алдында көрсөткөн*** (Мыйз. 34:12): Мыйзамды кайталоо китеби негизинен Мусанын сөздөрү. Бирок кийинчерээк башка бирөө аларды ирээттеп, бүгүнкү күнү биз көрүп турган китепке айландырды. Ошондуктан биз «Мен айттым» деп эмес, «Муса айтты...»деп окуйбуз. Бул китептин аягында Мусанын өлүмү жөнүндө окуйбуз. Редактор Муса өлгөндөн көп убакыт өткөндөн кийин жашаган. Кудай Мусаны шыктандыргандай эле, бул китепти редакциялаган адамды да шыктандырганын билебиз. Редактор Израилдин тарыхына көз чаптырып, көптөгөн пайгамбарлардын келип-кеткенин көргөн. Бирок эч ким Мусадай улуу болгон эмес.

Теңирдин Улуу кызматчысы катары Мусанын ийгилигине эмне себеп болгон? Муса эмне жөнүндө сыйынган (Чыгуу 33:13)? [6]

Мусага өмүр бою түрткү болгон нерсе

- Кудайдын жолдорун үйрөнүү,
- Кудайды таану,
- Кудайдын ырайымын табуу.

Күн сайын жасап жаткан иштериңизди эмне менен салыштырууга болот?

## Чакыруу 3

Сизге эмне түрткү берет?

Бул шыктандыруудан кандай натыйжаларды көрүп жатасыз?

Тенирдин кемчиликсиз кызматчылары болуу үчүн, кандай өзгөрүүлөрдү кылгыныз келет. Тенир сиздин кандай болушуңузга чакырып жатат?

Муса Кудайдын элин кулчулуктан Убада кылынган жердин четине алып чыгып эле койбостон, Кудайдын эли үч жарым миң жылдан бери окуп келе жаткан Кудайдын сөздөрүн жазды!

Ыйык Китептин, Байыркы Келишимдеги алгачкы беш китебинин сөздөрү Мусага Кудайдын шыктандыруусу менен келген. Кудайды жана анын ким экендигин түшүнүү биз үчүн чоң мааниге ээ. Кудайдын элинин бардык текеберлигине карабастан, Кудай ишенимдүү бойдон кала берди. Ал азыр да, Өз максатына жетүү үчүн иштеп жатат: буларды алыш үчүн.

- ыйык эл (Аян 20:6),
- ар бир уруудан (Аян 7:9),
- Түбөлүк Убада кылынган жерде коопсуздук, тынчтык жана ашып-ташыган өмүрдө жашагандар (Аян 22:1),
- Падышалардын Падышасынын мээримдүү башкаруусу астында жашагандар! (Аян 19:16)

## Чакырык 4



Кудайдын ар бир улуттан адамдарды куткаруу ишине кошулуу үчүн эмне кылып жатасыз?

## Бүгүнку сабак аркылуу Кудай сизге эмне деди?

# Жооптор

1 – Ал Убада кылынган жердин баарын көрүү үчүн тоого чыкты.
2 – Тоодо Петир, Жакып жана Жакандын көз алдында Ыйсанын өзгөрлүшү.
3 – Түбөлүк Убада кылынган жерди алыстан карай алабыз, бирок ага азырынча кире албайбыз. Биз мураскорлорбуз, бирок асмандын бул тарабындагы мурасыбыздын бардык артыкчылыктарын колдонбойбуз.
4 – Кудайдын Сөзүн окуп, ой жүгүртүп, Ыйсаны кантип ээрчүү керектиги жөнүндө көбүрөөк билүү үчүн башка ишенгендер менен жолугуп, биз Түбөлүк Убада кылынган жерге көз чаптырабыз.
5 – Кулдун милдети-кожойунуна жагуу жана баш ийүү.
6 – *Эгер ошондой болсо, анда мени таанып-билүү жана мындан ары да Сизден ырайым табуу жолдорун үйрөтүңүз. Эсте: бул адамдар — Сенин элиң.*

# Куттуктайбыз!
# Сиз Мыйзамды кайталоо сабагын бүттүңүз

Бул улуу китептен биз Кудуреттүү Кудай жөнүндө көбүрөөк биле алабыз — анын таасирин Ыйык Китептеги башка китептерден көрүүгө болот! Бул сабак китепке жана, албетте, Кудайдын өзүнө болгон сүйүүнү өрчүтүүгө жардам берүү үчүн иштелип чыккан!

**Бул сабактарды ким менен бөлүшө аласыз?**

# Мазмуну


| | | |
|---|---|---|
| **Мыйзамды кайталоо Сабак 1:** | Пайгамбар жана убада . . . . . . . . . . . . . | 5 |
| **Мыйзамды кайталоо Сабак 2:** | Жетекчилер жана жолдоочулар . . . . . . . | 14 |
| **Мыйзамды кайталоо Сабак 3:** | Биримдик жана Жаны жетекчилик . . . . . | 22 |
| **Мыйзамды кайталоо Сабак 4:** | Өмүрдү танда . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . | 28 |
| **Мыйзамды кайталоо Сабак 5:** | Кудайдын соту жана ырайымы . . . . . . . . | 34 |
| **Мыйзамды кайталоо Сабак 6:** | Он Осуят (бөлүк 1) . . . . . . . . . . . . . . . . | 41 |
| **Мыйзамды кайталоо Сабак 7:** | Он Осуят (бөлүк 2) . . . . . . . . . . . . . . . . | 48 |
| **Мыйзамды кайталоо Сабак 8:** | Сенин Кудай Тениринди сүй . . . . . . . . . . | 55 |
| **Мыйзамды кайталоо Сабак 9:** | Жерди ээлөө . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . | 62 |
| **Мыйзамды кайталоо Сабак 10:** | Кудайдын мыйзамдары . . . . . . . . . . . . . . | 70 |
| **Мыйзамды кайталоо Сабак 11:** | Бата жана каргыш . . . . . . . . . . . . . . . . . | 78 |
| **Мыйзамды кайталоо Сабак 12:** | Келишимди жаңыртуу . . . . . . . . . . . . . . . | 85 |
| **Мыйзамды кайталоо Сабак 13:** | Келечекке көз чаптыруу . . . . . . . . . . . . . | 91 |
| **Мыйзамды кайталоо Сабак 14:** | Акыркы эскертүү жана бата . . . . . . . . . . | 97 |

14 сабактан турган бул курс сизди Мыйзамды кайталоо китеби аркылуу жетектейт. Мыйзамды кайталоо Эски Келишимдин жана Жаңы Келишимдин калган бөлүгүн түшүнүү үчүн негиз болуп саналат. Бул китептеги кабар Байыркы Келишимдеги ысрайылдыктар үчүн гана эмес, бүгүнкү күндө баарыбыз үчүн болгон. Бул сабак атайын Борбор Азиядагы ишенүүчүлөрдүн чакан топтору биргелешип изилдөө үчүн иштелип чыккан. Ар бир сабак көптөгөн суроолорду камтыйт жана жооптор ар бир сабактын аягында болот. Кудай Ким экенин жана бул Китепти изилдеп жатканда, Ал биз үчүн эмне кылганын түшүнүүңүздү терендетсин!

KY